КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

Д.10.13.012 Ведомстволор аралык Диссертациялык кеңеш

Усупова Мырзагүл

Калим Рахматуллин – “Манас” изилдөөчү

Адистиги: 10.01.09. - фольклористика

Илимий жетекчи

Филология илимдеринин доктору,

профессор Байгазиев С.О.

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

Бишкек – 2018

Мазмуну

КИРИШҮҮ 3
I. ГЛАВА. КАЛИМ РАХМАТУЛЛИНДИН «УЛУУ ПАТРИОТ, УКМУШТУУ«МАНАС» АТТУУ ЭМГЕГИНИН ИЛИМИЙ, ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ ЖАНА ПАТРИОТТУК МААНИСИ 10
ТЫЯНАК.....42
II. ГЛАВА: КАЛИМ РАХМАТУЛЛИНДИН "МАНАСЧЫЛАР ЭМГЕГИ" КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МАНАС ТААНУУ ИЛИМИНИН БАШАТЫ КАТАРЫ. 44
§ 1. Манасчылардын өмүр баянын изилдөөдөгү К.Рахматуллиндин ролу 44
§ 2. Манасчылардын “Түш көрүүсү” жөнүндөгү маселени Калим Рахматуллиндин чечмелеши 55
§ 3. К.Рахматуллиндин “Манастын” варианттарынын сюжетин тарыхта биринчи жолу салыштырышы жана окумуштуунун манасчылык өнөрдү үйрөнүүдө салттуулуктун ролун тастыкташы 66
III. ГЛАВА: МАНАС ЭПОСУНУН ДРАМАТУРГИЯЛЫК ИНТЕРПРЕТАЦИЯСЫ ЖАНА КЫРГЫЗ АКЫН, ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНА ФОЛЬКЛОРИСТТИН КӨЗ КАРАШТАРЫ 73
§1. Манас менен Алмамбет драмасынын идеялык көркөмдү өзгөчөлүгү 73
§2. Молдогазы Токобаевдин чыгармачылыгынын чечмелениши.....101
§3. Аалы Токомбаевдин чыгармачылыгына К.Рахматуллиндин баасы 103
§4. К. Баялиновдун «Ажар» повестинин иликтениши 107
§5. Т.Сыдыкбековдун чыгармачылыгы К.Рахматуллиндин интерпретациясында 112
§6. Ж.Турусбековдун чыгармачылыгынын бааланышы.....118
§7. К. Маликовдун чыгармалары К.Рахматуллиндин талдоосунда 122
§8. Жоомарт Бөкөнбаевдин чыгармачылыгына адабиятчынын көз карашы.....129
§9. Касымаалы Жантөшөвдин чыгармачылыгынын изилдениши 134
§10. Мукай Элебаевдин чыгармачылыгына карата окумуштуунун илимий ой-пикирлери 140
ТЫЯНАК.....143
ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ.....146
ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:.....150

Киришүү

Изилдөөнүн актуалдуулугу:

Соңку убактарда кыргыз адабият таануу илими тарыхый эстутум категориясы менен көбүрөөк ой жүгүртүп, улуттук адабиятыбыздын тарыхындагы «ак тактарды» толуктап, олуттуу илимий изилдөөлөрдү жаратып, калыбына келтирүү иштерин жүргүзүүдө. Эгемендүүлүк мезгилинде 20-кылымдын 20-40-жылдарында жашап, эмгектенип улуттук сын жана адабият таануусунун, фольклористиканын түптөлүшүнө өздөрүнүн алгачкы баалуу, тарыхый салымдарын кошушкан туңгуч интеллигенттер Ташым Байжиев, Тазабек Саманчин, Токчоро Жолдошов, Зияш Бектенов сыяктуу кезегинде саясий айып тагылып, мурастары «унуткарылган» инсандардын өмүрү жана илимий чыгармачылыгы жөнүндө изилдөөлөр жазылып, диссертациялар корголду. Ушул инсандардын катарында 30-жылдарда жана 40-жылдардын биринчи жарымында адабий-илимий турмушка активдүү катышып, манастаануунун жана сын, адабият таануунун алгачкы кыштарын коюшуп, маданий тарыхыбызга омоктуу из калтырган туңгуч окумуштуулардын бири – Калим Рахматуллин болуп эсептелет. Анын өмүрү жана ишмердиги Кыргызстанда социализмди куруунун тарыхы, айрыкча маданий майдандын тарыхы менен тыгыз байланышкан. К.Рахматуллин 1921-1924-жылдары Кызыл Армиянын кызматын өтөп келгенден кийин Токмок, Нарын шаарларынын партиялык органдарында, 1925-1935-жылдар аралыгында «Кызыл Кыргызстан» газетасында жооптуу редактор, 1935-жылдан кийин «Кыргызстан» мамлекеттик басмасында директор, Кыргыз педагогика институтунда кыргыз адабият кафедрасынын жетекчиси, 1941-1946-жылдары Кырмамбастын бөлүм башчысы, СССР илимдер Академиясынын филиалы - Тил, адабият жана тарых институтунда улук илимий кызматкер болуп эмгектенген. Ал кыргыз адабий илиминин тарыхында биринчи болуп жаралган (1943) «Кыргыз адабиятынын очерктери» аттуу коллективдүү эмгектин негизги авторлорунун бири. Бул 40-жылдарда жогорку окуу жайында студенттердин өзүнчө бир окуу китеби

болгон. 1920-40-жылдарда К.Рахматуллин «Сынчыларга жооп» (1927), «Кыргыз адабияты өсүүдө» (1936), «Кыргыз совет адабиятынын келип чыгышы» (1941), «Кыргыз прозаиктери» (1944), «Кыргыз адабиятындагы патриоттуулук идеясы» (1945) деген сыяктуу обзордук, жалпылоочу мүнөздөгү макалалары менен К.Рахматуллин кыйла масштабдуу ойлонуп, адабий процессти маданий-тарыхый, идеологиялык контексте карай билүү жөндөмүн жана адабий чыгармаларды саясий категориялар менен гана эмес, көркөмдүк категориялар менен карап, талдай билерлигин, жөндөмдүү адабиятчы экендигин айкындай алган. 1987-жылы жарык көргөн «Кыргыз совет адабиятынын тарыхында (I том) «К.Рахматуллиндин макалаларында кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн жана сынчыл ой-пикиринин өнүгүү жолу, андагы маданий-эстетикалык факторлор, алардын мүнөзү туурасында жалпыланган тарыхый-адабияттык ойлор айтылат» деп туура белгиленсе [52, 487], дагы бир коллективдүү фундаменталдуу «тарыхта» К.Рахматуллиндин эмгектери жеке чыгармачылык ийгилиги эле эмес, жалпы кыргыз адабият сынынын илимий-теориялык жактан калыптануусунун активдешкен абалынын бир далили катары көрүнгөн. Анткени эмгектери кыргыз адабиятынын актуалдуу проблемаларын аркалап, аны тарыхый-илимий мүнөздө ачып берүүгө иштиктүү аракеттер жасалган» - деп акыйкат жазылган [49, 206].

1940-жылдардын биринчи жарымында К.Рахматуллин манастаануу багытында айрыкча жигердүүлүк менен эмгектенип, «Манасчылар» (1942), «Улуу патриот, укмуштуу Манас» (1943), «Мекен үчүн аттанган кыргыз эли» (1943), «Великий патриот-легендарный Манас» (1943), «Манастын кайсыл кылымда болгону тууралуу» (1941) деген сыяктуу улуу эпостун изилдениш тарыхында маанилүү эмгектерден болуп калган мурастарды калтырган. К.Рахматуллин «Манас» жана анын варианттары, манасчылар проблемасына арналган алгачкы илимий диссертациянын автору болуп эсептелет. 1946-жылдагы «Звезда», «Ленинград» жөнүндөгү КПСС БКнын белгилүү токтомунун кийинки саясий репрессияга диндик мотивдер күчтүү делген С.

Орозбаковдун вариантын даңазалагандыгы үчүн К.Рахматуллин да кабылышы мүмкүн эле. Ал 1946-жылы оорудан көз жумган. Көзү өткөндөн кийин эмгектеринин кайра басылбай калышына КПСС БКнын жогорудагы идеологиялык токтомунун таасири тийген деп айтышка болот. Социалисттик эмгектин баатыры Аалы Токомбаев Калим Рахматуллиндин кыргыз адабиятындагы, маданиятындагы, илимдеги мааниси, орду жөнүндө мындай деп жазган: «Калим Рахматуллин көп кырдуу таланты менен кимди болсо да суктандырат. Ал адабиятта биринчи сынчы, биринчи котормочу, биринчи журналисттерден болсо, илимде да ошондой эле. «Манас» эпосун изилдөөнү биринчилерден болуп баштаган. Анын толгон макалаларын санабаганда да, «Манасчылар», «Улуу патриот, укмуштуу Манас» деген эмгектери, ошондой эле «Манастын» сюжетине байланыштуу жыйнаган илимий фактылары анын арымдуулугун, келечекке кенен карагандыгын айкындайт. Анын эмгектери «Манасты» иликтеп, үйрөнүүнүн алгачкысы жана өз учурундагылардын ирилеринен. «Манасты» изилдөөчүлөр үчүн анын илимий эмгектериндеги пайдалуу данектер үрөндүк күчүн жогото элек. Өкүнүч! Калимдин окумуштуулук, изилдөөчүлүк элеси илимпоздордун эмгектеринде анча ачылбай, тилчилер тарабынан да элес алынбай бараткан сыяктуу» [82, 38-41].

Буга чейин Калим Рахматуллиндин өмүрү жана ишмердиги «Кыргыз совет адабиятынын тарыхтарында», «Кыргыз адабият таануу илиминин жана сынынын тарыхында» (2004), ошондой эле кээ бир диссертациялык изилдөөлөрдө (К.Байжигитов) жалпы обзордук мүнөздө гана, же болбосо тигил же бул маселеге тиешелүүлүгү боюнча (С.Мусаев – «Тандалган илимий эмгектеринин эки томдугу», Р.Кыдырбаева – «Мезгилдер, муундар жана манасчы», К.Дуатов – «Элдик сынчыл ойлордон эстетикага») учкай талдоого алынып келгени болбосо, атайын системалуу түрдө изилдөөгө алынбай келе жатат. Кыргыз адабий илиминин тарыхында эч бир нерсе «ак так» бойдон кала берүүгө тийиш эмес. Маданий тарыхыбызга өз изин түшүргөн инсандарыбыздын ар биринин индивидуалдуу салымы жана орду аныкталмайын улуттук адабият таануунун системалуу, объективдүү тарыхын

түзүү кыйын. Мына ушуга байланыштуу Калим Рахматуллиндин (1903-1946) адабий илимибиздин башталуу, түптөлүү процессиндеги ордун жана ролун илимий жактан аныктап ачуу, чечмелөө, анын мурастарынын маани-мазмунун интерпретациялоо бүгүнкү адабият таануубуздун актуалдуу маселеси болуп саналат.

Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илим-изилдөө иштери менен байланышы: Диссертациянын темасы УИАнын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун илим-изилдөө иштеринин тематикасы менен тыгыз байланышкан.

Изилдөөнүн максаты: 20-кылымдын 30-40-жылдарында адабият таануу жана манастаануу илиминин түптөлүшүндө өзүнүн активдүү илимий-маданий ишмердиги менен жигердүү роль ойногон, бирок бүгүнкү күндө унутта калтырылган туңгуч изилдөөчүлөрдүн бири Калим Рахматуллиндин илимий-чыгармачылык индивидуалдуулугун ачуу жана мезгилдин тарыхый-адабий процессинин проблемаларын изилдөөгө кошкон салымын, улуттук адабият илиминин, манастаануунун башатындагы ордун аныктоо.

Изилдөөнүн милдеттери: XX кылымдын 40-жылдарынын биринчи жарымында китептер, макалалар түрүндө жарык көрүп, бирок ошо бойдон кайрадан басылбай, мезгилдин катмарларында кала берген К.Рахматуллиндин эмгектери менен терең таанышуу жана алардын маани-мазмунун ачуу;

- окумуштуунун «Манас» изилдөөчү катары өзгөчөлүктөрүн ачуу, манастаануу илиминин түптөлүшүнө, башталышына кошкон салымын иликтөө, «Манастын» фольклористикалык проблемаларын изилдөө деңгээлин, 40-жылдарда манастаануучу катары ойногон ролун, эпостун патриоттук нарктарын үгүттөөдөгү жарандык-окумуштуулук эмгегин аныктоо;

- Калим Рахматуллиндин адабий-илимий, «Манас» изилдөөчүлүк ишмердигине өз мезгилинин социалдык-маданий, идеологиялык контекстинен карап баа берүү.

- Калим Рахматуллиндин өзүнчөлүү жүзүн, почеркин, чыгармаларды талдоого карата колдонгон методологиясын, методдорун, адабий-эстетикалык көз караштарын аныктоо, көркөм кубулуштарды интерпретациялоо бөтөнчөлүгүн, деңгээлин ачуу;

- “Манас менен Алманбет” драмасынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүн аныктоо.

Изилдөөнүн жаңылыгы: Диссертациянын жаңылыгы адабият таануу илиминде алгач жолу Калим Рахматуллиндин илимий-чыгармачылык ишмердиги системалуу түрдө изилденип, анын мезгил катмарында жарык көргөн боюнча кала берген эмгектеринин аналитикалык талдоого алынгандыгында жана туңгуч окумуштуунун жекече өзгөчөлүгүнүн, адабият таанууга жана манастаанууга кошкон салымынын, адабий илимдин тарыхындагы ролунун, ордунун ачылып берилгендигинде. Конкреттүү айтканда, Калим Рахматуллиндин туңгуч окумуштуу катары төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү ачылды:

- изилдөөчү «Манастын» сюжетин кыргыз элинин башынан өткөн тарыхы менен байланыштырып чечмелеген;

- Биринчи жолу «Манас» эпосунун борбордук образдарынын: Манастын, Бакайдын, Кошойдун, Каныкейдин руханий, адептик, патриоттук менталитетин кеңири талдаган;

- Манасчылардын «түш көрүү» маселесин илимий-материалисттик нукта интерпретациялаган;

- «Манас» эпосунун мекенчилдик идеяларын Ата Мекендик улуу согуш учурундагы патриоттук милдеттер менен бирдикте караган жана окумуштуу өз мезгилинде улуу эпостун жалындуу үгүтчүсү болуп, залкар мурастын этикалык баалуулуктарын изилдөөдө жана даңазалоодо чоң роль ойногон.

- илимий-теориялык, тарыхый маданий, адабий-эстетикалык даярдыгы, кругозору жагынан өз замандаштарына кыйла эле озук деңгээлде тургандыгы;

- кээде карманган көз карашында, позициясында бир жактуулук болсо да, 20-30-жылдардагы профессионал кыргыз адабиятын, анын көрүнүктүү өкүлдөрү болгон Аалы Токомбаевдин, Касымалы Баялиновдун, Молдогазы Токобаевдин, Касымалы Жантөшевдин, Түгөлбай Сыдыкбековдун, Кубанычбек Маликовдун, Мукай Элебеавдин, Жоомарт Бөкөнбаевдин, Жусуп Турусбековдун чыгармачылыгына, алардын ыр, аңгеме, роман, повестеринин жанрдык, тематикалык, көркөмдүк-идеялык өзгөчөлүктөрүнө, ийгилик-кемчиликтерине негизинен объективдүү баа берген;

- чыгармаларга баа берүүдө идеялык критерийлер менен көркөмдүк критерийлерди чогуу колдонууга, идеологиялык категориялар менен бирге эстетикалык категориялар менен талдоо жүргүзүүгө умтулган;

- акын-жазуучулардын өмүр баянын, чыгармаларынын сюжеттик-тематикалык өзгөчөлүктөрүн социалдык-тарыхый шарттардын жана мезгилдин саясий-идеологиялык талаптарынын контекстинен карап түшүндүрөт;

- Кыргыз профессионал адабиятынын өнүгүшүнүн негизги үч булагы – «Манас» баштаган улуттук фольклор, акындар поэзиясы жана орус адабиятынын тарыхый-адабий тажрыйбасы, ошондой эле, Октябрь революциясынын түзгөн социалдык шарттары болгондугун ачып көрсөткөн. К.Жантөшевдин «Каныбек» романынын «жомоктук» стилин окумуштуу ошол кезде эле туура аныктаган;

- Калим Рахматуллин кээде чыгармаларды талдоодо көркөм-түзүмдөрдүн идеялык-тематикалык, идеологиялык аспектилери менен чектелип, көркөм форма маселесин көлөкөдө калтырган учурлары бар;

- Адабий-эстетикалык көз караштары жагынан көркөмдүк чен-өлчөмдөр менен катар эле ал өз доорунун уулу катары лениндик пролетардык, таптык-идеологиялык критерийлер менен куралданган;

- К.Рахматуллин 19-20-кылымдагы манасчылардын биринчи биографы болгон. Анын манасчылар жөнүндөгү биографиялык материалдарынын уникалдуулугу манасчылардын өз замандаштарынын айтып берүүсү жана

көзү өтүп кеткен манасчылардын өздөрүнүн айтуусу боюнча жазылып алынгандыгында;

- Адабий илимде биринчи жолу “Манас менен Алманбет” драмасынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү, К.Рахматуллиндин драматургиялык чеберчилиги ачылып берилди.

Кыскасы, К.Рахматуллиндин жана манастаануучу адабият таануучу катары илимий бейнесинин тартылышы – изилдөөнүн жаңылыгы болуп эсептелет.

Изилдөөнүн методологиялык негизи: Изилдөө ишинин негизги инструментарийи катары өзгөчөлүктөрүнүн илимий жактан ачылышы, тарыхый методологиясы, адабият таануунун жана Манастаануунун классиктеринин эмгектериндеги илимий-теориялык жоболор колдонулду.

Изилдөөнүн практикалык мааниси: Диссертациянын илимий жыйынтыктары жогорку окуу жайларынын филология факультеттериндеги адабият таануунун жана манастаануунун тарыхы боюнча атайын курстарда, адабият таануунун, манастаануунун тарыхы жөнүндөгү окуу китептерин түзүүдө пайдаланылмакчы.

I. Глава. Калим Рахматуллиндин «Улуу патриот, укмуштуу«Манас» аттуу эмгегинин илимий, тарыхый-маданий жана патриоттук мааниси

Калим Рахматуллиндин «Улуу патриот, укмуштуу «Манас» (Кыргызмамбас, 1942-ж.) аттуу тарыхый эмгегинин жаралыш фактысына өз мезгилинин социалдык саясий, тарыхый-маданий жана идеологиялык контекстинен кароонун зарылдыгы бар. 1942-жыл Улуу Ата Мекендик согуштун кызуу жүрүп жаткан мезгили болучу. Ошол катаал кырдаалда Советтер Союзу өзүнүн бүткүл материалдык-экономикалык, согуштук күч-кубатын, бүткүл моралдык, маданий, патриоттук ресурстарын каардуу фашисттик душманга каршы багыттап, немецтик баскынчыларды социалисттик мекенден сүрүп чыгарууга жана жеңүүгө багыттап турган эле. Согуш башталган күндөн тартып эле көп улуттуу өлкөнүн бийлиги биринчи кезекте, элдин рухий-патриоттук күч-кубатын идеологиялык жактан жеңишке мобилизациялоого көңүл бурган. Бул жагынан 1941-жылы 3-июлда Совет мамлекетинин жетекчиси И.В.Сталиндин сүйлөгөн төмөнкү тарыхый сөзү мүнөздүү: «Баарыдан мурда биздин адамдар, совет адамдары өлкөбүздүн кандай чоң коркунучка учурап отургандыгын түшүнүүлөрү зарыл жана согушка чейинки убакытта абдан түшүнүктүү болуп, бирок азыркы убакта, согуш авалды түп-тамырынан бери өзгөрткөн кезде, эң зыяндуу болгон көңүлчөктүктү, кенебестикти, тынчтык курулуш пикирин таштоолору зарыл. Душман райымсыз жана ташбоор. Ал биздин таман акы-маңдай терибиз менен сугарылган жерлерибизди басып алууну, биздин эмгегибиз менен табылган эгинибизди жана нефтибизди басып алууну көздөп отурат. Ал помещиктердин бийлигин кайра орнотууну, орустардын, украиндардын, белорусстардын, литвалыктардын, латыштардын, эстондуктардын, өзбектердин, татарлардын, молдовандардын, грузиндердин, армяндардын, азербайжандардын, Советтер Союзундагы жана башка эркин элдердин улуттук маданиятын жана улуттук мамлекетин кыйратууну, аларды немецтештирүүнү, аларды немец князьдарына жана барондоруна кул кылып берүүнү көздөп отурат. Ошентип, сөз Совет мамлекетинин өмүрү же өлүмү

жөнүндө болуп олтурат – сөз Советтер Союзунун элдеринин эркин бойдон калышы же кулдукка түшүшү жөнүндө болуп отурат. Совет адамдары муну түшүнүп, камырабастыкты таштоолору керек, алар өздөрүн мобилизация кылып, өздөрүнүн бардык ишин душманды аёо дегенди билбеген жаңы согуштук түргө салып, кайра куруулары керек. Совет элин Александр Невский, Дмитрий Донской, Кузьма Минин, Александр Суворов, Михаил Кутузов сыяктуу ата-бабалардын баатырдык образдары шыктандырсын» [63]

И.В.Сталиндин ушул тарыхый сөзүнүн духун, саясий мазмунун массага жеткиликтүү кылып түшүндүрүү, айрыкча жол башчынын сөзүндөгү Александр Невскийдин, Дмитрий Донскойдун, Кузьма Мининдин, Александр Суворовдун, Михаил Кутузовдун баатырдык образдарына шыктануу жөнүндөгү чакырыгын өзүнчө бир идеологияга айландыруу үчүн мамлекеттин бүтүндөй бир үгүт-насыят машинасы ишке киришкен. Ушул контекстен караганда, ошол кездеги Совет өкмөтүнүн жетекчилеринин бири Михаил Калининдин советтик массага, интеллигенцияга кайрылган мына бул сөздөрүнүн кандай идеологиялык булактан азыктангандыгы айкын-ачык болуп чыга келет: «Ар бир адам, ошонун ичинде орустар да өз улуту менен сыймыктанат, сыймыктанбоо мүмкүн да эмес, анткени ал өз элинин баласы. Ушул нерсе абдан чоң мааниге ээ жана агитация ишинде аны дайыма эске тутуу керек. Биздин адамдарда совет патриотизмин, улуттук сыймыкты тарбиялагыла, ар бир жоокерге анын элиндеги баатыр ата-бабаларын, анын укмуш эпосун, адабиятын, улуу адамдардын – жетекчилерин жана полководецтерин калк массасын азат кылуу үчүн күрөшчүлөрүн эстетип тургула» [33, 106]. Мына ушундай патриоттук идеологиянын чакырыктарынан кийин Россия федерациясынын жана союздук республикалардын сахналарында А.Н.Толстойдун «Иван Грозный», О.Литовскийдин «Александр Невский», И.Луковскийдин «Адмирал Нахимов», М.Ауэзовдун «Каракыпчак Кобыланды», Ш.Хусаиновдун «Амангелди», Уйгун менен И.Султановдун «Алишер Новаи», Х.Алимжандын «Муканна», Самед Вургундун «Вагиф» аттуу тарыхый жана

фольклордук темадагы драмалык чыгармалар коюлуп, өзүнчө бир сенсацияны жаратып, андан ары театрлар тарых темасына жапырт кызыгып, бул багыттагы пьесаларды үстөкө-босток коё башташкан.

Мындай жалпы агымдын шары менен «Согушуп жаткан элди тарыхтын баатырдык салттарында тарбиялоонун зарылдыгына учурунда Кыргызстан өкмөтү бөтөнчө көңүл бөлгөн. Кыргызстан БКнын жана республиканын өкмөтүнүн демилгеси менен Жоомарт Бөкөнбаев баш болгон чыгармачыл топ түзүлүп, аларга «Манастын уулу Семетей» деген көркөм фильм тартууга атайы тапшырма берилген. Борбордук Комитеттин мындай кадамы драматургияда элдик мурастарга кызыгуунун күчөшүнө кошумча стимул берген. Согуш учурунда адабиятыбызда К.Жантөшевдин «Курманбек», К.Маликов менен А.Куттубаевдин «Жаңыл», Т.Сыдыкбеков менен К.Рахматуллиндин «Манас менен Алмамбет» драмалары, А.Токомбаев менен К.Маликовдун «Манас», К.Маликовдун «Сейтек» либероттолору сыяктуу чыгармалар жаралып чыга келген. Бул чыгармалар согуш мезгилинде элдин патриоттук ой-сезимин ойготууда маанилүү роль ойногон.

Мына ушул тарыхый контекстке салып карасак, Калим Рахматтуллиндин «Улуу патриот, укмуштуу Манас» эмгеги, ушул эле эмгектин 1942-жылы Фрунзе «Кыргызмамбастан» жарык көргөн «Великий патриот, легендарный Манас» наамындагы орусча котормосу дал ушундай бүткүл өлкөнү каптаган патриоттук көтөрүлүүнүн шарттарында жана аскердик – идеологиялык атмосферада, ата-бабалардын баатырдык өрнөктөрүнүн мисалында элдин духун чыңдоо жөнүндөгү учурдун социалдык заказынын талабы менен жаралып, жарыкка чыккан десек жаңылышпайбыз. Улуту боюнча татар болсо да, Калим Рахматуллиндин өзүн кыргыз элинин патриоту катары сезип, баатыр Манасты даңазалаган, бийик патриоттук мазмунга толгон эмгегин жазып, калайык-калктын мекенчилдик духун көтөрүп, атуулдук – граждандык активдүүлүктүн өрнөгүн көрсөткөндүгүнө бүгүн урмат менен карабай коё албайбыз.

«Улуу патриот, укмуштуу Манас» китеби – Калим Рахматуллиндин кыргыз элине болгон чын жүрөктөн чыккан урмат-сүйүүсүнүн, интернационалдык терең маданиятынын, ак калпак элдин өтүмүш-тарыхына, өткөндөгү өмүр-таржымалына сый-урмат, кадырлоо, сыймыктануу менен мамиле этишинин көрсөткүчү десек болот. Буга чейин айрыкча Октябрь төңкөрүшүнө дейре бөлөк, чоочун элдердин интеллигенция өкүлдөрүнүн кыргыздарды «дикокаменый» деп атап, жергиликтүү «оборигендер» катары мамиле жасап, эл-журтубуздун өткөн тарыхына эзилген караңгы кул-кутандардын тарыхы катары колун шилтеп, кыргыздарды цивилизациялуу жашоого, прогресске татыксыз жана жоголуп-жоюлуп кетүүнүн алдында турган бечара этнос катары санаган терс көз караштарына көбүрөөк күбө болуп келгенбиз. Маселен, Октябрь революциясына чейин кыргыз жергесиндеги медреселердин биринде сабак берген татар мугалими А.Габдельманов кыргыздар жөнүндө минтип жазган: «Кыргыздар жазуусу, тамгасы жок, тарыхы жок калк. Кайсы заманда эмне иш кылгандыгы белгисиз, күчтүүлөрдүн таман алдында тепселип, ар кимге көз каранды болуп, караңгычылыкта жашап келишет. Башка өлкөлөрдүн балдары мектептерде, гимназияларда, университеттерде күрүлдөшүп окуп, келечекке катуу даярданып жатышса, кыргыздардын балдары бош өмүр өткөрүп, ээр токум, жүгөн-үзөңгү, куюшкан жасап, малдан башканы билбей, атасы сыяктуу наадан болууга даярданышат.» [32, 23]

Мына ушинтип, Габдельмановдун көз карашы боюнча кыргыз балдардын аталары, наадан демек, илгерки ата-бабалары да наадан болгон, кыргыздардын тарыхы сабатсыз наадандардын тарыхы. Ушундай логикага келип такалабыз. Терең байкай келсек, Габдельманов орус падышачылыгынын колонизатордук идеологиясынын таасириндеги адам экендиги көрүнүп турат. Чындыгында, кыргыздын ата-бабалары Габдельманов ойлогондой наадан болгон эмес. Габдельмановдун көз карашына Калим Рахматуллин «Улуу патриот, укмуштуу Манас» китебинде өзүнүн альтернативдүү концепциясын каршы койгон десек жаңылышпайбыз.

К.Рахматуллиндин кыргыздарга, кыргыздын тарыхына карата жаңыча концепциясы анын төмөндөгүдөй деп чын ыкластуулук менен жазганынан айкындалып турат: «Кыргыз эли мындан 2000 жыл илгери кыргыз атагын алып, тарыхый майданда пайда болгон. Ошо күндөн тартып, ал боштондук үчүн миң-миңдеген жоолор менен беттешип келген.

Кытайдын жана арабдын байыркы тарыхчыларынын сүрөттөшүнө караганда, кыргыз эли боштондукту сүйгөн, жоодон коркууну өлүм менен бирдей көргөн, каарман, баатыр эл болгон. Байыркы кыргыздардын мыйзамы урушта жоодон корккон аскердин башын кесүүнү талап кылган. Кыргыз эли боштондук үчүн кытай феодалдарына, монгол хандарына, түрк каганатына жана башка залим падышаларга каршы эки миң жыл ичинде токтоосуз күрөшкөн. Кыргыз эли тарыхта дүйнөнү титиретип, эл-журтту канга батырып кеткен гунндарга, түрктөргө, Чынгыс-хан баш болгон монголдорго бой бербестен, дайым көтөрүлүштөрдү чыгарып турган. Дүйнөнү титиреткен монголдор да кыргыздардын тайманбас эрдигине таң калып, аларды «Могулустандын жапайы арстандары» деп аташкан. Түрк кагандары болсо, «биздин эң күчтүү душманыбыз кыргыздар эле» деп моюнга алышкан. Элдин улуу эпосу «Манаста» да кыргыздардын душмандары бул элдин айбатын, салтанатын көргөндө таң калгандыгы айтылат. Кыргыздын колун «Бадана кийген баатырлар», «Соот кийген сонундар», «Айбатына жан тургус», «Болот туяк ажыдаар» деп сүрөттөшөт.

«Жүрөктөрү ташка окшойт,
Жүргөңдөрү башка окшойт…
Жүздөн жүзүн бурбаган,
Жүдөймүн деп турбаган,
Жүрөктүү көрдүм кыргызды.
Миңден бетин бурбаган,
Бири да токтоп турбаган,
Билимдүү көрдүм кыргызды…

деп кыргыз элинин жүрөктүү, өз заманына жараша билимдүү эл экендиги айтылат.

Ошентип белгилүү тарыхый шарттар аркасында кыргыз эли өзү сыяктуу боштондукту сүйгөн элдер менен, маселен, Сибирдеги, Тянь-Шандагы уруулар менен союз түзүп, кытай, монгол, түрк тирандарына-залимдерине каршы күрөшүп келген. Кыргыздын эр жигиттери дайым «эл четинде, жоо бетинде» болуп, каармандыктын, баатырдыктын үлгүлөрүн көрсөтүшкөн». [79, 5-6-б.]. Калим Рахматуллиндин бул ойлорун кыргыз эли, кыргыз калкынын тарыхы, ак калпак журттун патриоттук менталитети жөнүндөгү өзүнчө бир манифест десек жарашар эле. Башка улуттардын өкүлдөрүнүн кыргыз эли, анын тарыхы жөнүндө мынчалык адилеттүү, мынчалык бийик жана салтанаттуу, акыйкат аныктаманы айткандыгын, жазгандыгын буга чейин учураткан эмес элек. Башка элге карата чыныгы интернационалдык достук сүйүү ошол элдин тилин, дилин, тарыхын ичкертен аңдап түшүнгөн жерден башталат деген терең идеянын чындыгын К.Рахматуллиндин мисалы далилдеп турат. Калим Рахматуллин татар үй-бүлөсүндө Токмок калаасында туулуп, кыргыз чөйрөсүндө өсүп чоңоюп, кыргыздын тилин, үрп-адатын, салтын, психологиясын, санжыра тарыхын билип-туюп, инсан катары калыптанган. Мына ошондуктан сөз болуп жаткан китебинде кыргыз элинин кара чечекей өз уулундай сүйлөп отурат.

К.Рахматуллин аталган китебинде кыргыз элинин өткөндөгү баатырдык, каармандык, патриоттук салттары бир орунда катып, кечөөкү заманда кала берген баалуулук эмес экендигин, элдик рухий салттын жандуу кыймылда тургандыгын, анын учурдагы диалектикасын көрө билген. Ал батыштагы кандуу майданда кыргыз жоокерлеринин көрсөтүп жаткан каармандыктарын, эрдиктерин кеңири контекстен чечмелеп минтип жазат: «Фашизмге каршы күрөшкө аттанган кыргыз эли өзүнүн байыркы баатырлык салтын кайра гүлдөттү. Байыркы замандарда болсо, кыргыз эли заманасына ылайыктуу эр жүрөк баатырларды – Манасты, Алмамбетти, Чубакты, Сыргакты жана толуп жаткан башка эрендерди берген. «Айтканынан

кайтпаган, ажалдан башын тартпаган» эрлерди, «Жүздөн жүзүн бурбаган, жүдөймүн деп турбаган», «Миңден бетин бурбаган, бири да токтоп турбаган» шерлерди берген. Ал эми, Ата Мекендик улуу согуштун баатырлары Шопоков Дүйшенкул, Түлөбердиев Чолпонбай, Жуматаев Кубат, Болотов Күмөн, Жапаркулов Насыкул, Коёнкөзов Ашырбай, Султаналиев Шейшендердин жана башкалардын эрдиги, туруктуулугу мына бул жомоктордон да ашып, бүткүл адамзатты таң калтырып олтурбайбы.

Фашисттик мыкаачылардын элүүдөн ашык танкасын талкалаган 28 баатыр жана алардын бири – кыргыздын каарман уулу Дүйшөнкул баатыр, өзүнүн денеси менен душмандын дзотун жапкан, жүздөгөн жолдошторун өлүмдөн алып калган жана жоону талкалоого себепчи болгон Чолпонбай баатыр, душмандын жайнап чыккан танкаларына туруштук берген каармандар жана алардын башында турган Күмөн баатыр – мына ушулар жана өзү бир нече жүз фашистти өлтүргөн Ашырбай кыргыз элинин жомогун чындыкка чыгарып олтурбайбы.

Кыргыздын тарыхында Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак өндүү баатырлар кандай орун алып келген болсо, Дүйшөнкул менен Чолпонбай да жана Ата Мекендик улуу согуштун башка баатырлары да ошондой орун алары шексиз. Алар жөнүндө да эл акындары саймадай кооз чыгармаларды түзөрү шексиз жана азыр түзүп да жатышат. Анткени – Манас менен Алмамбет, Дүйшөнкул менен Чолпонбай мазмунунда бирдей каармандык көрсөтүштү, эл үчүн, мекен үчүн, бөштондук үчүн кандуу майданда баатырларча жан беришти. Аларды тарыхый доорлор гана ажыратат. Манас менен Алмамбет кыргыз элинин өткөн күндөрүн элестетсе, Дүйшөнкул менен Чолпонбай бүгүнкү күндү көрсөтөт. Эрдик, баатырлык, айрыкча Ата Мекен үчүн кандуу майданда жан берүү – адам заттын бул өчпөс сонун сапаты бардык доорлор үчүн бир». [79, 47-б.].

«Кеңири контекстен чечмелеп» деп жаткандыгыбыздын себеби, ошол кан күйгөн согуш мезгилиндеги басма сөзгө жарыяланган материалдардын көпчүлүгү жоокерлердин фронттогу эрдиктерин советтик патриотизмдин

көрүнүшү катары гана чечмелөөгө багыт алган. Ал эми Калим Рахматуллин башкалардан айырмаланып, кыргыз жоокерлеринин майдандагы эрдигинен тарыхый өтмө катыштыктын мыйзамынын аракетин көрө билген. Ал Чолпонбай менен Дүйшөнкулдун баатырлыгынан Манастын, Чубактын, Алмамбеттин эл ичиндеги өчпөгөн эрдик салтын жана анын тукумдардын рухундагы уланышын көрүп отурат. Чындыгында эле, Манастын патриоттук салты, алардын баатырдык жол-жоболорун уланткан Курманбек, Эр Солтоной, Эр Табылды, Жаңыл Мырза сыяктуу эрлердин мекенчил адеп-ахлагы манасчылар, жомокчулар, элдик ырчылар, жалпылап айтканда, элдик тарбия системасы аркылуу укумдан тукумга өткөрүлүп келген. Бул көрүнүш Совет бийлигинин тушунда да жандуу аракетте турган. Калим Рахматуллиндин окумуштуулук көрөгөчтүгү дал ушул илгертен түптөлгөн баатырдык салттын эл ичиндеги уланмалуулугун туя билип, көкүрөгүн дзотко тоскон Чолпонбай сыяктуу Ала-Тоолук жигиттердин эрдигин баатырдык салттын өтмө катыштык мыйзамынын диалектикасынын ыңгайынан чечмелеп жаткандыгында.

Калим Рахматуллин «Улуу патриот, укмуштуу Манас» китеби аркылуу кыргыз калкынын баатырдык тарыхын тарыхтын өзүнүнфакты-мисалдарынын негизинде кыргызстандыктардын өзүнө кеңири түшүндүрүүгө, алардын патриоттук тарыхый эстутумун бекемдөөгө чындап умтулган алгачкы окумуштуулардан дегибиз келет. К.Рахматуллин китебинде окумуштуу А.Н.Бернштамдын, Бартольддун эмгектерине жана башка көптөгөн тарыхый булактарга таянуу менен биздин доорго чейинки доордон жана биздин доордун, биринчи кылымдарынан тарта XX кылымга чейинки кыргыз элинин баштан кечирген тарыхынын, анын эркиндик үчүн болгон күрөшүнүн кыска жана нуска хронологиясын берген. Кыргыздардын тарыхын этаптарга бөлүп, алардын байыркы гундарга, илгерки түрк, уйгур, кытай империяларына, Чынгыз хандын баскынчылыгына, 16-18-кылымдардагы ойрот-калмактарга, андан соң Кокон хандыгына, орус падышачылыгына каршы боштондук кыймылдарынын тарыхый сүрөттөрүн

көз алдыга тарткан. К.Рахматуллиндин бул тарыхый хроникалдык панорамасы менен таанышкан адамдын кыргыздардын тарых айдыңындагы кыйын-кезеңдүү тагдыры жана баскынчылар менен кармашы, күрөшүп жашаган багынбас баатырдык руху жөнүндө олуттуу түрдө толгонбой да, сыймыктанбай да коё албайт.

Ушул тарыхый хрониканы бергенден кийин К.Рахматуллин «Манас» эпосу, анын оттон-суудан кайра тартпаган көкжал баатырлары туурасындагы кеңири сөзгө өтөт. К.Рахматуллиндин «Манас» эпосу жөнүндөгү ойлорунун олуттуулугу жана тереңдиги мына мында турат деп эсептейбиз. 20-кылымдын 40-жылдарынын баш жактарында Манастаануу илиминин али түптөлө элек кезин эске салсак, анда К.Рахматуллиндин улуу эпос жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрүнүн жана тыянактарынын пионердик тунгучтугун, ошондой эле, ошол кез үчүн жаңылыгын жана баалуулугун моюнга албай коё албайбыз.

К.Рахматуллин аталган китебинде биздин доордун алгачкы кылымдарынан баштап 18-кылымга чейинки түркүн замандарда, дооорлордо тышкы басып алуучуларга жана ички душмандарга карата кыргыз элинин көз карандысыздык үчүн тынымсыз жүргүзгөн тарыхый күрөшү, буга байланышкан түрдүү мезгилдин түрдүү орчун, мерчемдүү реалдуу окуялары «Манас» эпопеясынын сюжетине негиз болгон жана эпикалык, поэтикалык баянга айланган деген өзгөчөлүү оюн ортого салган. Окумуштуунун бул оюнун өзгөчөлүгү «Манастын» сюжетин бир конкреттүү мезгилдин конкреттүү окуясына гана байланыштырбай, кыргыз элинин кылымдарды карыткан узак тарыхынын поэтикалык картинасы катары каралгандыгында. Демек, К.Рахматуллиндин ою боюнча «Манас» эпосу кандайдыр бир ойдон чыгарылган жомок эмес, реалдуу тарыхый негизи бар улуу дастан, дооорлор тарыхынын көркөм летописи сыяктуу ыйык мурас. К.Рахматуллин минтип жазат: «Кыргыздардын гунндар, монголдор, түрктөр, кытайлар менен бөштондук үчүн, өздөрүнүн көз каранды болбой жашашы үчүн күрөшкөнү шексиз. Жогоруда айтканыбыздай, мына ушул ондогон кылымдар бою

жүргүзүлгөн бул күрөш кыргыз элинин жомокторунда айтылып, ырларында ырдалат. Бул жагынан «Манас» эпосу өзүнчө жаткан казына. Бирок албетте, «Маната» бул окуялар тарыхчылар көрсөткөндөй тартип менен толук айтылбайт. Мурда болгон окуя кийин болгондой, аралаштырылып айтылган жагдайлар аз эмес. Жыйынтыктап айтканда, кыргыз эли өзүнүн улуу эпосунда эң көп тарыхый окуяларды чогултуп, кылымдар бою эсинен чыгарбай атадан балага айтып келген. Бирок канткен менен да «Манас» эпосунун негизги мазмуну кыргыз элинин өткөн дооорлордогу боштондук үчүн күрөшүн сүрөттөйт. Эзилип, чачылып, бытырап кеткен кыргыз элинин баш кошкондугун жана өзүнө кол салып келген душмандарга каршы күрөшкөндүгүн ырдайт. Ошондуктан «Манас» эпосу элдин чыгармасы, болгондо да өз Ата Мекенин жана боштондукту сүйгөн элдин патриоттук чыгармасы. Ата Мекенди сүйгөн жана боштондук үчүн күрөшкө үндөгөн чыгарма». [79, 33].. К. Рахматуллиндин 1942-жылы жазган «Манас» эпосунун тарыхый көп катмардуулугу жөнүндөгү бул ою Виктор Максимович Жирмунскийдин 1948-жылы жарык көргөн «Манасты» изилдөөгө киришүү» аттуу эмгегинин кээ бир идеяларына негиз болгон сыяктуу. Маселен, В.М.Жирмунский «Манастын» көркөм курамынын көп катмардуулугун, эпосто эң байыркы, кийинки жана соңку замандарга тиешелүү эпикалык катмарлар жана тарыхый өнүгүүнүн түрдүү тепкичтерине мүнөздүү аң-сезим формалары бар экендигин, архаикалык катмар катары мифтик, тотемдик, шамандык ж.б. мотивдердин орун алгандыгын, эпопеянын дооорлорду, нечендеген кылымдарды сыдырып өткөн көп стадиялуулугун, адегенде бир кичинекей ыр булак катары жаралып, анан бара-бара поэтикалык дайрага айланып, далайлаган замандардын тарых-жомокторун, уламыш-санжыраларын, дастандарын, эпикалык сюжеттерин алпкаракушчасынан улам «жутуп» алып, боюна сиңирип отуруп, акыры чалкыган поэзия океанына айлангандыгын аргументтер менен далилдеп көрсөткөн.

В.М.Жирмунский ушул орчундуу оюн жазууда К.Рахматуллиндин «Манастын» сюжетинин дооорлорду кучагына алган көп катмарлуулугу

туурасындагы оюнан «от алып» чыгып, кыргызстандык жаш илимпоздун бул оюн андан ары кеңейткен, тереңдеткен жана байыткан деген пикирди айтмакчыбыз. Ошондой эле, орусча которулуп, жарыяланган К.Рахматуллиндин «Великий патриот, легендарный Манас» китеби М.И.Богдановanын «эпостун кыргыз элинин нечендеген доорлорду, замандарды камтыган узак тарыхын чагылдыргандыгы, ушундан улам «Манастын» көп пландуулугу, көп сюжеттүүлүгү» жөнүндөгү идеясына (М.И.Богдановanын «Кыргыздын баатырдык эпосунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө» аттуу илимий макаласын караңыз) жана этнограф С.М.Абрамзондун «эпостун сюжеттик өнүгүү жолунун өзөгүндө, анын чоң-чоң эпизоддорунда ар кайсы мезгилдерде болуп өткөн реалдуу окуялар жатат» деген бекемдөөсүнө да [3, 390]. негиз, булак болуп бербей койбогон.

Кыскасын айтканда, Калим Рахматуллин улуу «Манас» эпосун эл тарыхы менен синхрондуу байланышта кароо идеясын алгачкылардан болуп тартуулаган пионер окумуштуу болгондугун анын айткан ойлору кийинки манастаануучулардын изилдөөлөрүнө кандайдыр бир деңгээлде «жем» таштап, таасирин тийгизбей койбогондугун баса белгилемекчибиз.

Айрым окумуштуулардан айырмаланып, К.Рахматуллин «Манас» эпосунун тексттерин, бөтөнчө Сагынбай Орозбаковдун, Саякбай Каралаевдин 1930-жылдарда жазылып алынган варианттарын, ошондой эле 19-кылымда В.Радлов жазып алган вариантты ийне-жибине чейин дыкат үйрөнгөн. Ал ушул үч варианттын тексттерин салыштыруунун үстүндө атайлап иштеген илимпоз болгон. К.Рахматуллинге салыштырмалуу айрым окумуштуулар «Манастын» сюжетин толук билбестен эле, кезегинде эпоско саясий күнөө койгон учурлар болгон. Эгерде, К.Рахматуллиндин «Улуу патриот, укмуштуу Манас» эмгегин алдын ала окуп, терең үйрөнүп чыккан болсо, 1952-жылы болгон «Манастын» элдүүлүгүн аныктоого арналган бүткүл союздук конференцияда айрым докладчы илимпоздор эпоско үстүрт, калпыс, саясий жактан опурталдуу айыптоолорду коюудан чочулаар эле деген ойду айткыбыз келет. 1952-жылы илимий конференцияда башкы

доклад жасаган А. Боровков улуу эпостун башкы каарманы Манастын ар түрдүү мезгилдерде, ар түркүн географиялык мейкиндиктерде өткөн казаттарын талоомчулук, агрессиялык согуштар катары мүнөздөп келип, мындайча корутунду чыгарган: «Басып алууну жана тоноону даңазалоо кыргыз эпосунун негизги лейтмотиви болуп калган. IX кылымдагы «Улуу кыргыз империясы» менен эпосту байланыштыруу аракеттери кыргыз эпосундагы басып алуучу хандын образын элдик баатыр катары көрсөтүү үчүн жасалган аракет экендиги анык. Ушунун баары согушту, каректоону көкөлөтүп даңазалоо эмей эмне болот?» [87, 37] Эгерде, Калим Рахматуллин 1946-жылы оорудан көз жумбай тирүү болгондо, анда ал 1952-жылкы конференциянын активдүү каармандарынын бири болуп, орус тилинде топ жарып сүйлөп, А.Боровковдун мына ушул «Манаска» каршы тезистерине биринчилерден болуп чечкиндүү сокку бермек деген ойду айтпай коюуга мүмкүн эмес. Себеби К.Рахматуллин 1942-жылы эле талдоого алынып жаткан китебинде Манас баатыр баскынчыбы же эл-жерин коргогон улуу патриотпу деген суроого эпостун өзүнүн сюжетине таянып ынанарлык аргументтер менен эң ишенимдүү жооп берген. Эмесе, К.Рахматуллиндин ушул маселеге байланыштуу ой-бүтүмдөрүнө көңүл буралы. Манастаануучу Манас баатырдын жүргүзгөн согуштарын Алтай этабы, Орто Азия этабы, Кашкар этабы, Чоң Казат этабы деп, шарттуу түрдө бөлүп, баатырдын ар бир этаптагы согуштарынын мотивациясын ачып берген. Манастын согушунун Алтай этабы жөнүндө К.Рахматуллин минтип жазат: «Муну далилдөө үчүн «Манас» эпосунда Манастын казаттарынын себептери кандай көрсөтүлгөндүгүнө токтоп өтөлү. Манас 9 жашка чыккан кезде, Алтайдагы калмактардын баатырын өлтүрүп, ал жердеги бир нече миң түтүн калмак менен кармашып, аларды талкалайт. Бирок бул окуя Манастын «залимдиги» аркасында чыккан иш эмес. Калмактар Манастын атасынын жылкысына тийип, өзүнө да кол салганда Манас чыдап тура албастан, калмактын баатырын өлтүрөт. Анан, муну шылтоо кылып кыргызды чаап алмак болгон калмактарды талкалайт. Мындан кийин Манас калмактардын жана

кытайлардын бир топ колун кырып, баатырларын өлтүрөт. Бирок мында да Манас өзү озунуп кол салбайт. Бир жолу кытайдын эң зор ханы Эсенкан Манасты өлтүрүү үчүн бир топ адамды жиберет. Алар соодагер түрүндө келишет. Манас булардын бардыгын өлтүрөт. Анан, кытайдын баатыры Нескара Манасты өлтүрүп, айылын чаап алуу үчүн 6000 колу менен келет. Манас буларды да талкалайт. Анан Кашкардагы 11 дуу-дуу, кытайлар 11 ханы Манасты кармап келүүгө 11 баатырды жиберишет. Манас буларды да кыйратат. Анан, кытайдын Нуукер дөөсү 800 баатыры менен келип, Манаска кол салат. Манас Нуукерди өлтүрүп, колун бүт талкалайт.

Бул Манастын хан боло элек, балалык кезиндеги окуялар. Мында Манас өз элин калмактардын эзүүсүнөн куткарат. Экинчи жагынан, өзүн жана өз элин кытай хандарынын зордугунан сактайт. Кытай хандарынын Манасты өлтүрүүгө аракет кылышынын себеби мындай: эпостун айтуусунда Манас төрөлгөн кездерде кытайлар кыргыздарды жеңип алган болот жана алар жаңыдан биригип, кытайга каршы чыкпасын деп, кыргыздардын бир бөлүгүн Манжурияга, бир бөлүгүн Алтайга айдап, бир бөлүгүн Орто Азияда калтырат. Манастын атасы Жакып Алтайга айдалган болот. Ошону менен катар кытай хандары кыргыз элинин башын кошо ала турган баатыр бала пайда болсо эле өлтүрүүгө чечим кылышат. Манас ошондой баатыр болгондуктан, кытай хандары аны өлтүрүүгө аракет кылышат» [79, 29-30-б.]. Келтирилген бул мисалдан окумуштуунун эпостун сюжеттик окуяларынын жүрүшүн беш колдой билгендиги айкындалып турат. Мына ушинтип, Калим Рахматуллин Манастын жаш кезинде Алтайда жүргүзгөн согуштарынын түпкү себептерин, мотивдерин эпикалык сюжеттин бардык деталдарына таянып ачып берип, Манастын согуштарынын өз эли-журтун зордукчулардан, кара ниеттик менен келип, өздөрү катылган жоолордон коргогон жана аларга татыктуу сокку берген адилет согуш экендигин ырастаган. Андан ары манастаануучу оюн мындайча улантат: «Манастын мындан кийинки казаты Алтышаарды-Кашкарды каратып алган чабуул. Манас бул казатка да өзү озунуп аттанган эмес. Манасты өлтүрүүгө деп, 11

баатыр жиберген 11 дуу-дуу бир жүз он миң (110000) кол курап, Манасты чапмак болушат. Муну уккандан кийин Манас да кол жыйнап, Алтышаарды көздөй аттанат.

Манас Орто Азияга эки жолу чабуул жасап, аны өзүнө каратат. Бул чабуулдар жөнүндө эпосто мына мындай деп айтылат: «Манастын атасы»Жакып кыргыздын карыяларын чогултуп, Алтайдан көчүү жөнүндө сөз козгойт. Ал, кытай менен жоо болуп калдык, эми алар бизди тынч койбойт. Ошондуктан алысыраак жерге көчсөк дейт. Ошондо Манастын каары келип, кытайдан корккончо дүнүйөдө жашабай койгон артык, кайра биз Орто Азияны өзүбүздүн ата-бабаларыбыз жашаган бул ата мекенди кытайлар колунан куткарып алууга тийишпиз, дейт. Мына ошентип ал Орто Азияны куткаруу үчүн казатка аттанат.

Бул казаттар тушунда Манас Ооган хандары менен да согушат. Бирок мында да Манастын өзү барып кол салбайт. Оогандын хандары Шоорук жана Акун хан Фергана жактагы кыргыздарды чаап, малын айдап кетет. Ошондо Манас барып аларды чабат» [79, 29-30-б.].

К.Рахматуллин Алтышаар-Кашкарга казатка аттанууга да, Манасты душмандар аргасыз кылгандыгын сюжеттик фактура аркылуу көрсөткөн. Өз оюн далилдөөдө фактыга таянуу жана Манасты согушка түрткөн себеп-факторлорду аныктоого умтулуу-окумуштуунун изилдөө методикасынын өзгөчөлүгү. Ал эми Манастын Орто Азияда жүргүзгөн согуштары болсо, ата-бабалардын жерин кытай жана башка чет жактан келген баскынчылардан бошотуу үчүн жана өз калкынын көз карандысыздыгын жана эркиндигин камсыз кылуу үчүн жүргүзүлгөн мекенчил, акыйкат согуш экендигин, улуу миссияны көздөгөн казат экендигин окумуштуу окурмандарга ачыктап берип отурат.

Ал эми Чоң Казаттын чыгышына эмне себеп болгондугун илимпоздун кандайча чечмелегендигине да көңүл буралы. К.Рахматуллин китебинде андан ары мындайча жазат: «Андан кийин «Чоң Казат» болот. Мында Манас кытайга каршы аттанып, Бээжинди алат. Бул казаттын башталган шарты

мындай: Манас Орто Азияны алганда Алайда кытайдын Орто Азиядагы башкы ханы Алооке менен беттешет. Алооке, а дегенде Манастан өзүнө багынып беришин талап кылса да, Манасты көргөндө, анын салтанатынан, айбатынан коркуп, Бээжинге качып кетет. Алоокенин уулу Коңурбай Манас менен согушам десе да, Алооке: «Манас бизге жеңдирчү эр эмес» деп макул болбойт. Ошону менен катар Коңурбай Алмамбеттин да түбөлүк душманы болот. Алмамбеттин кытайдан кетишине бир чети Коңурбай себеп болот. Ошондуктан Манас да, Алмамбет да ыгы келсе Коңурбай менен беттешүүнү каалап жүрүшөт. Анын үстүнө Көкөтөйдүн ашы болгондо, Коңурбай жана анын союздашы – калмактын баатыры Жолой чатак чыгарып, эки жолу кыргыздарга кол салышат. Кыргыздарга мөөрөйгө тийген малды айдап кетишет. Кыскасы мында да Манас зордук кылуу максаты менен чабуул жасабайт. Өзүнүн, демек, кыргыз элинин түбөлүк душманын дал турган ордосунан барып талкаламак болот. Мына мунун барын чогултуп келгенде Манастын бул казаты да адилет казат болуп чыгат» [79, 33].

«Манастын» сюжетиндеги Чоң Казат окуясына 1952-жылкы конференцияга чейин эле идеологиялык айыптар коюлуп келгендиги белгилүү. 1946-жылы «Звезда», «Ленинград» журналдарына байланыштуу ВКП(б) Борбордук комитетинин белгилүү токтомунан кийин, жалпы эле СССР аймагында жана улуттук республикаларда «буржуазиялык улутчулдарды», «космополиттерди», «реакциячыл пантюркстерди жана панисмалисттерди» издөө, мындайча айтканда, саясий репрессиянын жаңы толкуну башталган кырдаалда ошо тушта Москвадан орус тилинде жарыкка чыккан «Великий поход» - Чоң Казат китеби «баскынчылык идеологияны» үгүттөгөн деген айыптоо менен пайдаланууудан алынгандыгы чындык. Бирок көрүнүп тургандай, ошол ВКП(б) Борбордук Комитеттин идеологиялык токтомунан төрт жыл мурда эле Камил Рахматуллин жогорудагычылап Манастын кытайга Чоң Казатынын эмне себептен чыккандыгын жана анын адилет казат болгондугун далилдеп жазып койгон. Чынында эле, «Манастын» сюжетинин өзүнө аналитикалык талдоо салып көрсөк,

Көкөтөйдүн ашында «Жамбы атууда, балбан күрөштө, эр сайышта, ат чабышта жеңилгендерине ызаланган калмак, манжуу кайрадан чуу чыгарышып, көптүгүнө салып, аш берген элди селдей каптап, ат байгени кыргыздардын өздөрүнө ээ кылбай талап алышып, бет келгенин токмоктоп, жылкы кайтаргандарды сабап, кереге-уукту кыйратып, кемегедеги казандарды көмкөрө тээп, тополоңду салышат. Жаалданган Манас кырк чоросу менен калмактарга кайрадан калайманды салып кирет.

Бирок кыжылдаган көп калмак аскалуу жээкке согулуп, кайра күр-шар этип артка тарткан деңиз толкунундай тизгиндерин кайра каңгай жакка буруп, моюн бербей, кара таандай чуулдап, кара бороондой дуулдап, ойдон-тоодон жылкы алып, Каркыранын бетиндеги калың жылкыга тийип, күтүрөгөн сансыз төрт түлүктү үркүтүп айдап, Текестин суусун кечип өтүшүп, «эми эр болсо бурут келсин, - деп, эрмектешип көрсүн, - деп», өз мекендерин көздөй чаң ызгытып жөнөп кетишет.

Калмактын бул кылыгына Манастын каны кайнап, өрттөй көзү жайнап, эрдин кесе тиштеп, «каалгадай кашка тиш, бөлө-бөлө чайнаган». Айкөлүң акыл токтотуп ойлонот: Канчалык агарайын десем да, бул караан калган калайык кararганын койбойт экен го, ардактап ашка чакырсак, тоодой кылып эт тартсак, кызыл куйрук нар берсек да кылып турганы бул. Бизди эл деп санабайт экен го, кастыгын калтырбайт экен го? Эми бу калмак, манжуу кутуруп, кыргызды көздөй жутунуп, кайра келбей койбос, калайманды салбай койбос. Эми басына берсек болобу, башчысын кармап соелу, кызыккан экен кыргызга, кыйынсынган кысталактарга кыргын салып коелу, талкалашып тыналы, биротоло баш көтөргүс кылалы, тагдырга жазган жазууну, көрүшө турган күн окшойт, ажал жетип, күн бүтсө, о, журтум, өлүшө турган күн окшойт!

Арстан Манас бакырат, баатырларын чакырат:

Көк найзаны көтөрүп,
Бара турган эр кайда?
Калмакка намыс кетирбей,

Ала турган эр кайда,

Абаке Бакай жол башта,

Жүрө турган жол кайда?

Ошентип, зордукчу, баскынчы жоого каршы Манастын айтылуу Чоң Казаты башталат. Кыргыздардын колу дүңгүрөп, Каңгай, Бээжинди карай аттанат». [14, 41-б.].

Эпостун сюжетинен көрүнүп тургандай, Чоң Казатты жасоого Манасты кытай-калмактардын өздөрү мажбур кылган. Манастын Чоң Казаты түпкүлүгүндө ниети кара жоону өз үйүнө биротоло жеңип, кыргызга да, кытай элине да тынчтыкты орнотуу, уурдалып, айдалып кеткен калың жылкысын кайра Ала-Тоого кайырып келүү мүдөөсүн көздөгөн адилеттүү казат эле. Чындыкты учурунда китебинде К.Рахматуллин туура белгилеп көрсөткөндүгүн дагы баса айта кетүүнү туура көрөбүз. Жалпы эле, Манастын негизги казаттарынын маани-маңызын жалпылап К.Рахматуллин акырында төмөндөгүдөй бүтүмгө келет: «Алардын бардыгы же башкалардын кол астында эзилип жаткан кыргыздарды азат кылуу үчүн, же кыргыз элин кул кылып келген жоонун алдын алып, биротоло талкалоо үчүн, же кыргыз элине тикеден-тике кол салган душмандарга сокку берүү үчүн жүргүзүлөт. Жалпы «Манастын» өзү кыргыз элинин чачылгандыгын, эзилгендигин айтуудан башталып, Манас ошо эзилген, бытыраган элди баш коштурган жолбашчы болуп көрсөтүлөт. Башкача айтсак, Боштондук үчүн күрөшүү идеясы «Манастагы» башкы идея. Андай болсо, анын - «Манас» эпосунун баатырлары да патриоттор, Ата Мекенди сүйгөн жана боштондук үчүн күрөшкөн адамдар. Демек, ал чыгарманын башкы баатыры Манас да кыргыз элинин улуу патриоту болот» [79, 33-34-б.]. К.Рахматуллиндин эпостогу Манас жүргүзгөн согуштардын коргонуучу жана куткаруучу миссиясын далилдер менен аныктап бериши жана Манасты кыргыз элинин улуу патриоту катары мүнөздөшү илгери-кийин айтылган «Манас» эпосу баскынчылык согушту даңазалоо идеясын көтөрөт деген жасалма идеологиялык догмаларга жана саясий жарлыктарга урулган сокку сыяктуу.

Эгерде, Манас баатырдын казаттары өч алуу үчүн же кек кууп гана, же болбосо, талап-тоноо үчүн гана жүргүзүлгөн болсо, анда «Манас» эпосу эч убакта дүйнөлүк улуу эпос боло алмак эмес. Олуттуу мазмуну жана омоктуу философиясы болбосо, чыгарма эч убакта дүйнөлүк деңгээлге көтөрүлө албайт. Калим Рахматуллин эпостогу казаттардын боштондук пафосуна жана эркиндик философиясына атайылап басым коюу аркылуу «Манастын» жалпы адамзаттык гуманисттик маңызын ачып көрсөтүүгө аракет кылган. «Манасты» мындай чечмелөө улуу Ата Мекендик согуш учурундагы эл-жерди фашизмден коргоо жана совет элинин эркиндигин сактап калуу идеологиясына да шайкеш чыккан. Ошондой эле, советтик кыргыз элин «Манастын» боштондукчул, күрөшчүл, мекенчил идеологиясынын духунда патриоттуулукка тарбиялоого ыңгай түзгөн.

Калим Рахматуллин «Манастын» тарыхый негизи жөнүндө алгачкылардан болуп ой айткан окумуштуу экендигин жогоруда көрдүк. Ал эпостун сюжеттик негизин «эң байыркы замандан тартып, дал 19-кылымга чейинки окуялар» түзгөндүгүн, дастандын фабулалык канвасынын тарыхый көп катмардуулугун айтып келип, бирок ошондой болсо да, элдик эпопеядагы «Чоң Казат» окуясын чыгыш себебин тарыхтын бир конкреттүү доорунун конкреттүү окуясына байланыштырып чечмелөөгө аракет кылган. Автор мындайча жазат: «Чоң Казатты алалы. Ал «Манастагы» башкы, чечүүчү тема.

840-жылы кыргыздар Орхон дарыясынын боюнда уйгурлардын армиясын талкалап, алардын ханышасы Тайхону колго түшүрүшөт. Бул кезде уйгурлардын Гюйлу Баба деген князы кыргыздар жагына өтүп, аларга жардам кылат. Ошону менен катар Орхон дарыясынын боюнда уйгурлардын Бей-Тин деген шаары да болот. Мына буга караганда «Чоң Казат», башкача айтканда Бээжинди алышы ушул окуя болууга мүмкүн. Анткени мында жердин аты да, шаардын аты да туура келет. «Чоң Казатта» Манастын колу Орхон дайрасын өтөт. Бээжин менен Бей-Тин деген ат да уйкалыш келет. Тарыхта кыргыздар жагына Гюйлу Баба деген өттү деп айтылса, «Маната»

Алмамбеттин кытайдан качып, Манас жагына өткөнү айтылат. Анан тарыхта ханша Тайхо колго түшкөнү айтылса, «Манаста» Эсенкан кызы Бурулчаны тартуу кылып беришти деп айтылат. Мында бул казаттын жана мындан башка дагы бир топ казаттардын кытайларга каршы казат деп көрсөтүлүшүн төмөнкүдөй түшүндүрүүгө болот: кыргыздардын эң кийинки зор күрөшү калмактар (ойроттор) менен кытайларга каршы жүргүзүлгөн. Мына ушул зор кагылышуулардын таасири астанда манасчылар эпосто мурун айтылып келген окуяны да уйгурларга каршы согушту да жана башкаларын да кытайга, калмакка каршы деп көрсөтүүлөрү мүмкүн. Буга дагы бир далил: ойроттор (калмактар) кыргыздарды «бурут» деп атаганын тарыхтан көрөбүз. «Манаста» да кытайлар, калмактар кыргыздарды «бурут» деп айтат. Бул далил кийинки окуялардын эпоско канчалык таасир кылганын көрсөтөт» [79, 23-24-б.].

IX кылымда кыргыздардын уйгурлар менен болгон боштондук согушунун фактылары менен «Манастын» сюжетинин фактыларынын (Бей-Тин-Бээжин, Гюйлу Баба-Алмамбет, Тайхо-Бурулча) жалпы окшоштуктарын салыштыруу аркылуу айткан илимпоздун Чоң Казаттын тарыхый генезиси жөнүндөгү гипотезасы кыйла салмактуу. Дегеле, окумуштуунун Чоң Казаттын тарыхый негизин 840-жылы болуп өткөн доордук чоң окуяга байланыштырышында логика бар дегибиз келет. Анткени бул согуш Азия континентинде IX кылымда болуп өткөн эң чоң генералдык салгылашуу болуп эсептелет. Мындай ойго К.Рахматуллинден кийин тарыхчы Н.Берштам да, Мухтар Ауэзов да келишкен. «Колдогу маалыматтарга таянып мындай жыйынтык чыгарууга болот. Биринчи, «Манас» эпосу көркөм чыгармачылыктын туу чоку эстелиги катары гана саналбастан, ошондой эле, байыркы этабы 820-847-жылдарды камтыган кыргыз урууларынын көз карандысыздык үчүн күрөшүн баяндаган кайталангыс тарыхый повесть да болуп эсептелет. Экинчи, эпикалык «Манастын» негизинде 820-847-жылдары боштондукка умтулуу күрөшүнө кыргыз элинин жетекчисинин конкреттүү тарыхый образы турат» [88,152] Ал эми Мухтар Ауэзов болсо, өзүнүн

«Манас –кыргыз элинин баатырдык эпосу» аттуу эмгегинде кыргыз эпосунун алгачкы ядросун Чоң Казат окуясы түзүшү этимал. «Чоң Казат» эпикалык сюжетинин тарыхый негизи 840-жылдагы уйгурлар менен болгон салгылаш болушу мүмкүн деген ой-пикирин ортого салган.

Кыскасын айтканда, К.Рахматуллиндин «Чоң Казаттын» тарыхый башатын 840-жылдагы окуяга байланыштырган гипотезасы Манастаануу илиминде «Манас» изилдөөчүлөрдү ойлондура турган божомол бойдон кала берет.

Бирок ошондой болсо да, кандай болгон күндө да, гипотеза деген гипотеза. «Чоң Казаттын» жаралуу доорун жана себебин так аныктай турган документ азырынча колубузда жок экендиги да чын. Мына ошондуктан Манас баатырдын Бээжинге жасаган жүрүшү жөнүндө бүгүн да ар кандай ойлор, божомолдор, идеялар уланып, жаңылары пайда болууда. Маселен кытайлык манас изилдөөчү, ШУАРдагы «Тил жана Котормо» журналынын жоопту редактору, филология илимдеринин доктору Кармыштегин Макелек Өмүрбай уулу кытай тарыхый булактарына таянып, Манас баатырдын жоосу кытайлар эмес, Кытайдын түндүк-чыгышындагы кидандар деген эл болгондугун, кыргыздарды 10-12-кылымдарда басып алып, узак убакыт бою үстөмдүк кылган ошол кидандар экендигин жазып келип, оюн мындайча жыйынтыктайт: «Бул барса келбес» атыккан күчтүү да, сүрдүү жер 10-кылымдын башынан 13-кылымдын башына чейин болгон убакытта Кидан бийлиги астында «беш Бээжин», беш дубан жергеси болуп, ага эч кандай баатыр басып барууга батына албаган. Барса да тирүү кайтып келбеген. Аны эпосто: «Амыр Темир көрөгөң, \ Ай аалмдын баарысын / Алдына салып күрөгөн, \ Ошол Бээжин шаарында, Өтүптүр жалган дүйнөдөн» (Ж.Мамай) деп сүрөттөйт. Ошол «барса келбес» жерге бабабыз Манас барып, Коңурбай баштаган теңдешсиз жоону корголотуп жеңип (Коңурбай жашырынып жүрүп Манаска уу балта салат, ал баатырлык каадага жатпайт, анын жеңилгендеги) келгендигин урпактары «бабабыз Бээжинди алган» деген мактаныч менен айтып калды. Чынында, Манастын өз кезинде «Кантон» аталган, азыркы

Жуңгонун чыгыш түндүгүндөгү айтылуу «беш Бээжин» дубанына баргандыгын эпосто баяндалган жер-суу жана сүрөттөлгөн көрүнүштөрдөн чын бүтүүгө болот» [89].

Макелек Өмүрбай уулу Кармыштегиндин изилдөөсү боюнча «Чоң Казаттын» чыгыш теги Манастын Кидандардын Беш Бээжинине жасаган жортуулуна байланыштырылып жатат. Кыскасы, кезегинде «Манастын» тарыхый негизин издөөнү баштаган Калим Рахматуллиндин салты бүгүн улануууда. Түркүн-түстүү гипотезалардын мазаикасы жаралып отуруп, акыры «Чоң Казаттын» жаралышын шарттаган тарыхый чындыктын табылышы да ажеп эмес.

1940-жылдардын башталышында «Манас» боюнча изилдөөлөрдүн, эпостун моралдык-этикалык, идеялык-патриоттук нарктарын, образдарын талдап түшүндүргөн эмгектердин али жарала электигинин шартынан караганда, К.Рахматуллиндин «Улуу патриот, укмуштуу Манас» китеби дагы бир орчундуу жаңылыгы менен айырмаланат. Бул жаңылык – эпостун башкы каармандарынын образдарына тарыхта биринчи жолу кыйла эле кеңири деп айтарлык талдоолордун берилгендигинде деп эсептейбиз. Себеби буга чейин жазылган айрым бир илимий макалаларда, докладдарда (К.Тыныстанов, Е.Поливанов, Т.Байжиев ж.б.) улуу эпос жөнүндө, анын идеялары тууралуу жалпыланган түрдө ой-пикирлер айтылып келген. Бирок эпостун образдарына персоналдуу түрдө эч ким токтолгон эмес. Маселен, Ташым Байжиев өзүнүн 1940-жылы «Советтик Кыргызстан» журналына жарыялаган «Манас» аттуу макаласында улуу эпосту дүйнөлүк эпостордун катарында турган улуу чыгарма катары баалап, анын жалпы адамзаттык маанидеги идеялык дөөлөттөрүн жана патриоттук мазмунун аныктап, дастанды элдик тарыхтын негизинде жаралган көркөм феномен катары даңазалаган. Окумуштуу эпосту кыргыз тилинин лексикалык байлыгын үйрөнүүнүн булагы катары эсептеп, ошону менен катар «Манасты» театралдык чыгарма деп санаган. «Манасты» кыргыз профессионал адабиятынын таянар көрөңгөсү деп эсептеген. Манасчылардын «Манасты»

түш көрүп айтуу жөнүндөгү билдирүүлөрүн материалисттик жол менен чечмелеп, манас айтуучулук өнөрдө өзүнөн мурдагылардан үйрөнүү салтынын чечүүчү роль ойнорун белгилеген. Ошондой эле, эпостун көркөмдүгү, образдык кооздугу, сүрөттөө чебердиги бир эле манасчынын эмес, бир нече манасчынын эмгегинин натыйжасы экендигин көрсөткөн. Бирок Ташым Байжиевдин аталган мазмундуу, кыйла эле көлөмдүү макаласында эпостун ошол нарктарын, идеялык дөөлөттөрүн көтөрүп алып жүргөн башкы каармандардын бирөөнүн образына да, кыска жана нуска болсо да мүнөздөмө же талдоо берилген эмес.

40-жылдардын башталышында эл оозунан жыйналып алынган Сагынбай менен Саякбайдын варианттары өзүнчө чоң, чоң китептер түрүндө жарыяланбагандыктан (айтылуу бириктирилген вариант 1958-1961-жылдарда араң жарык көргөн), ал кезде калың масса «Манастагы» каармандарды жалпысынан билгени менен алардын образдарын, иш-аракеттерин, жүрүм-турумун, кимдин кимдигин конкреттүү түрдө көз алдыларына элестете алышкан эмес. Ушундай шартта К.Рахматуллиндин эпостун башкы каармандарынын ар бирин мүнөздөп бериши калайык-калк үчүн өзүнчө бир ачылыш болгон. Ырас, Василий Радловдун 1885-жылы Санкт-Петербургда жарык көргөн «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрүнө» арнаган «Кириш сөзүндө» Манас баатырдын образы жөнүндө учкай ой айтылгандыгын эскерүүгө тийишпис. Бирок В.Радловдун орусча жазылган ою 1940-жылдарда кыргызчага которулган да, элге жеткен да эмес.

К.Рахматуллин эпостун Манас, Кошой, Бакай, Алмамбет, Каныкей, Чубак, Сыргак сыяктуу эпикалык сюжетти «атлант» сыяктуу тиреп турган борбордук каармандардын ар биринин образдарына конкреттүү токтолгон. "Эми« кыргыз эли өзүнүн сүйкүмдүү чыгармасында ал баатырларды кандай сонун сапаттар менен элестеткенин, ал окуяларды кандай чебердик менен кооздоп сүрөттөгөнүн көрүп өтөлү» - деп [79, 34-б.] баштаган сөзүн автор.

К.Рахматуллин эпостун окуяларынын тарыхыйлуулугу көз карашынын таасири менен Манастын образына келгенде, биринчи эле анын

турмуштук-тарыхый прототиби барбы деген суроону коюп, бул соболго өзү мындайча жооп берет: «Баарынан мурда Манастын өзү тарыхта болгон адамды же аны эл ойлоп чыгарганбы? Тарыхый материалдарда Манас аттуу адамдын, Манас деген баатырдын же хандын болгону жөнүндө маалымат жок. Бирок Кашкар жагында, Сибирде, Индияда, кала берсе кавказда Манас аттуу жер, суу бар экендигин көрөбүз. Таласта да Манастын күмбөзү деген мазар бар.

Ошентип, Манас деген адам тарыхта айтылбайт. Бирок, балким, Манас деп аталбаса да, «Манаста» айтылган чабуулдарды баштап, Манас өңдөнүп, кыргыз элине жетекчилик кылган баатыр болгон.

«Манасты» изилдеген Авезев менен тарыхчы Бернштамдын изилдеген материалдарына караганда, кыргыздар уйгурлар менен 20 жылдык уруш жүргүзүп, аларды жеңген кезде, кыргыздарды баштап жүргөн атактуу баатыр болгон жана ал ошо кезде өлгөн.

Бернштамдын тапкан материалына караганда ал баатырдын аты Яглакар болгон. Эгерде ал согуш «Чоң Казат» болсо, ага жетекчилик кылган адам, башкача айтканда, Яглакар каган Манас болууга тийиш» [79, 35-36-б.]. Бул цитатадан К.Рахматуллиндин Манастын тарыхта болгондугуна, бир убактарда жашаган инсан экендигине ишенгендиги, бирок мезгилдин өтүшү менен бара, бара турмуштагы Манас эпикалык Манаска айланып кеткендигин туюнгандыгы көрүнүп турат. Андан ары ал Манастын образын тарыхый-социологиялык категориялар менен эмес, көркөмдүктүн мыйзамы менен талдайт, башкача айтканда, Манастын образына тарыхчы катары эмес, адабиятчы катары мамиле жасайт. К.Рахматуллин минтип жазат: «Кыргыз эли өзүнүн өткөн замандагы боштондук үчүн күрөшүн кандай урматтап, эсинде сактап келсе, ал күрөштүн тирүү элеси болгон баатырларды да ошондой эле кооз кылып сүрөттөйт. Булардын ичинде эң кооз, эң жетилген элес, албетте, Манастын элеси. Манас дүйнөдө теңдеши жок баатыр» [79, 37].

Автор бул жерде «кооз сүрөттөө», «Манастын кооз элеси» жөнүндө сөз кылып жатат. Демек, көрүнүп тургандай, К.Рахматуллин Манастын

образына эстетикалык мамиле жасап, көркөмдүктүн категориясы менен ой жүгүртүп жатат. Ушундан улам изилдөөчү Манастын образын жалпыланган тип катары санап, «Кыргыз эли өзүнүн эң жакшы сапаттарын Манаска берген» деп жазып отурат.

Автор Манастын образын талдоодо абстрактуу ой жүгүртүүлөргө жол бербөөгө, талдоону эпостун текстине негизденип жүргүзүп, далилдеринин предметтүү болушуна умтулат. Манас бала кезинен эле бөтөнчө тентек, шок, тайманбас болуп чыккандыгын, бирок ары жагында, дээринде акыл-эси да күчтүү болуп, айлана-тегеректе ким дос, ким душман экендигин эрте баамдап, патриоттук сезими эртелеп ойгонуп, катылган душмандарды өспүрүм кезинде эле кыйратып жеңип, басса-турса эзилген, чачылган кыргыз элин чогултууну, зордук-зомбулуктан куткарууну ойлонгондугун, акыры ата-бабаларынын жерин баскынчы жоодон бошотуп, «Кулаалы жыйып куш кылып, курама жыйып журт кылып» улуу мүдөөгө жеткендигин, кыскасы, Манастын мекенчилдик ишмердигинин маңызын туура жана ынанымдуу ачык көрсөткөн. К. Рахматуллин башкы каармандын бир гана теңдешсиз баатырдыгына, алп күчүнө жана мекенчилдигине басым койбой, анын адамдык ар тараптуулугуна көңүл буруп, Манасты сүйүктүү жолбашчы, колбашчы, акылман, көрөгөч жетекчи, адилеттүү, ар намыстуу эр жүрөк жоокер, ошону менен бирге көпчүлүктүн, элдин кызыкчылыгы дегенде эч кимди аябай турган каардуу адам катары мүнөздөгөн. К.Рахматуллин биринчи жолу Манастын образынын гуманизмин жана универсалдуулугун баса көрсөткөн окумуштуу катары тарыхта калат деген ойдобуз.

Изилдөөчүнүн Манастын образын талдоосунун дагы бир өзгөчөлүгү – бул К.Рахматуллиндин баатырды инсан катары, анын тышкы келбети менен ички рухий турпатын биримдикте ачып берүүгө аракет кылгандыгында. Автор Манастын тышкы келбетин окурмандарга элестетүү үчүн эпостун жарыкка чыга элек кол жазма текстинен манасчынын төмөнкү мүнөздөмө - портретин алдыга тарткан:

«Кайратын көрсөң кара тоо,

Катылган бенде калбайт соо.
Айбатын көрсөң Ала-Тоо,
Асылган калбайт аман-соо.
Болжолуна карасаң,
Болот өчпөс кара таш.
Күрсү тийсе оюлгус,
Туюк сөөк, чулу баш.
Адам уулу тик баккыс,
Ачуулана калганда
Ажыдаар түрү бар.
Сакалы саадак кабындай,
Мурутун сайса өткөндөй,
Букардыктын шабындай.
Ызгарлуу айткан сөзү бар,
Шыркыраган ширенди.
Кызыл жалын көзү бар…»

Биринчи жолу жарыяланып жаткан мындай уникалдуу бейне менен таанышуу окурмандар массасына кызыктуу жана таңгалычтуу болгондугу талашсыз. Андан ары автор Манастын сырткы айбат-сымбатын өз сөзү менен мындайча кошумча коментариялап берет:

«Манас айбаттуу, сымбаттуу, сүрдүү адам. Манаска кол салабыз деп келген далай-далай баатырлар, Манас кылчайып бир карап койгондо эле, анын сүрүнө жүрөктөрү түшүп, ага даай албай калышат. Манастын айбатын көргөндө коркуп кетип, өлгөндөрү да болот. Манастын сүрүнөн адамдар эмес, жырткыч айбандар да коркот. Маселен, Манас Алоокенин ордосуна барганда, ал Манаска өзүнүн багып жаткан жырткыч айбандарын көрсөтөт. Жана Манасты өлтүрүү максаты менен, ал айбандардын ичине киргизип жиберет. Анда арстан, жолборс, ажыдаар жана мамонттор болот. Бирок алар Манаска батынып тие албай, шыйпаңдашып басып калышат. Жалгыз мамонт гана Манасты көздөй качырып калат, бирок Манас аны башынан 5-6

айландырып, көтөрүп жерге бир уруп өлтүрөт.» [79, 43-б.]. К.Рахматуллин өзүнүн мисалга келтирген жогорудагы ыр саптары менен жана автордук түшүндүрмө мүнөздөмөлөрү аркылуу Манастын тышкы көрүнүшүн, сүрүн, күч-кайратын, бир сөз менен айтканда, анын эпикалык кереметтүүлүгүн кыска, нуска түрдө жеткиликтүү, таасирдүү кылып, өзүнүн китебинин атындагыдай «укмуштуу Манас» экендигин окурмандарга жеткире алган десек болот.

Ошону менен бирге, К.Рахматуллин үчүн баатырдын тышкы портретин тартуу гана эмес, Манастын ички жан дүйнө кереметин, рухий сулуулугун окурмандарга элестетип берүү да маанилүү болгон. Ушундай максат менен автор Сагымбай Орозбаковдун вариантынан төмөнкү классикалык кайталангыс саптарды сууруп чыккан:

«Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер,
Жерлигинен түткөндөй.
Ай алдында дайранын,
Толкунунан бүткөндөй.
Оводогу булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы ай-күндүн,
Жаркынынан бүткөндөй…»

Ушул саптарды мисалга алуу менен К.Рахматуллин бул ички бейнеден Манастын жан дүйнөсүнүн «эң сүйкүмдүү элеси» көрүнүп тургандыгын белгилеген. Манасты адат катары, айкөл деп мүнөздөйбүз. Манастын айкөл руху, ички жан дүйнө сулуулугу жана улуулугу Сагымбай манасчынын дал

ушул укмуштуу керемет көркөм жана эч нерсеге салыштырып болбос чебер саптарында даңазалангандыгын К.Рахматуллин көрө билген. Бул жерден К.Рахматуллиндин көркөм табити, поэтикалык кооздукту сезе билген эстетикалык туюму өскүлөң болгондугу байкалып турат.

Кыскасын айтканда, К.Рахматуллин эпостун башкы каарманынын образын талдоодо Манастын тышкы жана ички касиеттерин биримдикте бутага алып, анын толук портретин тартып берүүнү принцип катары карманып, мунун натыйжасында кыйла эффективдүү натыйжага жетишкендиги көз көрүнөө көрүнүп турат.

К.Рахматуллин муну менен гана чектелип калбастан баатырдын колдонгон курал-жарактарын жана минген тулпарын Манастын образынын ажырагыс атрибуттары катары интерпретациялаган. Автор «ортосу болот, оозу албарс, кароолу да жаал, огу ажал» Аккелтеси «таш көмүргө таптаган, как ыргайга саптаган, чагарагын алтын сомдогон, чапкан жоосу оңбогон», Айбалтасы, «тоону чапса таш кескен, шиберге койсо өрт кеткен, шилтегени мүрт кеткен», Кылычы беш жүз батман салмагы бар, Күрсүсү «камыш кыйып каптаган, тарамышка саптаган, шамалга тийсе ырдаган, тийген жери ырбаган», Сыр найзасы «желип кетсе жүрүшү, жебенин огун аткандай» Аккуласы Манастын күчүнө күч кошуп, жеңиштерине өбөлгө болгондугун баса белгилеп, атайылап сөз кылган. Чындыгында эле, бул аталган буюмдарсыз, Аккуласыз Манасты элестетүү кыйын. Бир сөз менен жыйынтыктап айтканда, К.Рахматуллин өзүнүнүн талдоосунда Манас баатырдын образын анын бардык ички-тышкы сапаттары менен бирге, урунган согуштук аспаптары, минген аты менен чогуу комплекстүү карап, анын бейнесин бир бүтүндүккө элестетип берүү далалатын жасаган. Ошону менен бирге Манастын образынын эң башкы доминанты жана негизги пафосу – бул анын Ата Журттун боштондугун, кыргыз элинин эркиндигин туу кылган патриоттуулугунда экендигин баса көрсөткөн. К.Рахматуллиндин манастаануудагы биринчи сиңирген кызматы – бул анын Манастын образынын алгач жолу салыштырмалуу түрдө кеңири талдап, анын рухий,

моралдык-этикалык, мекенчилдик сапаттарын кыйла көрөгөчтүк жана ынанарлык даражада ачып бергендигинде. Бул Манастын образын адабият таануучулук аспектен анализге алган алгачкы саамалык. Эмгек ушунусу менен да баалуу.

«Жоону сайса, ким сайды, аты калды Манаска» деген сөз бар экендиги белгилүү. К.Рахматуллин китебинде Манасты Манас кылган кимдер экендигин да эсине бекем түйүп, башкы каармандын ийгиликтери менен жеңиштеринде чоң роль ойногон чоролорго жана баатырларга орчундуу көңүл бөлгөн. Албетте, автордун Кошойдун, Алмамбеттин, Бакайдын, Каныкейдин образдарын талдоодо кемчиликтер да жок эмес. К.Рахматуллиндин аталган образдарды талдоодо алардын сюжеттеги өмүр-таржымалын, иш-аракеттерин кайрадан кайталап айтып берген жагдайлары орун алган. Бирок да, бүгүнкү күндүн көз карашынан бул нерсе артыкбаш болгону менен 40-жылдарда «Манас» жарыяланып, элдин колуна тийе элек кезде ал кемчилик катары кабыл алынган эмес. Тескерисинче, аты аталган образдарды талдап түшүндүрүүдө кол жазманын сюжетиндеги каармандардын таржымалын популяризациялап кошумча маалымат берүү талдоонун зарыл элементи болгондугун эске алсак, анда К.Рахматуллинди анча күнөөлөбөс элек.

Манастын образына карата колдонулган каарманды ар тарабынан, ар кырынан мүнөздөп көрсөтүү принцибин К.Рахматуллин бул жерде башка образдарды мүнөздөөгө да колдонгон. Маселен, анын чечмелөөсүндө Кошой күчү жагынан Манаска тете келген ашкан балбан, кыргыз элинин намысы үчүн калмактын каардуу Жолою менен күрөшкө чыккан намыскөй, жоодо жалтанбаган эбегейсиз баатыр, эл башкарган даанышман, Манаска бүткүл жан-дили менен берилген чынчыл, ича-ара чыр чатактарда өзүн калыс кармаган адилет, жалпы журт, Ата Мекен үчүн, эркиндик үчүн тикесинен тик турган улуу патриот. Илимпоз Кошойдун образындагы мына бул учурду баса көрсөтүп, мындай деп жазат: «Мына ушундай элге таанылган жолбашчы жана теңдешсиз баатыр Кошой ушул сапатына карабастан Манасты

жолбашчы деп таанып, бүткүл эл-журту менен Манаска кошулат» (Ошондо, 51-бет). К.Рахматуллин бул пикири аркылуу Кошойдун алысты ойлогон акылман жана жалпы Ата Журттун кызыкчылыгын биринчи планга койгон стратег экендигин жалпы окурмандарга туюнтат.

Ал эми Алмамбеттин образын талдоодо автор бул каармандын чындыкты издеген акыйкатчылдыгын, чындык үчүн күрөшүп, бирок кытайдын бийлигинин адилетсиз үстөмдүгүн кулатууга мүмкүнчүлүгү жетпей, өкүмдарлар тарабынан куугунтукталып, өз эл-жерин таштап, акыйкат издеп Манаска келип кошулгандыгын, кыргыз элине аппак ниети менен кызмат кылган тазалыгын, кашкөй баатырлыгын, билимдүүлүгүн, жайчылыгын, согуш ишин мыкты билген стратегдигин, мамлекеттик масштабда ойлонгон, Манастын кеменгер чоросу жана оң колу болгондугун сюжеттик фактуранын негизинде ачып көрсөткөн.

Китепте Каныкейдин образы да бардык жагынан каралып мүнөздөлгөн. К.Рахматуллин кургак сөзгө эмес, дайыма мисалдарга таянат. Эпостун кол жазма текстинен тандап алып, автор Каныкейдин төмөнкү портретин окурмандарга сунат:

«Көлөңдөй чачы төгүлүп,
Короздой мойну көрүнүп,
Саирабига кыз экен,
Сап сулуунун өзү экен.
Жыла сүйлөп, шыңк этип,
Акыл толгон кез экен.
Он алты жарым жашы бар,
Олоңдой кара чачы бар,
Сары алтындан түймөдөй.
Келишкен кара кашы бар.
Жөнөкөй кийим кийинип,
Ботодой бели ийилип,
Чийдей кашы чийилип,

Жазы маңдай, кара көз,

Жатык тилдүү, ширин сөз.

Аркасы кайкы, аркар төш,

Ай чырайлуу, бото көз,

Кызыл жүзү нурданган,

Кымча бели буралган…»

Кандай керемет сөздөр менен тартылган ажайып портрет. Не деген поэтикалуулук! Эстетикалык табити сергек илимпоз катары К.Рахматуллин манасчынын Каныкейди мүнөздөөлөрүнүн эң бир чебер жерин тандап алган. Ушундай мисалдардан улам К.Рахматуллиндин каармандардын образдарын талдоолору дайыма предметтүү. Автор өзүң көрүп ал да, жыйынтык чыгар дегендей, ар качан көз алдыга эпикалык текстен суурулуп алынган жандуу элестерди окумандарга тартуулап турат.

Автор ушул лирикалык-поэтикалык портретти берүү менен гана чектелбей, Каныкейдин тышкы сулуулук менен ички адептик сулуулукту айкалыштырып алып жүргөн, теңдеши жок узчулук өнөрдү, Манаска аба менен суудай керек болгон зайыптын даанышман акыл-эстүүлүгүн, жубайына баш-оту менен берилгендикти, билимдүүлүктү, ошону менен бирге баатырлыкты, эл-жерин чексиз сүйгөндүктү көтөрүп жүргөн залкар образ катары чечмелеген.

Китепте Бакайдын образына кичине тезистер формасында гана чакан текст арналган. Бирок автордун чакан тексти өзүнүн ички мазмундук сыйымдуулугу менен бөтөнчөлөнөт. Чакан аянтта К.Рахматуллин Бакайдын жалпыланган бүтүндөй бир бейнесин бере алган десек жаңылышпайбыз. Изилдөөчү Бакайдын Манастын тагдырында кандай роль ойногондугун жана анын ким экендигин эпостун текстинен ыкчылдык жана көрөгөчтүк менен иргелип алынган мынабу үзүндүлөр менен эле окурманга туйгузуп койгон:

«Жакыптын уулу Манасты,

Салып жүрүп там кылган,

Сайып жүрүп тал кылган,

Ааламга мыкты хан кылган,

Адам заат бендеде,

Теңдеши жок жан кылган

«Ак сакалын жайкаган,

Адамдын сырын байкаган…

Акылы терең даанышман,

Кеңешин курган алыстан,

Сан жыйынга нарк айтып,

Жалгыз чыккан жарыштан…

Караңгыда көз тапкан,

Капия жерден сөз тапкан…»

К.Рахматуллин ушул ташка тамга баскандай мини портретти сунуш кылуу менен каарман тууралуу окурманды өз алдынча ойлонууга, жыйынтык чыгарууга түрткүлөп, андан ары Бакайды даанышман гана эмес, баатыр дагы, ички-тышкы саясаттагы Манастын кеңешчиси, «калың кыргыздын туткасы» катары сыпаттап, Манас дал ушул Бакайдай чоросу бар үчүн ааламга даңкы чыгып турган деген ойду дагы бир ирет бекемдеген.

Образдарды талдоонун соңунда «ак жолборстой чамынган» баатырлар Чубак менен Сыргакка арналган чакан портреттер да мазмундуу чыккандыгын белгилемекчибиз.

Жыйынтыктап айтканда, Калим Рахматуллиндин китебинин олуттуулугу жана жаңылыгы ушунда, анда Манастын жана анын жалындуу чоролорунун образдарынын бүтүндөй бир галереясы интерпретацияланып тартууланган жана алардын адеп-ахлактык, патриоттук маңызын биринчи жолу мисалдар аркылуу кыйла ишенимдүү даражада далилдүү ачылып берилген. К.Рахматуллиндин талдап көрсөткөн образдарынын руханий жана мекенчилдик терең мазмуну «Манас» эпосунун дүйнөлүк даражадагы улуу мурас экенин өзүнөн-өзү күбөлөп турат.

Автор эпостун жана анын каармандарынын нравалык-патриоттук маани-маңызы жөнүндө, Манас баатырдын мекенчилдик өрнөгүн жана анын

жеңилбес күчүн, каарман рухун анализдеп ачып бергенден кийин китебинин аягын кан күйгөн Ата Мекендик согуш мезгилинин идеологиясына ылайык төмөнкүдөй сөздөр менен бүтүрүүнү логикалуу деп эсептеген: «Кан ичер Коңурбай менен Жолойду, алардын мыкаачы колун Манас жана ал баш болгон кыргыз эли кандай талкалаган болсо,мыкаачы Гитлер менен анын талоончул аскерин да андан бетер түбөлүккө талкалайбыз.

Улуу Сталин баш болгон СССР элдеринин бул ыйык согушунда кыргыз эли да биринчи катарда турат. Улуу Совет элинин жеңип алган эркиндигин, жыргалын, өкмөтүн эч кандай күчтөр тартып ала албайт» (Ошондо, 87-бет.).

К.Рахматуллин Манастай, Кошойдой, Бакайдай, Алмамбеттей, Каныкейдей, Чубактай, Сыргактай баатыр патриот ата-бабалары жана акылмандары бар кыргыз эли Ата Мекендик согушта башка боордош советтик элдер менен бирге жеңишке жетишээрине ишенген жана ошол жеңишти жакындатыш үчүн патриоттук тарбия максатында ушул китебин чын жүрөгүнөн күчтүү атуулдук сезим менен элине рух энергиясын берүү үчүн эргип жазган. Ал согуш учурунда «Манастан» эң күчтүү патриотттук булакты жана тарбия куралын көргөн. Учурдун идеологиялык тарбиясынын муктаждыктары үчүн ушул китебин оперативдүүлүк менен жазса да, К.Рахматуллин «Манас» эпосу боюнча терең компетенттүүлүгүн, бай тарыхый кругозорго жана окумуштуулук терең ой жүгүртүүлөргө эгедер экендигин, ошондой эле өзүнүн кыргыз элинин жалындуу патриоту жана улуу мурастын таланттуу пропагандисти экенин тастыктаган. К.Рахматуллиндин «Улуу патриот, укмуштуу Манас» китеби согуш мезгилинде тылда болобу, майданда болобу ар бир кыргыздын үстөлүндө тура турган, жан чөнтөгүндө жүрө турган китеп болгон. Бүгүн да бул эмгек азыркы муундардын патриоттук тарбиясынын мүдөөлөрү үчүн кайрадан басылышы зарыл.

Тыянак

Тарыхый контекстен караганда Калим Рахматуллиндин 1942-жылы жарык көргөн «Улуу патриот, укмуштуу Манас» китеби согуш мезгилинин ата-бабалардын баатырдык өрнөктөрүнүн мисалында калайык-калкты патриоттук духта тарбиялоо идеологиясынын атмосферасында жаралган. Мезгилдин социалдык заказына жооп издеген Манас изилдөөчү К.Рахматуллин «Манас» эпосунан улуу рухий энергияны жана патриоттук тарбиянын түгөнгүс жана күчтүү потенциалын көргөн.

Ал «Манас» жөнүндө жазып жатып, өзүн учурдун талабына ылайыкташкан конъюнктурщик катары эмес, кыргыздын рух салтын жана тарыхын терең түшүнгөн Ала-Тоонун чыныгы патриоту, нагыз интернационалист, «Манас» эпосу боюнча терең компетенттүү адис, тарыхый-маданий кругозору кең, ой жүгүртүү масштабы кенен окумуштуу катары көрсөткөн.

Ал Чолпонбай Түлөбердиевдин жана Дүйшөнкул Шопоков сыяктуу фронтто эрдик көрсөткөн кыргыз уулдарынын каармандыгынан советтик патриотизмди гана эмес, улуу Манас ата баштаган илгерки ата-бабалардын баатырдык, мекенчилдик рухунун уланышын, патриоттук өтмө катыштыктын жандуу диалектикасын көрө билген.

Окумуштуу китебинде «Манасты» элдик тарыхтын негизинде жаралган көркөм феномен катары даңазалап, эпостун сюжетинин түркүн доорлордун окуяларын ичине сиңирген көп катмардуулугун, көп сюжеттүүлүгүн биринчилерден болуп белгилеп, «Манастын» замандардын тарыхый панорамасын камтыган теңдешсиз улуу эпопея экендигин көрсөткөн.

1952-жылы «Манас» эпосуна арналган бүткүл союздук конференцияда Манас баатырды баскынчы катары мүнөздөгөн жана анын жүргүзгөн казаттарын талоончул, басып алуучу согуш катары жарыялаган окумуштуу А.Боровковдон айырмаланып, К.Рахматуллин 1942-жылы эле Манастын казаттарынын кулчулуктан, эзүүдөн элди куткаруучу боштондук миссиясын,

баскынчыларга каршы кыргыз калкынын эркиндиги үчүн жүргүзүлгөн патриоттук-гуманисттик маңызын ачып салган.

Туңгуч Манастаануучу окумуштуу Н.Бернштамдын изилдөөлөрүнө негизденип, эпостогу «Чоң Казаттын» тарыхый өзөгүн 840-жылы кыргыздардын уйгур каганатынын үстүнөн болгон жеңиши түзүшү мүмкүн деген гипотезасын тартуулаган.

К.Рахматуллиндин талдоого алынган китебинин жаңылыгы – 1940-жылдардын башында «Манастын» эл оозунан жазылып алынган кол жазмалары өзүнчө том түрүндө китеп болуп чыга элек кезде, эпостун башкы каарманы Манастын жана анын чоролору Кошойдун, Бакайдын, Алмамбеттин, Чубактын, Сыргактын жана Каныкейдин образдарын биринчи жолу кыйла кеңири талдоого алып, ал образдардын адеп-ахлактык жана патриоттук философиясын калың калайык-калкка популяризациялап жеткиргендигинде.

К.Рахматуллиндин аталган эмгегинин илимий мааниси Манастаануучуларга жогорудагы талдоолор көрсөткөндөй, бир катар тематикалык-проблематикалык изилдөө багыттарын белгилеп бергендигинде жана бул ориентирлер менен болочокто илимий иштерди активдештирүүгө жол көрсөткөндүгүндө.

«Улуу патриот, укмуштуу Манастын» дагы бир орчундуу тарыхый мааниси «Манас» эпосунун руханий нарк-дөөлөтттөрүн насыяттаган, жайылткан биринчи пионер китеп экендигинде жана тарыхый-функционалдык жагынан караганда, эл үчүн патриоттук тарбия кызматын аткаргандыгында.

Улуу «Манастын» көөнөргүс кенчтерин үгүттөгөн К.Рахматуллиндин «Улуу патриот, укмуштуу Манас» китеби бүгүнкү күн үчүн да актуалдуу.

II. ГЛАВА: Калим Рахматуллиндин "Манасчылар эмгеги" Кыргызстандагы Манас таануу илиминин башаты катары.

§ 1. Манасчылардын өмүр баянын изилдөөдөгү К.Рахматуллиндин ролу

Октябрь революциясына чейин манастаануу илимине Чокан Валиханов жана Василий Радлов негиз салса, совет доорунун 30-40-жылдарында жаралган манастаануунун башатында өздөрүнүн бир катар изилдөөчүлүк ойлору менен Касым Тыныстанов, Белек Солтоноев, Мухтар Ауэзов, Е. Поливанов, К.Мифтаков, Ташым Байжиев тураары белгилүү. Ушул ысымдардын ичинен «Манас» эпосун жана манасчыларды изилдөөгө кыйла даражада системалуу түрдө профессионалдык камылга менен киришкен Калим Рахматуллин болгон. Адегенде айтаарыбыз, Калим Рахматуллинди манасчылардын Кыргызстандагы алгачкы биографтарынын бири деп атоого негиз бар. Анын «Манасчылар» китебиндеги «Манасчылардын биографиялык материалдары» аттуу бөлүмү өтө сейрек кездешкен, тарыхый жактан табылгыс материалдарды жана уникалдуу фактыларды камтып тургандыгы, ошондой эле, бөтөнчө кызыктуу мазмуну, автордук чечмелөөлөрдүн кыйла олуттуулугу менен айырмаланат. Биографиялык материалдардын кызыктуу жана уникалдуу болуп чыгышы Калим Рахматуллиндин мезгил жагынан манасчыларга жакын турушуна, кээ бир көзү түрүү манасчылар менен аралашып жашашына жана көзү өткөн манасчыларды көрүп калган адамдар менен замандаш болгондугуна да тыгыз байланышат десек жаңылбайбыз. Себеби, өмүр баян материалдарын манасчылардын замандаштары, туугандары, достору сыяктуу респонденттердин оозунан жазып алган же болбосо, ошо кезде жашап турган жомокчулардын өздөрүнүн айтып берүүсүндө кагазга түшүргөн, ошондой эле ошо кездеги фольклор жыйноочулардын жаңы эле чогулткан материалдарынан «изин суутпай» пайдаланган. К.Рахматуллин өзү минтип жазат: «Балыктын билими, саясий көз карашы, кала берсе акындыгы жөнүндө маалымат эң аз. Аны көрүп билген бир нече карыянын, айрыкча

манасчы Шапактын айтканына таянып, бул биографияны түздүк. Булардын айтуусунда Балык эң динчил адам болуп, намазын үзбөй окуган жана колунан теспеси түшкөн эмес» [78, 61].

Мына ушинтип изилдөөчү манасчы Балык жөнүндөгү биографиялык материалды манасчы Шапак Рысмендеевдин өз оозунан угуп жазган. 1863-жылы туулган Ш.Рысмендеев 1930-40-жылдарда К.Рахматуллин менен замандаш жашап, көптү билген, көптү көргөн, мурдагы чоң маначылар менен жолуккан, алардын кээ биринен таалим алган талант болгон. Шапак13-14 жаш курагында Чүйдөн Кочкорго көчүп келип туруп калган атактуу Балык манасчыны көрүп, көрмөк турсун анын жанында үч жыл жүрүп, манасын үйрөнгөн. Кийин жигит болгон кезинде Балыктын ырчы уулу Найманбай менен бирге жүргөн. Ш.Рысмендеев Балык манасчынын өмүр баянын, чыгармачылык таржымалын жакшы билген. Мына ошондуктан Шапак Рысмендеевдин айтып берүүсү боюнча жазылып алынган материалдар, айрыкча, Балык манасчы жөнүндөгү биографиялык фактылар дээрлик «документалдык» мүнөзгө ээ десек жаңылышпайбыз. Кыскасын айтканда, изилдөөчү К.Рахматуллиндин мурдагы-кийинки манасчылардын замандаштары болуп эсептелген респонденттердин оозунан жазып алган, же болбосо, көзү тирүү манасчылардын билдирүүлөрүнөн, айтып берген аңгемелеринен, маалымдоолорунан топтогон биографиялык материалдары реалдуу чындыкка жакын экендиги жана тарыхыйлуулугу, сейрек мүнөзү менен баалуу. Маселен, К.Рахматуллиндин манасчы Чоюке Өмүр уулу жөнүндө эмне деп жазгандыгын окуп көрөлү:

«Чоюке Бугу эли Арык тукумунан болуп, Ысык-Көлдүн Түргөн деген жеринде туулуп өскөн. Ал 1925-жылы 45 жаштар чамасында өлгөн. Атасы жана анын ага-инилери кедей болуп, байларга жалданып иштеп жүрүшкөн. Чоюке өзү да батрак болуп иштеген. «Манасты» айта баштаганга чейин атасынын Кененбай деген тууганына жигит болуп, Атбашы, Нарын жактарына да барып келген. Мына ушул кездерде ал «Манасты» айта баштайт да, Манастын күмбөзүнө зыярат кылуу үчүн, Кененбайдан качып,

Таласка келет. Манастын күмбөзүнө зыярат кылган соң, Таластын өзүндө туруп калат. Таластагы Карабаш Кудайберген жана Кызылбаш Кудайберген деген эки чоң манаптыкында 5-6 жыл жүрөт. Андагы кесиби «Манасты» айтуу болот. Таластан кайра келе жатып, Чүй өрөөнүндөгү Солтолук Бала Айылчы деген мыктыныкында 3-4 жыл жүрөт. Мында да манасчы болот.

Бул саякатынан элге кайткан соң, бир аз туруп, кытайга караган Какшаал деген жерге барып, анда үч жыл туруп калат. Ал жерде Усубакун деген манасчы менен бирге жүрөт. Усубакун чериктердин мыктысы экен. Бирок бул арада Усубакун өлүп калгандыктан, Чоюке кайра элге, Ысык-Көлгө кайтат.

Бул кайтышында үйлөнүп, бала-чакалуу болуп туруп калат. Кыргыз элинин 1916-жылдагы көтөрүлүшү кезинде, эл менен кошо кытайга качат. Ал жерде аялы жана балдары өлүп, жалгыз башы кайра келет.

Чоюкенин башкы мугалими көлдөгү Акылбек деген манасчы болгон. Чоюке «Манасты» 20 жашка чыкканда айта баштайт. Анын «Манасты» айта башташы да түш көрүү менен байланыштырылат.

Чоюке «Манастын» үч илтигин бүт айткан. Ал «Манасты» кооз айткан чоң манасчылардан болуп, «Манасты», айрыкча Бакайдын аңгемесин айтканда уккан эл ыйлап жиберчү экен. Анын вариантын толук болбосо да жазып алынган дешет. Бирок аны жазган жолдош өлүп кеткендиктен, ал материал табыла элек» [78, 80-82-б.].

К.Рахматуллин бул фактыларды кимден жазып алгандыгын маалымдаган эмес. Балким К.Рахматуллин 1925-жылга чейин Чоюке тирүү кезинде ага жолуккандыр, балким Чоюкенин шакирти Саякбайдан уккандыр, эмнеси болсо да, бул маалыматтарды манасчыны көргөн-билген адамдардан угуп, кагазга түшүргөндүгү көрүнүп турат. Бул «Сакадай бою сары алтын» кичинекей маалыматтан Чоюкенин бул жарык дүйнөдө аз эле жашагандыгын, ошол аз жашаган кыска мөөнөттө атактуу манасчынын деңгээлине көтөрүлгөндүгүн, мындан улам анын укмуштуу талант экендигин, бир учурларда Чоюкенин жалаң манасчылыкты кесип кылып жан

баккандыгын (Таласта Кудайберген манаптыкында, Чүйдө Бала Айылчы аттуу жакшыныкында манасчы катары «кызматта» тургандыгын эстейли), илгерки манаптардын өз короосунда манасчыны кармап, ырдатып алып жүргөн салты болгондугун билип отурабыз. Бул манастаануучулар үчүн өтө кызыктуу жана маданий маниси бар уникалдуу маалымат. Бул фактылар кыргыз элинин ичинде манасчылык өнөрдүн кадыр-баркынын өтө жогору болгондугун, улуттук маданиятыбыздын айдыңында «манасчы» деген эч жерде жок кесип жарык дүйнөгө жаралып жашагандыгын айгинелейт. К.Рахматуллиндин жогорку «фрагментинен» Чоюкенин Көлдө, Чүйдө, Таласта, Нарында, Какшаалда болуп, эл-жер кыдырып, көптү көрүп көзү ачылгандыгын, анын «Манас» үч илтигинин үч бөлүмүн тең бүт айткан классик манасчы экендигин баамдайбыз. Анын атактуу Акылбек манасчыдан, Какшаалдык манасчы Усубакундан үлгү алганы кызыктуу факт. А түгүл изилдөөчү Чоюкенин вариантынын бир учурда кагазга жазылып алынганы жөнүндөгү маалыматты да берген. Чынында эле, Чоюкенин «Манасынын» жазылып алгандыгы, жазып алууну айтылуу кыргыз революционери Ниязкан Саргулаковдун жүзөгө ашыргандыгы, китеп кылып чыгарам деп, Баку шаарына алып баргандыгы жөнүндө эл ичинде кеп-сөздөр айтылып келет. Балким, Ниязкан Саргулаковдун эрте өлүмүнө байланыштуу Чоюкенин вариантынын багы ачылбай кала бергендир. Балким ал вариант Бакунун архивдеринин биринде жаткандыр. Бир сөз менен айтканда, К.Рахматуллиндин жыйнаган биографиялык материалдары манасчылардын белгисиз өмүр-баян дүйнөлөрүн караңгылыкта жарк эттирип көргөзгөн прожектордун нуру сыяктуу.

Дагы бир айта турган нерсе, К.Рахматуллиндин «биографиялык материалдары» жөнөкөй гана «хронология» эмес, өзүнчө бир жандуу илимий изилдөө десек болот.

Илимпоз топтогон материалдарын өзүнүн комментарийлери, чечмелөөлөрү, ой жүгүртүүлөрү, трактовкалары менен коштойт. Бул жагынан караганда, айрыкча, улуу манасчы Сагымбай Орозбаков жөнүндөгү

биографиялык материалдар терең мазмунга ээ жана кызыктуу түзүлгөн. Манастаануу илиминин кийинки өкүлдөрү Сагымбай Орозбаковдун вариантынын поэтикалык өзгөчөлүктөрү, улуу манасчынын айтуучулук өнөрү, чеберчилиги жөнүндө көп жазышкан. Бирок ошол кийинки изилдөөлөрдөн С.Орозбаковдун өзүнүн инсан катары мүнөзү, граждандык-патриоттук көз караштары, жарандык позициясы, социалдык философиясы өз учурунда кандай болгондугу жөнүндө талдоолорду, ой жүгүртүүлөрдү дээрлик жолуктурбайбыз. Ал эми бул маселе болсо, К.Рахматуллиндин «Манасчылар» эмгегинде биринчи жолу козголгону көңүл бура турган кызыктуу факт. Изилдөөчү С.Орозбаковдун өткөн кылымдын 20-жылдарындагы инсандык-жарандык көз караштары жөнүндөгү материалдарды манасчынын бир тууган агасы Алишердин уулу Сыргамбектин айтып берүүсүндө жана С.Орозбаков менен 20-жылдардын башында 4 жыл бою бирге жүрүп, анын «Манасын» өз оозунан кагазга түшүргөн, улуу манасчыга сырдаш болуп калган фольклор жыйноочу Ыбырайым Абдрахмановдун маалымдоосу боюнча жазып алган. Демек, Сагымбай Орозбаков жөнүндөгү маалыматтар реалдуу чындыкка эң жакын кайталынгыс фактылар экендигин танууга болбойт.

Кээ бир өмүр-баяндык фактылардан Калим Рахматуллин манасчынын инсандык өнүгүшүнө байланышкан диалектикалык моменттерди көрө билген. Мисалы, К.Рахматуллин манасчынын жаш кезинде чыгарган, ырдаган төмөнкү ырын мисалга алат:

«Кудай бардыр куурайга
Мен эмне кылдым кудайга?
Тең жарымы ак буудай,
Тегерек баш ай куурай.
Ону куурай, беш буудай,
Бербей койду бир кудай,
Баккан эгин ушубу,
Атам көрсө ургудай»

Бул ыр эгини начар чыгып, жакшылыктуу түшүм бербей калганда, Сагымбайдын кудайга нааразы болуп ырдаган ыры экен. Эгер ал кудайга терең ишенген жаш адам болсо, ал асман тарапты карап, теңирге минтип каяша кылбайт эле. Бул ырдын мазмунунан улам К.Рахматуллин Сагымбай бир кезде жаш убагында диндик ишенимдерден жана догмалардан сырткары эркин мүнөздө да болгон, ал кудайга каршы ырдаган деген ойду берген. К.Рахматуллиндин бул ою Сагымбайдын инсан катары калыптануу жолундагы айрым бир учурду көрөгөч көз менен байкай алгандыгы менен баалуу. Чынында эле, адам төрөлгөндөн эле динчил болуп жаралбайт. Сагымбайдын да динчил эмес мезгили болгон экен. Буга жогорку «атеисттик» нуктагы ыры күбө болуп турат. Демек, К.Рахматуллин С.Орозбаковдун инсандык өнүгүшүндөгү диалектикалык бир учурду көрө билген.

С.Орозбаков кийин барып диндик ишенимге бекиген. «Сагымбайдын биографиясына караганда, кийин ал динге ишенген жана намазын калтырбай окуп жүргөн адам болгон» - деп жазат, К.Рахматуллин [78, 86-б.]. Рахматуллиндин бул маалымдоосунан улам ой кетет, Сагымбайдын вариантындагы диндик мотивдердин көптүгү анын динчилдигине байланыштуу болсо керек. Кыскасы, Калим Рахматуллиндин «Манасчылар» эмгеги биринчи жолу Сагымбайдын инсандык өнүгүшүнүн эволюциялык жагдайынан фрагментардык мүнөздө болсо да, кандайдыр бир даражада кабар бергендиги менен кымбат.

Изилдөөчү С.Орозбаков жөнүндө андан ары дагы минтип жазат:«Сагымбай жалгыз чыгарма жүзүндө гана элдин абалын жакшыртууга үндөп тим болбостон, күндөлүк турмушта да өзүнүн көз карашын ачык түрдө айтып келген.

Сагымбай падышаны да ап-ачык түрдө сынга алуудан корккон эмес. Николай II такка олтуруп, анын сүрөтүн салган күмүш акча чыкканда, Сагынбай ушуга байланыштырып, падышанын залимдигин айта кетет.Ал

гана эмес, советтерге каршы күрөшкөн эки жүздүү улутчул мытайымдарга Сагымбай ачык түрдө каршы чыккан.

Ал эми улутчулдардын дагы бир бөлүгү болгон Кудайкуловчуларды да Сагымбай такыр жактырбаган. Ал, сен элди жеп жатасын, деп Кудайкуловдун бетине айткан. Ыбырай Абдрахмановдун айтымында, Фрунзе шаарында Кыргызстан советтеринин 1 съезди ачылып жаткан кезде, Сагымбай Абдрахмановду жанына алып, Кудайкуловго учурашууга барат. Анда Кудайкулов сөз баштап, «Саке! Нарын жак кандай, ичмекей, жемекей басылдыбы?» деп сурайт.

Сагымбай: «Кудайкулов өзү баштап жешке шымаланып кирбедиби. Тердикпайдын кызын бекер алды, Чойбектин Осмонунун кула жоргосун жасалгасы менен алды, Көкүмбайдын көк тайганын каргысы менен алды, Боролдойдон жерди тандатып кестирип, бак-шак тиктирип, түнүкө жапкан үй салдырды деген сөздү элден угуп жатабыз» дейт…

Анда Кудайкуловдун өңү бузула түшүп, «Саке! айлыгыбыз кымбаттуу червандан жүз сом. Ошол жетишет экен» дейт. Сагымбай дагы эле сөздү узартып:

- 100 сом баары жоктун баарына жетишет!.. Тайсалдабасаң, үйүң жандыралдын (губернатордун) үйүндөй болуптур го» … деп, Кудайкуловду жемелейт. Бул окуядан кийин Кудайкуловдун куйруктары Сагымбайды урууга да аракет кылышат. Бирок, Сагымбай Кочкорго кетип, аман калат. (Ошондо, 90-бет).

К.Рахматуллин мына ушинтип, улуу манасчынын реалдуу турмуштагы жарандык позициясы жөнүндө чоң симпатия менен жазган. Көрсө, Сагымбай Орозбаков реалдуу жашоодо тайманбастан, коркпостон чындыкты түз айткан, калыс, адал, абийирдүү жүрүм-турумду жактаган, эл башкаруунун адилеттүүлүгүн сүйгөн, элдин эсебинен ичип-жемейге каршы турган, бирөөлөрдүн кемчилигин тайманбай көзүнө көрсөтүп, ачык сүйлөгөн, атуулдук-жарандык позициясы күчтүү адам болуптур. Мындай бүтүм үчүн манасчынын ошол кездеги өлкө башкаруучулардын бири Кудайкуловго

каршы айткан жогорудагы бетке чабар сыны мисал. Эгер ал ушундай адам болбосо улуу манасчы боло албайт эле.

Сагымбай инсандын дагы бир көз караштык өзгөчөлүгү жөнүндө Рахматуллин мындайча баян этет: «Сагымбай кыргыз элинин өзүнчө мамлекет болуп, өз эркинче жашашы жөнүндө да көп ойлогондугу шексиз. Анын Ормон хан жөнүндө айтканы да буга далил боло алат. Ал Бугу-Сарбагыштын уруучулук күрөшүн жактырбай жана ошо күрөш аркасында Ормондун өлгөндүгүнө көп кайгырган. Ал «Ормон Бугулардын колунан өлүп кетпесе, бүткүл кыргыз элинин бүлөсүн эсепке алмакчы экен. Падыша өкмөтүн Түркстанга жолотпой коймок экен. Эң сонун болор эле, ордунан чыкпай калды» деген өкүнүчүн көп айткан. Башкача айтканда, ал Ормон ханды кыргыз элинин башын кошуп, эркиндигин алып бере турган фигура болор эле, деп караган. [89-б.].

К.Рахматуллин бул жерде С.Орозбаковдун инсан катары социалдык-саясий философиясы жөнүндө ой жүгүрткөн. Изилдөөчү мындай философия тууралу оюн айтууда манасчынын Ормон хан жөнүндөгү идеясына таянган. Цитатага алынган фрагменттен Сагымбайдын кыргыз элинин тагдыры, эркиндиги, өз алдынча мамлекет болушу жөнүндө ойлонгон даанышман экендиги, калктын көз карандылык, колониялык абалын кабыл албаган патриот болгондугу, Ормон хандай күчтүү улуттук лидер тууралу ой толгогондугу, улут тагдырында Ормон хандын ойноп берчү ролу жөнүндөгү социалдык-философиялык утопияны да кыялында алдейлегени көрүнүп турат.

Кыскасы, К.Рахматуллиндин Сагымбай Орозбаков жөнүндөгү биографиялык материалы манасчынын өздүк, анын социалдык-саясий, инсандык-жарандык, патриоттук көз караштары, позициясы тууралу эч жерде кездешпеген маалыматтарды жана изилдөөчүлүк чечмелөөлөрдү камтыгандыгы менен кайталангыс. Бүгүнкү күндө Сагымбай Орозбаковдун чыныгы инсандык бейнесин түзүүдө өткөн кылымдын 40-жылдарында

түзүлгөн К.Рахматуллиндин манасчы жөнүндөгү ушул «биографиялык материалы» эң маанилүү булак катары кызмат кылмак демекчибиз.

Булак катары дегенибиздин себеби, дагы айталы, манасчылар жөнүндө бүгүнкү күндө жазылып жаткан портреттерде К.Рахматуллиндин 1942-жылы «Кыргызмамбастан» жарык көргөн ушул «Манасчылар» китебинде жазылып турган көптөгөн сейрек маалыматтардын камтылбагандыгын, пайдаланылбагандыгын көрөбүз. Мындай жагдайдын бир себеби К.Рахматуллиндин 1946-жылы көзү өтүп, аталган китебинин ошол 1942-жылы жарык көргөн бойдон экинчи кайталанып басылбай, мезгилдин катмарларында калып унутулуп кеткендигинен болуш керек деп ойлойбуз. Бул унутулган китептен, дагы айталы, манасчылардын өмүр баянына байланыштуу бүгүнкү күндүн адамдарына таптакыр белгисиз өмүр таржымал окуяларын жолуктурабыз.

Маселен, Балык менен Саякбай Каралаевдин өмүр-таржымалынан төмөнкүдөй мурда белгисиз жаңы окуяларга күтүүсүздөн күбө болобуз. Бир эки мисалды алдыга тарталы. Маселен, Балык манасчынын өмүрүнөн төмөнкү фрагментти окуйлу:

«Балыктын балалык чагы, ал эмес, жигиттик чагы да көрүнгөндүн кызматында жүрүп өтөт. Атадан жаш жетим калып, оокат үчүн малай болуп иштөөгө аргасыз болот. Балык соку жанчууга өтө уста болуп, бир буум тарууну көзачып жумганча актап коюучу экен. Балык эмгекти жакшы көргөн адам болгон. Анын туугандары, «сокучу болбой эле, башка иш кылсаңчы» дешсе, Балык «тердеп, чаң болуп, адал кызмат кылганды артык көрөм» деп жооп берчү экен. Балык ошентип малайлыкта жүргөн кезде, кыргыз эли Кокон ханына карачу экен. Олуя-Атада (азыркы Тараз) ошо Кокон ханынын улугу болуп, казак-кыргыздан салык (зекет) жыйдырып турган. Таластагы кыргыздын чоңдору ал улукка тартуу катарында, Балыкты кызматчы кылып беришет. Балык өзүнүн кызматы менен улукка жаккандыктан, улук аны койчуларына башчы кылып коёт. Анан Балыктын колуна үч койчу (чекер) берип, зекетке жыйылган койлорду Намангенге айдатат. Балык койлорду

аман-эсен жеткирет жана өзүнүн акындыгын көрсөтүп, «Манасты» айтып берип, Намангендеги чоң улукка да жагып калат. Ал улуктун (Кушбегинин) дайындоо боюнча аны да мактап ырдайт. Кушбеги Балыкка ат мингизип, тон кийгизип жөнөтүп, Таластагы кыргыздардын Ажыбек, Бүргө деген чоңдоруна, «Балыкты жакшы күткүлө», деп буйрук жиберет.

Мына ушу жерден тартып, Балыктын өзүнчө турмушу башталат. Балык өзүнүн акындыгы жана акылмандыгы аркасында бат эле бүткүл Таласка кадырман болот. Ажыбек менен Бүргө Балыктан кеңешисиз иш кылбай турган болуп, чынында элди Балык бийлеп калат. Барган сайын Балыктын акындыгы күчөп, даңкы бүткүл кыргыз элине жайылат» (Ошондо-58-60 бет).

Саякбай Каралаевдин өмүр жолунан фрагмент: «Эл үрккөндө эл менен бирге кытайды көздөй жөнөйт. Эл менен кошо бараткан Саякбай бир нече жолдошу менен бирге ак падышанын генералы Бычковдун колуна түшөт. Ал туткундарды Түргөн деген жерге айдап барып, адам чыдагыс зомбулук көрсөтүп, көбүн өлтүрөт. Акыр аягында, Саякбай ажалдан аман калып, бир кулакка 1918-жылга чейин акысыз малай болуп жүрөт.

1918-жылы Шихабутдин деген большевик баш болгон Кызыл Армия бөлүгү келип калганда, Саякбай ошолордун катарына кирип, кызыл партизан болот» [78, 100-б.]..

К.Рахматуллиндин «Манасчыларындагы» бул фактылар азыркы «Манастаануу» курстары боюнча жазылган окуу китептеринен, окуу куралдардан, Балык, Саякбай манасчылардын өмүрүнө арналган соңку биографиялык материалдардан, илимий макалалардан, илимий-популярдуу, публицистикалык китептерден кездешпейт. Өйдөкү өмүр баяндан бир үзүм Балыктын баскан жолуна жана инсандык бейнесине табылгыс толуктоо болуп саналат. Бул өмүр баян фактысын келтирүү менен Калим Рахматуллин Балыктын жаш кезиндеги турмушу кыйын-кезеңдүү болгондугун, анын кыйынчылыктарда такшалгандыгын, ак эмгекти, адал мээнетти сүйгөндүгүн, өзүнүн таланты, талбаган күч аракети менен кожоюндарга, башкаруучуларга жагып, каармандык менен өйдөлөп өсүп, эл-журттун көзүнө көрүнгөндүгүн

көрсөткөн. Манасчынын өмүр баянын так, даана түзүү зарылчылыгына келгенде, К.Рахматуллиндин Балык жөнүндөгү биографиялык бул эпизоду жаңыча портрет тартууга табылгыс штрих.

Ал эми жогорудагы Саякбайдын өмүрүнөн алынган фрагмент манасчынын таржымалына да табылгыс тактоо. Биз бул фрагменттен С.Каралаевдин Кызыл Армиянын катарына кандай шартта кошулуп калганын, кошуларга чейин анын тагдырынын драмалуу тарыхынын белгисиз жаңы жагдайын билип отурабыз. Бул фактыны окумуштуу убагында Саякбай Каралаевдин өз оозунан жазып алган болуу керек.

Жыйынтыктап айтканда, К.Рахматуллин «Манасчылар» китеби Келдибек, Балык, Чоюке, Тыныбек, Сагымбай, Тоголок Молдо, Жаңыбай Кожеков, Шапак Рысмендеев ж.б. залкар манасчылардын өмүр-таржымалы, баскан жолу жөнүндө кайталангыс, уникалдуу материалдарды камтып тургандыгы менен айырмаланат жана манасчылардын өмүр-таржымалын үйрөнүүдө өзүнчө бир булак катары кызмат кыла алат. Эмгектин баалуулугу манасчылардын кээ биринин өз оозунан же манасчылар менен аралашып жашаган, көргөн, билген, бирге жүргөн инсандардан жазылып алынган маалыматтарга негизделип тургандыгында жана Рахматуллиндин мазмундуу, логикалуу ой жүгүртүүлөрү, чечмелөөлөрү, бүтүмдөрү менен коштолгондугунда. Манасчылардын биографиясын жазып жатып, К.Рахматуллин алардын манасчы катары калыптануу, түш көрүү маселелерин да козгоп жүрүп отурат. Калим Рахматуллинди манасчылардын алгачкы биографтарынын бири катары манастаануу илиминде өз ордуна коюу зарыл. Анын манасчылар жөнүндөгү биографиялык материалдарын өзүнчө китеп кылып, кайра бастыруу керек.

§ 2. Манасчылардын “Түш көрүүсү” жөнүндөгү маселени Калим Рахматуллиндин чечмелеши

Манастаануу илиминде манасчылардын түш көрүү, асман тараптан, арбактар жактан аян алуу аркылуу «Манас» эпосун айтып калышы жөнүндөгү маселе түшүндүрүүнү талап кылган өзүнчө бир фольклористикалык проблемага айлангандыгы чындык. Ушул проблемага байланыштуу манасчылык өнөрдүн айланасында, эпостун тегерегинде көптөгөн талаштар болуп келет. Демократиянын жылдарында ар кандай диндик, мистикалык агымдардын, «кайып илими» деген сыяктуу жаңы мифологиянын эл арасына жайылышына байланыштуу манасчылардын түш көрүү маселеси өзүнчө курчуп, татаалдашып, түшүндүрүүгө оор, актуалдуу нерсеге айланды. Илим-билим заманында бул маселе илимий позициядан түшүндүрүлүп, чекит коюлушу керек эле. Тилекке каршы, соңку он жылдыктарда элдин динге массалык түрдө өтүп жатышынын шарттарында «түш көрүү» маселесин мистикалаштыруу ого бетер активдешүүдө. Мурдагы, илгерки манасчылардай эле, бүгүнкү эл алдына чыккан жаш манасчылар да өздөрүнүн манас айтып калуусунун мотивациясын кудуреттүү күчтүн жардамы менен болуп жаткан сыйкыр кубулуш катары билдиришүүдө. Бул маселеде бир эки мисалды күбөгө тартуу ылайык.

Соңку манасчылар Кубанычбек Алмабеков менен Тилек Асанов өздөрүнүн манас айтып калуусун мындайча түшүндүрүшөт. Тилек Асанов: «Мен он эки жашымда түш көрүүдөн кийин гана «Манас» айтып калдым. Түшүмдө Манастын кырк чоросу тегеректеп курчап келип, арасынан кимдир бирөө коңур үн менен: «Манас атаңды билесиңби?» деп собол салат. Мен эмне деп жооп кайтараарымды билбей, акыры: «Бир аз эле билем» деп айтып жибердим. Баягы үн «Анда эмесе, мындан ары баатыр Манастын баянын айтасың! Азын айтсаң, көбүн билип айтып кетесиң!» деп өкүм кылды. Айлам кетип «Мен Манас айта албайм, айтпайм!» деп каяша айттым. Жанагы үн «Айтпайм дечү болбо, айтасың!» деп буйрук кылды. Мен тегеректеп турган баатырлардын сүрүнөн коркуп «Айтам!» дедим. Ошондо, көпчүлүктүн

ичинен кимдир бирөө «Бул балага өзүң айтып, баштап бербесең болбойт. Коркуп калды окшойт» деди. Кайдан-жайдан Саякбай манасчы пайда болуп: «Кана эмесе, угуп тур!» деп «Манас» айта баштады. Бир аз айткандан кийин «Эми ушул айтканымды улап айт!» деди Саякбай ата. Мен манасчынын айтканын улап, бир топко чейин айтып барып, анан эмне болгонун билбей калдым. Мына ошол түштөн кийин мен ачыкка чыгып, эл ичинде «Манас» айта баштадым.» [32, 265-б.].

Кубанычбек Алмабековдун сыр ачуусу: «1962-жылы айыл четиндеги чоң суудан өтүп бара жатып, өзүмдөн-өзүм эле Манас менен Коңурбайдын кармашын айтып кирип, эсим ооп жыгылып калыптырмын. Канча убакыт айтканымды да, канча убакыт жатканымды да билбейм. Айтор, жатып калган жеримден чоң атам издеп жүрүп таап: «Баламды арбак даарып кеткен тура…» деп, үйгө алып келип, чоң энем экөө мени ырымдаптыр. Кийинчерээк, чоң атам каза болуп, кырк ашы бериле электе, чоң атам түшүмө кирди. Түшүмдө чоң атам колумдан кармап, Бакай атага ээрчитип келди. Бакай ата: «Таанып ал, бул Семетей, бул Манас, бул чоролор» деп баарынын атын атады. Анан «Эми буларды оозуңдан түшүрбөй, айтып жүр!» деп буйрук берди. Эртеси элирип «Манас» айткым келип калыптыр» [32, 266-б.].

Биз соңку манас айтуучулардын бул сыр ачууларын көрсөтмөлүүлүк үчүн келтирдик. Демек, келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай, манасчылардын кийинки генерациясы да өздөрүнүн манасчы болушунун чечүүчү себеби катары түш көрүү кереметин жана түштөн алган арбактардын буйрук-тапшырмасын эсептешет жана буга терең ишенишет. Башка альтернативалуу түшүндүрмөлөргө жол беришпейт. Бүгүнкү күндө манасчылардын ушундай ишенимин өздөрүнүн псевдоилимий ой жүгүртүүлөрү менен бекемдеген мистик илимпоздор да арбын. Маселен, филология илимдеринин кандидаты Талантаалы Бакчиев өзүнүн «Роль духов-покровителей в определении репертуара и сказительского статуса манасчи» аттуу макаласында минтип жазат: «Каждый манасчи неповторим в

своей сказительской деятельности. И основными их отличительными особенностями являются: 1) стиль исполнения; 2) художественный уровень текста эпоса; 3) основной репертуар; 4) статус в сказительской традиции. И в определении всех этих особенностей в сказительской деятельности главенствующую роль играют духи-покровители». [17, 99-б.].

Т.Бакчиевдин ой жүгүртүүсү боюнча манасчылардын репертуарын жана айтуучулук статусун тиги дүйнөнүн күчтөрү, арбак-колдоочулар аныктайт экен. Мына ушинтип, манасчылардын түш көрүп манас айтуу жөнүндөгү мистикалашкан ишенимине «илимий» жактан колдоо көрсөтүлгөн учурлар аз эмес. Мындай жагдайлар албетте, маселени ого бетер чиелеништирип, тумандатпай койбойт жана коомчулукта туура реалистттик көз караштын калыптанышына жолтоо болот. Мына ошондуктан манастаануу илиминде «Түш көрүү» маселесинин туура илимий нукта интерпретацияланышына жана рационалдуу түрдө чечилишине жетишүү актуалдуу бойдон калууда. Ошондуктан бул маселеде манастаануу илиминин ардагерлеринин, алгачкы демилгечи илимпоздордун аталган көйгөйдү чечмелөөдөгү позитивдүү тажрыйбаларына, бүтүмдөрүнө, жыйынтыктарына, көз караштарына кайрылуу иштин логикалуу объективдүү чечилишине өбөлгө демекпис. Калим Рахматуллиндин мурастарына кайрылуу зарылчылыгы ушундан улам болуп отурат. Эмесе, Калим Рахматуллиндин 1942-жылы жарык көргөн «Манасчылар» эмгегинин «Түш көрүүнүн мааниси» аттуу бөлүмүнө кайрылалы. К.Рахматуллин кеп болуп жаткан маселеге байланыштуу 1942-жылы төмөндөгүдөй деп жазган: «Биз жогоруда манасчылардын кандай акын экендигине жана алар «Манасты» кантип түзгөндүктөрүнө жана айткандыктарына токтолдук. Бирок манасчылардын өзү бул процессти биз айткандай түшүндүрбөйт. Алардын айтымында, алар «Манасты эч кимден үйрөнүшкөн эмес жана өздөрү да ойлоп чыгарышкан эмес. Алар өздөрүн Манастын касиети даарып кеткендиктен жана Манастын буйругу боюнча «Манасты» айтышат имиш. Алардын айтканынын бардыгын Манастын өзү алардын көңүлүнө салып кетет имиш. Кантип дегенде, алар биз түшүбүздө

Манасты көрдүк, ал ушинтип ырда, деп кетти дешет. Ырас, башка манасчылардан таалим алдык дегендери да бар. Бирок булар да (маселен, Шапак) баары бир түш көрөт. Буларды да Манас «даарып кетет» да, ошондон кийин гана «Манасты» айта башташат.

Манасчылардын көргөн түштөрү мазмун жагынан бир. Булардын бардыгына түшүндө Манас же анын чоролору көрүнүп, аларга «Манасты» айт, деп буйрук беришет. Семетейчилерге болсо, Семетей, Күлчоро, Канчоролор көрүнөт. Маселен, Сагынбай «Манасты» бүткүл чоролору менен көрөт. Алардын «Манасты» тагыраак айтсак «Манастын» айрым эпизоддорун айтып жатканын угат, анан алар, сен «Манасты» айткын, деп Сагынбайга буйрук беришет. Ал гана эмес, ичинен бирөө, же айтасың, же өлтүрөм, деп коркутат. Тыныбек да «Манасты» жана анын чоролорун түшүндө көрөт. Алар ага да, бизди айткын, деп буйрук беришет. Анан эл чогулган жерде башка ырды айтайын десе, артынан бирөө түртүп, «Манасты» айт, деп дагы буйрук берип туруп калат. Жаңыбай болсо Семетейди айтпай жүрөм деп майып болууга аз калат имиш. Кыскасы, манасчылардын бардыгы Манастын буйругу менен айтышат. Манас же анын чоролору адегенде жакшылык менен айтышат да, ага болбосо, коркутуп зыян келтирип, акыры «Манасты» айтууга аргасыз кылышат. Мына ушинтип түш көргөндөн кийин манасчы акын өзүнөн өзү эле «Манасты» билип калып, айта баштайт. Бул легенда кээ бир манасчыларда өтө апыртылып айтылат. Маселен, Балык Манастарды көрүп, сүйлөшкөнү бир болсо, ал гана аз келгенсип, Манас ага бир ат берет. – Балык ал атты минип жүрөт» [78, 37-б.].

Келтирилген бул цитатадан К. Рахматуллиндин манасчыларды, алардын тарых-таржымалын жакшы билгендиги, айрыкча манасчылардын «түш көрүшүнө» тиешелүү биографиялык фактылар боюнча кеңири маалыматы бар экендиги айкын көрүнүп турат. К.Рахматуллин өзүнүн «Манасчылар» эмгегинде манасчылардын түш көрүү фактыларын четке каккан эмес. Тескерисинче, кереметтүү «түш көрүүнү» табигый нерсе деп эсептеген. Түш адам баласы үчүн мүнөздүү феномен экени эч кандай талаш

туудурбайт. Бирок манастаануучу окумуштуу «түш көрүүнү» манасчыларча кереметтүү чындык, реалдуу болуп өткөн иш катары түшүндүрүүгө макул болгон эмес. Илимпоз түш көрүүдөн кийин, манас айтып калдык деген билдирүүлөрдүн кандай себептен чыгып жаткандыгын объективдүү түшүндүрүүгө аракет кылган. К.Рахматуллин түш көрүү маселесин тарыхый-социологиялык методология менен чечмелөөгө аракеттенген. К.Рахматуллиндин методологиясы жөнүндө сөз кылуудан мурда төмөнкү ойлорду айта кетүүнү ылайык көрөбүз.

Тарыхый психологияда интроверттер жана **экстраверттер** деп адамдарды эки психологиялык типке бөлөрү белгилүү. Интровертөзүн-өзү талдоого жөндөмдүү, өзүнүн субъективдүү дүйнөсүн талдоого алып, өзүн тышкы дүйнөдөн бөлүп карай алат. Ал эми экстраверт болсо өз ички дүйнөсүнүн кубулуштарын талдоодон, рефлексиядан оолак келип, көбүн эсе көңүлүн тышкы дүйнөгө буруп, тыштагы объектилер менен биригип, таанычты өз ичинен эмес, тыш жактан издейт. Биздин көчмөндүк дүйнөгө негизинен адамдын экстраверттик тиби мүнөздүү болуп келген. Бул жагынан окумуштуу С.Байгазиевдин ою кыргыз чөйрөсү үчүн экстраверттик типтин мүнөздүүлүгү жөнүндөгү биздин пикирибизге жакын. С.Байгазиев өзүнүн «Патриархалдык коллективизмден инсандык автономияга карай» деген эмгегинде төмөндөгүдөй деп жазат:

«Сандаган фактылар карт Тянь-Шандагы кечөөкү көчмөндүк жамаат үчүн ичтен багыт алып чыккан инсанга, өзүн-өзү детерминациялаган субъектиге караганда негизинен тыштан багыт алып чыккан кишинин тиби көбүрөөк мүнөздүү болгондугун күбөлөп турат. Мындайча айтканда, биздин чөлкөмдө өз алдынча индивидуалдуу ой жүгүрткөн инсанга караганда, түшүнүктөрү менен ойлоосу патриархалдык-көчмөндүк жамааттын жалпы кабылданган көнүмүштөрү менен стандарттарынын нугунда «аккан» адам көбүрөөк тараган. Бул жерде этикалык жүрүм-турум «Ушундай болушу керек», «Момундай болууга тийиш» - деген стандарт-калыптар менен ченелип-бычылат. Мындай стандарт – калып массалык аң сезимде совет

доорунда-жалпысынан инсан тарыхый уйкудан ойгонгон кезде да жашоосун уланта берди» [13, 15-б.].

Окумуштуунун мындай оюнун тууралыгын эксперименталдык-психологиялык изилдөөлөр да ырастайт. Маселен, 30-жылдардын башында көрүнүктүү психолог-окумуштуу А.Р. Лурия өзүнүн экспедициялык тобу менен Кыргызстандын элет аймактарында, тоолуу айылдарында психологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Изилдөөнүн максаты адамдардын аң сезиминин өнүгүшүнүн реалдуу абалын, алардын дүйнөнү таанып билүүсүнүндаражасын, өзүн-өзү талдоонун, өзүн-өзү аңдап түшүнүүсүнүн деңгээлин эксперименталдык негизде байкап көрүү болгон. Изилдөөнүн натыйжаларын корутундулап, А.Р. Лурия төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарган:

«Эксперименттик сыноого тартылган кишилер үчүн өзүн-өзү мүнөздөөгө караганда бирөөлөрдү мүнөздөө жеңилирээк болду. Өздөрүнүн жекече жорук-жосуну, ички сапат-касиеттерин мүнөздөө көр тиричиликтин материалдык фактыларын, тышкы коомдук жүрүм-турумдун формаларын баяндоо менен алмашылып, жекече индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн талдоо группалык жүрүм-турум жөнүндөгү сөзгө, жекече «мен» жалпы «биз» тууралу кепке айланып кетип жатты. Көп учурда адамдар өздөрүнүн керт башынын касиеттерин индивидге же коллективге коюлган коомдук талаптар менен нормаларга салыштыруу жолу менен баалап жатышты. Өздөрүнүн мүнөздөрүн сыпаттоодо өздөрү жөнүндөгү башкалардын пикирлерине таянышат» [54, 150-151-б.].

А.Р. Лурианын корутундусун караңыз, тоолук пенделерде өзүн-өзү талдоо, өзү менен өзү диалогко өтүү, өзүн-өзү аңдоо маданиятынын жетилбегендиги, тескерисинче, авторитардык ойлоо үстөмдүк кылып турганы ачык сезилет.

С.Байгазиев менен А.Р. Лурианын ой жүгүртүүлөрү патриархалдык-көчмөндүк чөйрөнүн кулундары болуп эсептелген манасчылардын негизинен адамдын экстраверттик тибине жатары жөнүндөгү ойго алып келип такабай

койбойт. Анткени алар өздөрүнүн ички дүйнөсүндө өтүп жаткан психикалык процесстерди өздөрүнөн тышкаркы дүйнөдө жашаган кудуреттүү күчтөр, арбактар, кудайлар менен түшүндүрүүгө аракеттенишип, тыш жакка ориентация жасап жатышкандыктары көрүнүп турат. Өзүнүн эмгегинде экстраверт терминин колдонбосо да, Калим Рахматуллин манасчыларды өздөрүн курчап турган чөйрөнүн стандарттары, ишенимдери, стреотиптери менен жашаган, тышка багыттанган адамдар катары туюнгандыгы байкалып турат. Ушул жагынан анын “Манасчылар” китебинде эмне деп жазгандыгына дагы көңүл буралы:

“Биринчиден, “Манас” эпосунун кыргыз элине болгон таасирин алалы. “Манас” кыргыз эли үчүн жалаң кооз адабият чыгармасы гана эмес. Ал анын өткөндөгү маданий жана саясий курулушунун күзгүсү катарында болгон саясий жана тарыхый чыгармасы. Ошондуктан ал аны кадырлайт, андагы күчкө ишенет. Ал гана эмес, “Манастын” күчүн кудайдын күчү менен бир коюп келишкен. Динчилер, молдо-эшендер ооруган адамды куран окуп “айыктырса”, кыргыздар манасчыларга “Манасты” айттырып “айыктырат”, демек, “Манас” куран менен катар жүрөт. Биз муну Келдибек менен Сагынбайдын биографиясынан көрөбүз. Алар мал ыландаганда, же адам ооруп калганда барып, “Манасты” айтып беришчү экен. “Манасты” айтуучу адамдарды алалы. Булар, өз учурундагы эл катары түрдүү кереметтерге ишенген кишилер. Алар түшүнүк жагынан элден жогору турган эмес. Ошондуктан булар, эреже катарында, Манастын бөтөнчө, табияттан тышкары фигура экендигине да, “Манасты” айтуу үчүн түш көрүүнүн, - “Манастын” даарышынын керек экендигине да ишенишкен. Анткени “Манас” жана манасчылар жөнүндөгү легендаларды алар күндө дээрлик угат жана өздөрүнүн түрдүү кереметтерге ишениши аркасында, “Манас” менен байланыштуу легендаларды да чынга алат” [78, 39-40-б.].

Мына ошентип, К.Рахматуллиндин көз карашы боюнча шамандык, пантеисттик, диний-мифологиялык түшүнүктөр өкүм сүргөн кыргыз чөйрөсүндө жашаган манасчылар ал чөйрөнүн алкагынан тышка чыгып кете

алышкан эмес жана Манасты тыштан колдоп турган ыйык кудуреттүү күч катары санап, Манастын арбагына ориентация жасашкан. Алар чөйрөнүн Манас жөнүндө түзүп алган диндик ишенимдерине сугарылышкан. Ушундан улам алар түш көрүүдөн кийин манасты айтып калуу себебин түшүндүргөндө, экстраверт катары тышкы кереметтүү арбактардын күчүнө абсолюттук түрдө басым коюп, өз ичиндеги психикалык процессти талдоо, себептерди өздөрүнүн субъективдүү дүйнөлөрүнөн издөө ойлоруна да келбейт.

К.Рахматуллин жогоруда жазгандай, эл да, манасчылар да “Манастын” күчүн кудайдын күчү менен бирге коюп келишкен. Ошондон улам манасчылар адам сыркоолоп, мал ылаңдап калганда “Манас” айтып дарылап жатышат жана эл журт да Манасчыны чакырып, сыркоону “Манас” айттырып айыктырууга аракет кылып отурушат. Мына ушундай шартта түшүндө аксакал адамды, Кырк Чорону же Манасты көргөн жомокчу түшүндө “Манасты айт” деген ишараны, сунушту, буйрукту ыйык Манастын заказы катары кабыл алып, реалдуу нерсе катары түшүнүп, дастанды Манас түшүмө киргенден кийин айтып калдым деп чын ниетинен сыр ачууга аргасыз болууда. Ушул маанидеги нукта К.Рахматуллин “Ал эми “Манас” ушундай бөтөнчө чыгарма болсо, аны айтуу иши да жөнөкөй чыгармаларды айтуудай болбоско тийиш деп ойлоо мүмкүндүгү өзүнөн-өзү маалым. Ошондуктан аны айткандар жөнөкөй акындардай өздөрүнөн чыгарып, же үйрөнүп алып айтпастан, Манастын даарышы боюнча айтууга тийиш болот. Түш көрүүнүн, даарыгандын жашап келишине, ага элдин ишенишине башкы себеп ушул” [78, 39-40-б.] – деп дагы туура жазган. Терең байкасак, К.Рахматуллин “түш көрүү” маселесин психологиялык жактан түшүндүрүүгө аракет кылган. Окумуштуу андан ары оюн улап төмөндөгүдөй корутунду жасаган: “Биздин оюбузча бул процесс мына бул түрдө болууга тийиш. Баарынан мурда айтарыбыз: түш көрүү бар иш. Бирок мындан бир топ эскертүүлөр берүү керек. Мында “Манастын” кыргыз эли ичиндеги таасирин эске алсак, анан “Манасты” түш көрүп айтат экен деп элге таралган жана

көпчүлүк ага ишенген традицияны эске алсак, анан “Манас” өңдүү зор чыгарманы өздөштүрүп жүргөн акындын нервалары, сезимдери, духтук авалы кандай тепкичтерди өтүшү мүмкүн экендигин эске алсак, ал манасчылардын чыны менен түш көрүшүнө ишенүүгө болот. Мында ишенүүгө, өзүн-өзү ишендирүүгө негиз көп. Демек, түш көрдүк дегендердин бардыгын калпка чыгарып койсок, өзүбүз калп болуп калышыбыз мүмкүн” [78, 38-39-б.]. Мына ушинтип, Калим Рахматуллин манасчылардын “түш көрүү” маселесине объективдүү мамиле жасап, аталган проблеманы түшүндүрүүдө тарыхый методологияны, социологиялык-психологиялык усулду колдонгон. Мындай методология, усул, башкача айтканда, “түш көрүүдөн кийин манас айтып калуу” кубулушун кеңири коомдук контексттен карап, социалдык чөйрөнүн тарыхый өзгөчөлүгү, тарыхый психологиясы, диндик аң сезими, ишеними менен бирге алып чечмелеши туура жыйынтык чыгарууга алып келген. К. Рахматуллиндин түшүндүрүүсүнөн улам түшүндө аян алуу аркылуу гана “Манас” айтылат деген манасчылардын билдирүүлөрүнүн реалдуу негизи жок экендигине, бул диндик дүйнө кабылдоонун туудурган мифи экенине ынанууга туура келет.

К. Рахматуллин манасчынын эмне үчүн “Манас” жөнүндө түш көрүү себебине да токтолуп, минтип жазган:

“Манасчы жаш бала, же жигит болуп, ошо кезде айрыкча бир чыгармачылык көтөрүлүш, шыктануу мезгилин башынан өткөрөт. Анткени ал “Манасты” айтууга камынып, анын мазмунун да, поэтикасын да, техникасын да өздөштүрүп жүргөн кези болот. Мурун такыр ырдабаган, же анча мынча майда ырларды ырдап жүргөн жаш акынга “Манас” өңдүү эбегейсиз чоң чыгарманы өздөштүрүү оңойбу? Мына ошентип жаш манасчы өзүнүн кереметке ишениши аркасында, анан “Манасты” айтуучулар түш көрөт деген пикир эл арасына кеңири жайылып, жаш манасчыда ага ишениши аркасында жана анын чыгармачылыгы жаңыдан өсүп, арбып келе жаткан учур болгондуктан түш көрүшү да мүмкүн” [78, 40-41-б.]. Мына ушинтип К.Рахматуллин Манастын романтикасына берилген жаш

манасчынын түш көрүү мотивин психологиялык көрөгөчтүк менен түшүндүргөн. Чындыгында эле, адам бир нерсеге катуу берилип, бир максаттын артынан кубалап, делбетап болуп, К.Рахматуллин айткандай, **“чыгармачылык көтөрүлүш, шыктануу мезгилин башынан өткөрүп”** жатканда инсандын кылып жаткан иши, ойлогондору, кыялдары кээде фантастикалык формада анын түшүнө кирээрин психоаналитикалык изилдөөлөр далилдеген эмеспи.

Бул жерде белгилеп кете турган нерсе, 1940-жылдардын баш жактарында манастаануу илими али жарала элек кезде манасчылардын “түш көрүү” маселесин К.Рахматуллин биринчилерден болуп чечмелеген. Бул анын тарыхый сиңирген кызматы болуп эсептелет. “Түш көрүү” маселесин К.Рахматуллиндин тарыхый методологиянын позициясынан чечмелеши кийинки “Манас” изилдөөчүлөргө өзүнүн таасирин тийгизген. Мисалы, алгачкы ”Манас” таануучулар Ташым Байжиев менен Зияш Бектенов өздөрүнүн 1948-жылы мектеп үчүн жазып жарыкка чыгарышкан “Кыргыз адабияты” окуу китебинде айтылуу “түш көрүү” маселеси боюнча мындай деп жазышкан: “Арбак” түшүнүгү кыргыздын диндик маданиятында илгертен адамдардын канына сиңген түшүнүк. Кыргыздардын “ата-бабанын арбагы колдосун” деп бата бериши бекеринен эмес. Кыргыздар үчүн Манас Ата ыйык болгон. Манас Атанын арбагы тирүү, ал колдойт деп ишенишкен. Ошол үчүн мал ылаңдан калганда Манас айтып дарылоо орун алган. Манас ыйык деп саналган соң, арбакка, динге ишенген манасчы өзүнүн Манас айтып калышын жөн жерден эмес деп эсептеген да, манасчылыкты ыйык, кудуреттүү көзгө көрүнбөгөн күчтүн мага тартуулаган шыбагасы деп ойлогон. Көргөн түшүн Манастын арбагынан каалоо-тилеги же буйругу катары кабылдабай койгон эмес. Буга кошумча өзүнө чейинки манасчылардын жомокчулугун түш менен байланыштырганы да, ага таасир берип, өзүнүн түш көрүүсүн арбактардын сыр бергендиги катары туюнбай койбогон. “Түш көрүү” жөрөлгөсүнө элдин да ишенгендигинен улам өзүнүн түшүн ал Манас айтууга жогорку күчтөн бата алгандыгы катары туюп, демек,

өзүнүн баркын көтөрүш үчүн муну айланасындагыларга айта жүргөн” [16, 37-б.]. Окуу китебинин авторлору “түш көрүү” маселесин Рахматуллиндик духта чечмелешкендери дароо көзгө урунат.

Бул илимпоздордун туура бүтүмүн белгилүү фольклорист, филология илимдеринин кандидаты Мунduк Мамыров “авторлор билгичтик менен териштирип, илимий жагынан туура жооп беришкендиги менен да айырмаланышкан. Түш көрүү маселесинде К. Рахматуллиндин ойлору ырааттуу улантылып, аларды өздөрүнүн пикири менен өнүктүрө билгендигинен эле илимий мамиленин так жасалганын көрөбүз” [55, 3-б.] – деп акыйкат белгилеген.

Бүгүнкү күндөгү Манас эпосунун келип чыгышын мистикалаштырган жана түш көрүү маселесин диндештирген, мифологиялаштырган “Илимпоздор” жана жаш манасчылар орошон окумуштуу Калим Рахматуллиндин жогорудагы объективдүү ойлору жана чечмелөөлөрү менен эсептешүүгө тийиш.

§ 3. К.Рахматуллиндин “Манастын” варианттарынын сюжетин тарыхта биринчи жолу салыштырышы жана окумуштуунун манасчылык өнөрдү үйрөнүүдө салттуулуктун ролун тастыкташы

Калим Рахматуллин өзүнүн “Манасчылар” эмгегинде манасчылар Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин варианттарынын сюжеттеринин салыштырма таблицасын түзүп чыккан. Эки улуу манасчынын варианттарынын сюжеттик схемаларын салыштырма планда түзүү манастаануунун тарыхында биринчи жолу жүзөгө ашырылган. К.Рахматуллиндин салыштырма таблицасы төмөндөгүчө.

Сагымбай Орозбаковдун варианты	**Саякбай Каралаевдин варианты**
Манастын төрөлүшү жана бала чагы.	Манастын төрөлүшү жана бала чагы.
Манас жана Кошойдун Кашкарга жортуулу	Манастын Кошойго жолукканы
Манастын Орто Азияга болгон жүрүшү	Манастын Кытайга болгон экинчи жортуулу
Ооган ханы Шоорук менен болгон согуш	Кашкарга болгон жортуулу
Алмамбеттин келиши	Манастын Таласка көчүшү
Манастын Каныкейге үйлөнүшү	Манастын атасынан кетиши
Манастын түндүккө жортуулу	Туугандарын издөө
Авган ханы Түлкү менен болгон согушу	Ажыбай жана Чоролордун келиши.
Манастын батышка жортуулу	Алооке менен болгон согушу

Манастын Таласка көчүп келиши	Шоорук менен болгон согуш
Айган хан менен болгон согуш	Бакайдын үйлөнүшү
Көзкамандардын Манаска каршы кеңеши	Акбалта менен Чубактын окуясы
Көкөтайдын ашы	Чубактын Бухарага жортуулу
Хандардын каршы кеңеши	Манастын Каныкейге үйлөнүшү
Чоң казат	Хандардын каршы кеңеши
Семетейдин төрөлүшү	Чоң казат жана Манастын өлүмү
Манастын Меккеге барышы	Каныкейдин качышы
Кичи казат жана Манастын өлүмү	

К.Рахматуллин өзүнүн «Манасчылар» эмгегинде бул таблица аркылуу эки классикалык варианттын сюжеттик айырмачылыктарын ачып көрсөткөн жана ошону менен бирге эле варианттардагы илгертен бери келе жаткан тарыхый сюжеттик негизги өзөк, канва, уңгу бар экендигин тастыктаган. Ушул таблицасы менен К.Рахматуллин кийинки изилдөөчүлөр үчүн ыңгайлуу базаны түзүп берген десек жаңылышпайбыз. К.Рахматуллин эки вариантты сюжеттик жактан салыштыруу менен гана чектелбестен эки улуу манасчыга мүнөздүү стилдик өзгөчөлүктөрдү да белгилеп көрсөткөн. Маселен ал Саякбай Каралаев өзүнүн вариантында согуштук эпизоддорду сүрөттөөдө усталыгын айгинелесе, ал эми Сагымбай Орозбаковдун баталдык сахналарды сүрөттөөдө да, тиричилик картиналарын сүрөттөөдө да чебер экендигин белгилеген.

Акырында айта кете турган нерсе, К.Рахматуллин «Манасчылар» китебинде манасчылардын манасчы катары калыптанышына окуучулук, шакирттик үйрөнүүнүн, устаттардан таалим алуунун, мурдатан келаткан манасчылык өнөрдүн салттарын өздөштүрүүнүн ролун баса белгилеген.

Маселен изилдөөчү Саякбай Каралаевдин «Манас» эпосун Чоюкеден, Сагымбай Орозбаковдон, агасы Алишерден үйрөнсө, Шапак Рысмендеев айтылуу Балыктан үйрөнгөндүгүн, ал эми Жаңыбай Кожековдун атасы да, чоң атасы да манасчы болушкандыгын биографиялык фактылар аркылуу тастыктаган.

Акырында айтаар сөз, ошентсе да Калим Рахматуллиндин «Манасчылар» эмгеги манасчыларга байланышкан маселелердин бардыгын камтыган жана төгөрөгүн төп кылып чечмелеген деп айтуу кыйын. К.Рахматуллиндин аталган эмгегинин манастаануу илиминдеги ролу жана жетишпеген жагы жөнүндө белгилүү "Манас" изилдөөчү Раиса Кыдырбаева өзүнүн «Мезгилдер, муундар жана манасчы» аттуу эмгегинде төмөндөгүдөй жыйынтык бааны берген: «Эпосту айтуучуларга арналган дагы бир эмгек – К.Рахматуллиндин «Манасчылары», анда манастаануунун тарыхында биринчи жолу революцияга чейинки жана андан кийинки Келдибек, Балык, Тыныбек, Чоюке, Молдобасан, Жаңыбай, Акмат, Ыбырай сыяктуу айтуучу – манасчылардын өмүр жолуна иреттүү баяндоо жасоого аркет кылынган. Изилдөөчү айтуучулардын «Манас» эпосун айтууга чейин эле эпостун сюжетин өзгөртүүдө узак жана азаптуу жол басып өткөндүгүн, алардын ар биринин өзүнөн мурунку устаттарынын тажрыйбасынан таанышуу, үйрөнүү, өздөштүрүү стадиясын басып өткөндүгүн туура көрсөткөн. К.Рахматтуллин тарабынан айтуучулардын чыгармачылык стили маселеси да каралат. Автор «варианттардагы эң чоң айырмачылык көркөм стилде көрүнөрүн» белгилейт. Биздин оюбузча варианттардын айырмачылыгы салттуу стилде гана эмес, убакыттар аралыгында иштелип чыккан стилди ыктуу жана таланттуу колдоно билүүдө. К.Рахматуллинде стилди талдоонун айрым белгилери гана бар, ал эми эпостун жалпы поэтикасы ал тарабынан толук көлөмдө талдоого алынган жана каралган эмес. К.Рахматуллиндин талашсыз сиңирген эмгеги катары эпостун эки ири варианттарынын: Сагымбай менен Саякбайдын варианттарынын, сюжетинин салыштырмалуу талдоосун жана автордун

мындай анализ аркылуу айтуучулук чыгармачылыктын өзгөчөлүгүн ачып берүүгө умтулуусун айтууга болот» [48, 112-б.].

К.Рахматуллин өзүнүн «Манасчылар» эмгегинде Манасчынын «Түш көрүү» маселесине гана эмес, анын эпосту үйрөнүшүндө мурдатан келе жаткан салттын, окуучулуктун, шакиртчиликтин ролуна да токтолуп, бул маселе боюнча өзүнүн ой-пикирлерин ортого салган. К.Рахматуллиндин ою боюнча кыргыз элинин ичинде илгертен бери келе жаткан Манас айтуу салты, калк арасындагы «Манас» эпосунун популярдуулугу, эпикалык поэзиянын мекени болгон кыргыз көчмөн коомундагы «Манас чөйрөсү» Манас айтууга талпынган жаш талапкердин кичинекейинен эле «Манастын» ыр саптарын уга жүрүшүнө өбөлгө түзгөн. Манасчы боло турган адам бала кезинен эле «Манас» менен «оозанган». Анткени «Манас» эл ичинде ар дайым коюлуп турган «театр» сыяктуу болгон, ырдалып турган ыр, байма-бай айтылып турган жомок болгон. К. Рахматуллин минтип жазат: «Манасчылар биздин эл акындарыбыздын бир түркүмү. Булар эл акындары өңдөнүп, өз чыгармаларын айтпастан, биринчи кезекте «Манасты» айтышат. Башынан эле «Манас» жомогунун өзүнө таандык овону болгон. Манасчылар аны ушул овонго салып, күү менен айтышат. Аны айтканда мазмунуна жараша кыймыл-аракет көрсөтүшөт. «Манасты» жана башка баатырдык жомокторду көпчүлүк чогулган жерлерде, аш, той-тамашалардын үстүндө айтышат. Кыскасы, булар акын да, жомокчу да, актер да болуп кызмат кылып келишкен» [78, 37-б.].

Мына ушундай ыр мекени болгон, «Манас» мекени болгон кыргыз чөйрөсү талапкер таланттын кулагына эпостун саптарын кенедейинен жеткирип турган. Манас кыргыз урпагынын социалдашысуунун факторлорунун бири болгон: К.Рахматуллиндин мындай ою «Манастын» манасчыга мистикалык жол менен келиши жөнүндөгү ойду төгүндөйт.

К.Рахматуллин «Манасты» үйрөнүүнүн социологиясы жөнүндөгү оюн мындайча улантат: «Кайсы манасчыны алсак да, ал өзүнөн мурунку бир же бир нече манасчыны уккан болот. Ырас, алар паланча манасчыны уктум эле,

дегенде көбүнчө өзү айткан «Манастын» багытын көрсөтүү үчүн айтышат. Биздин материалдарга караганда, эч бир манасчыны укпадым, көрбөдүм деген Жаныбай семетейчинин да атасы «Семетей» айткан экен. Атасы гана эмес, чоң атасы да, андан аркылары да болуп олтуруп, жети атасына чейин бардыгы манасчы, семетейчи болгон экен. Эми башка манасчыларды уктук гана дебестен, чыны менен үйрөндүк деген манасчылар да бар жана бул жөнүндө бир топ далилдер да бар. Өз учурунда белгилүү манасчылардын бири болгон Тыныбекти алалык. Тыныбек «Манасты» жаңы гана айтып жүргөнүн атасы билгенден кийин, атайы элди чогултуп, уулуна «Манасты» айттырып көрөт да, таалим алып, чыныгы манасчы болсун деп, Чоңбаш деген манасчынын жанына жиберет. Тыныбек анда бир нече ай жүрүп «Манасты» үйрөнөт. Бир топ үйрөнгөн соң үйгө келип, үйрөнгөнүн айтып берип, башкача айтсак, практикалап алып, анан дагы кайра барып үйрөнөт. Тыныбектин өзүнөн: «сиз» «Манасты» деп сураганда, Келдибек, Чоңбаш, Назар деген манасчылардан үйрөндүм деген. Жана да өзүнөн үйрөнүп жүргөн акындардын аттарын да атаган. Булардын ичинде Сагынбай да бар. Ал эми Сагынбайды Келдибек айттырып көрүп, овонуң жетишсиз экен, аракет-кыймылга да үйрөнүү керек деп жол көрсөткөнү да малым. Шапак манасчынын өзүнүн айтышына караганда, ал чоң манасчы Балыктын жанында үч жыл жүрүп, а дегенде ошондон үйрөнөт. Анан анын баласы Найманбай манасчы менен дайым бирге болот. Башка чоң манасчыларды да угат. Сагынбай менен да эң жакын болуп, Балыктын «Манасты» кай түрдө айткандыгын Сагынбайга ырдап көрсөтөт. Эң аягы Акмат семетейчини алсак, ал сагынбай менен он жылдай аралашып жүрүп, «Семетейди» үйрөнөт. Мындай мисалдарды эң көп келтирүүгө мүскүн» [78, 10-11-б.].

Мына ушинтип, К.Рахматуллин манасчынын манасчы болушунда кылымдан кылымдарга уланып келе жаткан манасчылык салттын, ал салтты муундан муунга өткөргөн уланмалуулук, өтмө-катыштыктын, шакирттик жөрөлгөсүнүн ролун уникалдуу тарыхый-биографикалык фактылар менен ырастаган. Манасчынын калыптанышындагы өтмө-катыштык муундан

муунга өткөрүү, үйрөнүү салтынын чечүүчү ролун окумуштуулар Р. Кыдырбаева, А. Салиев, С. Мусаев сыяктуу окумуштуулар да тастыктаган: «Манас» бир айтуучудан башка айтуучуга эстафета сыяктуу өткөрүлүп турган» [48, 9-б.].

«Саякбай манасчы, бала кезинде чоң энесине көптөгөн жомоктор, ырлар, «Манастын» үзүндүлөрүн угуп, көркөмдүк сезими ойгонгону, кийинчерээк өспүрүм курагында лирикалык ырларды да чыгарып, эпостун айрым жерлерин да аткара коюп жүрүп, айтуучулук кесипти тандап алуу, жигиттик курагында Чоюке, Акылбек сыяктуу белгилүү чоң манасчылардан таалим алып, кесиптин ички сырларын өздөштүрүү сыяктуу өз алдынча татаал чыгармачылык жолду басып өткөнү белгилүү» [90, 586]. «Биздин өткөндөн калган энциклопедиябыз «Манас». Ошолорду тээтиги кылымдын түпкүрүнөн биздин күнгө чейин алып келип чоң заманга, техникалык революциянын заманына өткөзүп берген залкар художник, өнөрпоздор биз үчүн ыйык. Алардын чыгармачылыгын өздөштүрүү, иликтөө жана өнөрүн ар түркүн даражада пайдалануу азыркы художниктерибиздин зарыл милдети» [91].

К.Рахматулин «Манасчылар» эмгегинде белгилегн салттык оозэки тексти, сюжетти, фабуланы мурдагы устаттардан үйрөнүү мыйзамченемдүү көрүнүш болгондугун мына ушинтип, кийинки илимпоздор да бекемдешкен.

К. Рахматуллин манасчылардын (С.Каралаевдин, С. Орозбековдун) варианттардын тарыхта биринчи жолу салыштырган. Эки манасчынын стилистикасын салыштырып, С.Каралаевдин согуштук эпизоддорду көркөм сүрөттөөгө уста экендигин, ал эми С.Орозбаковдун тиричилик көрүнүштөрүн сүрөттөөдө чебер экенин белгилеген. Ошондой эле. К.Рахматуллин манасчылардын бир эле эпизоду, сюжеттик окуяны же турмуштук көрүнүштөрдү өздөрүнүн импровизатордук таланты менен ар ким ар башкача текст менен айтып, эпосто сөзмө сөз жаттап айта турган туруктуу канондук текст болбогондугун мисалдар менен көрсөтүп, эпостун сюжеттик схемасы өзгөрбөсө да, тексти өзгөрмөлүү, динамикалуу экендигин тастыктаган жана

«Манастын» бардык варианттарга мүнөздүү сюжеттик хронологиясынын схемасын берген.

Кыскасын айтканда, К. Рахматуллин «Манасчылар» эмгегинде бүгүнкү «Манастаануу» илиминин бир катар теориалык жана практикалык проблемаларынын алгачкы схемаларын долбоорлогон. «Манасчылар» китеби манастаануу илиминин тунгуч башталышы катары тарыхый- маданий мааниге ээ.

III. ГЛАВА: Манас эпосунун драматургиялык интерпретациясы жана кыргыз акын, жазуучуларынын чыгармаларына фольклористтин көз караштары

§1. Манас менен Алмамбет драмасынын идеялык көркөмдү өзгөчөлүгү

«Манас менен Алмамбет» драмасы жазуучу Түгөлбай Сыдыкбеков менен биргеликте жазылып, учурунда сахнага коюлган жана «Советтик Кыргызстан» журналынын 1944-жылкы №12 санына жарыяланган. Ошол жарыяланган боюнча, кайрадан басылбай «унутулган» чыгармалардын катарын толуктаган. Аталган пьесанын кайрадан жарыяланбай, пьеса жыйнактарында басылбай калышына 1946-жылкы КПССтин «Ленинград», Звезда» журналдарына байланыштуу белгилүү идеологиялык токтомунан кийинки СССР элдеринин эпосторуна карата болгон саясий айып тагуулар, саясий репрессиялар себеп болгон сыяктуу. Себеби К.Рахматуллин менен Т.Сыдыкбековдун аталган пьесасы негизинен динчил вариант деп эсептелген Сагымбай Орозбаковдун «Манасынын» сюжетине таянган. Ошол кезде «Чоң Казатка» баскынчылык согуш деген айып коюлуп, Москвадан орусча жарык көргөн «Великий поход» китеби идеологиялык мотив менен пайдаланууудан алынган. Ал эми «Манас менен Алмамбет» драмасында Манас баатырдын чоң БЭЭЖИНди алышы сүрөттөлгөн. Мына ушундай жагдайлардан улам, идеологиялык кооптонуулардын себебинен, анын үстүнө 1946-жылы К.Рахматуллиндин каза болушуна байланыштуу пьеса кайрадан басылбай, архивде кала берген.

«Манас менен Алмамбет» кандай тарыхый, саясий – маданий шарттарда, тарыхый-адабий атмосферада жарыкка келген? Улуу Ата мекендик согуш мезгилиндеги саясий-адабий кырдаалды көз алдыга элестетиш үчүн төмөнкүдөй кеңири адабий-тарыхый фактыны окуп көрөлү: «30-жылдарда башталган элдик мурастарды, фольклордук сюжеттерди өздөштүрүүгө карата умтулуш согуш мезгилинде күч алды. Бул законченемдүү эле. Себеби, бүткүл совет эли социалисттик Ата Мекенди

фашизмден коргоо жапырт көтөрүлгөн кырдаалда акын, жазуучулардын элдин өткөндөгү чет элдик баскынчыларга каршы жүргүзгөн баатырдык күрөшүн, эл-жерге болгон патриоттук сүйүүсүн камтып турган фольклордук мурастарга кайрылбай коюшу мүмкүн эмес эле. Элдик чыгармалардын бай патриоттук мазмуну совет калкынын фашисттик баскынчыларга каршы эркиндик жана көз каранды болбостук үчүн жүргүзүп жаткан күрөшү менен тикеден-тике үндөшүп турган. Мына ошондуктан М.И.Калининдин: «Ар бир адам, ошонун ичинде орустар да өз улуту менен сыймыктанат, сыймыктанбоого мүмкүн да эмес, анткени – ал өз элинин баласы. Ушул нерсе абдан чоң мааниге ээ жана агитация ишинде аны дайыма эсте туту керек. Биздин адамдарда совет патриотизмин, улуттук сыймыкты тарбиялагыла, ар бир жоокерге анын элиндеги батыр ата-бабаларын, анын укмуш сонун эпосун, адабиятын, улуу адамдарын – жетекчилерин жана полководецтерин, калк массасын азат кылуу үчүн күрөшчүлөрүн эстетип тургула», - деген чакырыгы учурунда абдан актуалдуу болгон. Өткөндүн патриоттук салты, тарыхый темага жапырт кызыгуу согуш учурунда жалпы эле совет адабиятынын мүнөздүү өзгөчөлүгүн түзөт. Согуш мезгилинде орус адабиятында А.Н.Толстойдун «Иван Грозный», О.Литовскийдин «Александр Невский», И.Луковскийдин «Адмирал Нахимов», казак адабиятында М.Ауэзовдун «Кара-кыпчак Кобыланды», Ш.Хусаиновдун «Амангелди», өзбек адабиятында Уйгун менен И.Султановдун «Алишер Навои», Х.Алимжандын «Муканна», азербайжан адабиятында Самед вургундун «Вагиф» сыяктуу көптөгөн драмалык чыгармалар жаралган.

Согушуп жаткан элди тарыхтын баатырдык салттарында тарбиялоонун зарылдыгына учурунда Кыргызстан компартиясы бөтөнчө көңүл бөлгөн. Кыргызстан КП БКнын жана республиканын өкмөтүнүн демилгеси менен Жоомарт Бөкөнбаев баш болгон чыгармачыл топ түзүлүп, аларга «Манастын уулу Семетей» деген көркөм фильм тартууга атайы тапшырма берилген[26]. Борбордук Комитеттин мындай камкордугу драматургияда элдик мурастарга кызыгуунун күчөшүнө кошумча стимул берген. Согуш учурунда

адабиятыбызда К.Жантөшевдин «Курманбек», К.Маликов менен А.Куттубаевдин «Жаңыл», Т.Сыдыкбеков менен К.Рахматуллиндин «Манас менен Алмамбет» драмалары, А.Токомбаев менен К.Маликовдун «Манас», К.Маликовдун «Сейтек» либереттолору сыяктуу чыгармалар жаралды. Бул чыгармалар согуш мезгилинде элдин патриоттук ой-сезимин ойготууда маанилүү роль ойногон» [52, 340-341-б.]. «Манас менен Алмамбет»драмасы бүткүл союзду каптаган ата ббабалардын тарыхын чагылтууга ориентация жасаган саясий-тарыхый, адабий-маданий атмосферада жарыкка келген. Буга кошумча, жекече (личный) факторду да эсепке алуу керек. Өмүр бою «Манасты» изилдеп, даңазалап келген К.Рахматуллин мындай атмосферада сүйүктүү эпоско кайрылбай койбойт эле. Ал эми К.Рахматуллиндин эмне үчүн Т.Сыдыкбеков менен авторлош болгондугунун себебин издесек, анда Т.Сыдыкбековдун «Жол» аттуу автобиографиялык романына кайрылууга тура келет. К.Рахматуллин жөнүндө эч жерде кездешпеген бул уникалдуу мемуардык материалды мисалга алып, окуп көрөлү: «Бир жолу жылкы чарбасын асыроо, тукумун асылдандыруу, жайытын жакшы пайдалануу деген макаланы машинкага өзүм окуп бастырып олтурган элем. Кимдир бирөө:

– Түгөлбай, сени Калим агай чакырып жатат! – деди.

Ишти токтото салып «Кызыл Кыргызстан» гезитинин жооптуу редактору Калим Рахматуллиндин кабинетине кирдим.

Учук оорулуу, бир нерсеге канаганттанбагандай дайым кабагын чытып жүрчү Калим мага жайдары карады. Анан арык бети, териси жука сөөк башы чекчегей болгондуктан, өзүнө угузбай курдашы аалы Токомбай уулу аны «чакча баш» дечү. Бизге ошо «чакча баш» толо акыл, адамгерчилик сыяктанчу. Кыргыз журналисттери бүт дээрлик Калимден ийменчүбүз, сыйлачубуз.

– Түгөлбай, сени жылкы асыроо жөнүндө макала жазды дейт. Мага алып кел. Андай макала «Кызыл Кыргызстанга» ылайык! – деди Калим.

– Калим агай, аны мага Жоомарт тапшырды эле…

– Эмине, Жоомарттан коркосуңбу? Ал – кемсомол, мен – коммунист – деп тамашалады. – Анын милдетин өзүм алам. Макалаңды алып кел!

Машинкеге бастырып бүткөн соң макаламды Калимге бердим. Ал «Кызыл Кыргызстандын» баш макаласы ордуна жарыяланды. Кезит тажирийбасында баш макалага аны жазган автордун колу коюлбайт. Бирок менин макаламдын аягында баягы «Түгөлбай Сыдыкбек уулу» жүрөт. Муну Калим атайы койгонун не кокустан болгонун сураштырбадым.

Ал мага кубанычтуу болду. Курбулар да куттукташты. Кантсе да адаттагыдай ал куттукту эскерип пиво ичиштикко. Макаланы «Кызыл Кыргызстан» басканга Жоомарт бир аз өкүңдү. Ал өкүнүчүн анча сездирбей менден сурады:

– Макалаңды Калим агай өзү суратып алган тура?

– Албетте. Ал киши сурабаса, мен берет белем?!.

– Мындан кийин жаштарга ылайыктап жаздым деп бербегиниң…

Мен тек күлүп койдум: «Калим агай кааласа кантип бербейсиң» деп ичимен. Чынында ошо тоо арасындагы жаштардын жарчысы болгон «Ленинчил жаш» беделдүү, кызыктуу, маанилүү болсун деген тилек баарыбызда. Калимдин өзү да жеке эле «Кызыл Кыргызстан» кезитинин камын көрбөйт. Ал бизден жашы улуу, басма иштеринде тажирийбасы бар ак пейил журналист катары биздин редакторубуз Жоомартты баш кылып баарыбызга акылын айтат. Жашы улуу Аалы Токомбай уулу, Мукай Элебай уулу, Мукамбет Дөгдүр уулу, Саткын Сасыкбай уулу – деле басма сөз кызматчылары Калимди сыйлашат. Аларды Калим сыйлайт» [92, 418-419]. «Жол» романынан келтирген бул үзүндү өзүнүн сейрек кездешкендиги, тарыхый табылгыс, кайталангыс «документ» болуп эсептелет. К.Рахматуллиндин ишмердиги өмүр баяны жөнүндө айрым жалпы справка түрүндөгү маалыматтардан башка атайын эскерүүлөр, баяндар кездешпегендиктен бул эскерүү эң бир баалуу факт. Бул фрагментен Рахматуллиндин кыргыздын алгачкы интеллигенциясынын арасындагы кадыр-баркы, билимдүүлүгү, акылдуулугу жөнүндө кабар алып отурабыз.

Бул эскерүүдөн К.Рахматуллиндин Т.Сыдыкбеков менен кандай шарттарда тааныш жана кызматташ болгондугу, журналистикадан улам байланышта иштеп, акыры «Манас менен Алмамбет» драмасын биргелешип жазууга келишкендигинен, Т. Сыдыкбеков менен К.Рахматуллиндин чыгармачылык достугунан кабар алабыз. Келтирилген үзүндү ушуну менен табылгыс факт.

Фольклордук сюжеттерге болгон жалпы ориентациянын атмосферасында К.Рахматуллиндин «Манаска» кайрылышы мыйзамченемдүү болгон. Анткени К.Рахматуллин «Манасты» оозеки драма катары түшүнүп, анын драмалык табиятын туюп турган. Ал «Манас» - кыргыз жазуучулары үчүн поэтикалык көркөм сөз чеберчилигине үйрөнүүнүн соолгус булагы» деп жазган [93] «Манас» драматургдар үчүн да конфликт куруунун, драмалык сюжет куруунун өзүнчө бир мектеби десек болот. Маселен, «Манастагы» Алмамбет менен чубактын чатагын алалы. Бул сюжет каармандардын кагылышынын курчтугу жана драматизмге ширелген диалогдордон тургандыгы менен айырмаланат. «Манастын» сюжетинин драмалык жаратылышын учурунда М.Ауэзов «Манас» - кыргыздардын баатырдык эпосу» деген эмгегинде белгилеген. «Манас» эпосунун драмалык чыгарманын белгилерин алып жүргөндүгүн кыргыз адабиятчыларынын ичинен айрыкча, филология илимдеринин кандидаты Мээрим Сулайманкулова таамай белгилеген: «Өзүнүн диалогиялык, монологиялык речке байлыгы, сюжетинин конфликтүүлүгү, оң жана терс каармандардын өз ара күрөшүнүн драмалуулугу, кээде каармандардын ким экендиги манасчынын мүнөздөмөсү аркылуу эмес, алардын өздөрүнүн речи аркылуу көрүнүп жатышы, кээде драмалык кагылышуулардын трагедиялуулугу жагынан «Манас» эпосу оозеки жашаган драмалык чыгарманы элестетет. Эпостун кээ бир бөлүктөрү өзүнчө эле бир бүткөн пьеса шекилинде. Буга «Манастагы» «Алмамбет менен Чубактын чатагын», «Кошой менен Жолойдун күрөшүн» мисал катары келтирүүгө болот. «Алмамбет менен Чубактын чатагы» башынан аягына чейин чыңалган диалогдордон туруп, сюжеттик окуя адегенде түйүндөлүп, бара-бара курчуп, кульминациялык

чекитине жетип, анан акырында өзүнүн чечилишин табат. Мына ошентип, эпостун көп бөлүмдөрү речтик курулушунун диалогиялык, экспрессивдик-эмоционалдык мүнөзү, сюжеттик мерчемдеринин драмалык чыгарманын сюжеттик негизги элементтерине (түйүндөлүш, чиелениш, кульминациялык өсүш, чечилиш) окшоштугу, конфликтисинин драмалуулугу боюнча кадимки пьесанын өзү өңдүү. «Манас» дастанынын драмалык табияты, поэтикасы Октябрь төңкөрүшүнөн кийинки жазма драматургиянын пайда болушуна өзүнчө бир аңыз болуп берген» [94,72-73-б.]. Кыскасы, «Манастын» сюжетинин драмалык касиеттерге байлыгы К.Рахматуллин менен Т.Сыдыкбековду эпостун негизинде драмалык чыгарма жаратуу планын түзүүгө шыктандырган.

Авторлор «Манас» эпосунун окуяларынын төрт негизги учурун өздөрүнүн пьесасынын сюжетине негиз кылып алышкан. Драмалык сюжеттин негизин Алмамбет менен атасы Азизхандын ортосундагы конфликт, Манас менен алты хандын ортосундагы чатак, Алмамбет менен Чубактын чатагы, Чоң Казат согушу, Манас менен Коңурбайдын күрөшү пьесанын төрт көшөгөлүү сюжетинин өзөгүн түзөт. Авторлордун чыгарманын сюжетинин чыңалган драматизмин жарата алышкандыгына күбө болуу үчүн «Манас менен Алмамбет» драмасынын сахналарынан мисал келтирели. 1-көшөгөдөн окуп көрөлү:

«А з и з к а н. Болбосо! (демите басат).

А л т ы н а й. Бетиңизге түк чыгарып, ордомо заарканып кирдиңиз, канны кара өзгөй тартса калкынын конушун тарытчу эле. Ачууңуздун жөнүн суроого руксат этиңиз, падышам?

А з и з к а н. (Анткор) Хей… Тапан канша?!... Менин ачуум, булл ордоңдо, алиге табышмак бойдон экенго?! Андай болсо, мына, каның кара өзгөй ордоңдун гүлүң сапырганын көр! (Ачуу мыскыл аралаш кытмыр күлөт). Сенин жатыныңдан чыккан уул атадан безип төп бөлгөнүн көрөйүн. Кул башкарып, журт курап көп болгонуң көрөйүн (ачуу кыйкырат) журт

курачу кулу менен, бурттан келген соодагериң буллу менен хм…алганы келдим, уулуңду!

А л т ы н а й. Алма, мага, уул болсо сизге да уул. Балага кол көтөрчү эмес, падышам.

А з и з к а н. Хей! Аны ушундай кылган сен. Юан-ходон окутканда сен. Орхондо мындай бошток эле, жыргал эле, деп кулагына токуганда сен. Мына! Атадан адлетсинди, журтумдун дөөсү Коңурга моюн сунбады. Хм… Кептеши бурут, кеңешкени кул. Чыгар уулуңду! (желдеттерге) Кана, жардыгымды аткаргыла! (Желдеттердин бир-экөо төркү эшиктен чыгарда, Алтынай калкан алып, кылыч кармап, эшик алдына тура калат).

А л т ы н а й. Ханшаларга кол тийбес, эзелден кытай салты бар. (желдеттерге тап берет. Алар чегинет).

А з и з к а н. Илгери чыгып (Салты бар…Сен да канша белең… эдене тайтаң эсер күң.

А л т ы н а й. (Күлүп) Кара өзгөй каным, сиз таажы сайынып турганда, ханшалыгым ханша (башын иет).

А з и з к а н. Хей… эсер күң, каныңдын кара өзгөйлүгү кара башыңды алуу менен баштalсын. Сун мойнуңду, кылычыма, (тап берет).

А л т ы н а й. сунулган моюнду кылыч кеспейт, падышам..! (хандын кылычын тосот).

А з и з к а н. Хмм … ушундайбы?!

А л т ы н а й. Жок…мен Орхондон сизге келгенде эле, мойнум сунулган болучу…

А з и з к а н. Хей! (тап бергенден тап берип) Орхонуңду кулагыма угузба деймин.

А л т ы н а й. (Хандын кылычынан сактанып) Каны адил! Эли байыр Орхон суум акылымдан чыкпайт.

А з и з к а н. (Өтө ачуулу) Хмм…андай болсо, ошол сенин акылыңды көтөргөн баш, кылычымдын мизинен жарылсын…

Азизкан кылычын кайра тартбай чечкиндүү шилтейт.

А л т ы н а й. Падышам, ханшаңыздын башы түшсө, камчыңыздын сабы сынганчалык эмес экен. Көзүм жетти. (хан тартынар деген ой менен кылычын таштай берип) мына, зайып башын чаап салыңыз. Ушаланган торгойдой жанталашкан денесин карап кумар жазыңыз. Акылга бай аяр уулуңуз Алмага кол көтөрбөңүз!

Азизкан сунган кылычын тартып алалбай шилтеп калат. Алтынай жайылып барып чалкасынан жатат» [70]. (Мындан ары цитаталар ушул журналдан алынат). Бул сахнадагы Алмамбеттин энеси Алтынай менен Азизкандын ортосундагы диалогдор өзүнүн драмалык курчтугу менен өзгөчөлөнүп турат. Каармандардын бири-бирине узаткан сөздөр алардын жан дүйнөсүндө чыңалууну жаратып, ортодогу конфликттин күчөшүнө өбөлгө түзөт. Бул конфликте каармандардын мүнөздөрү ачылып жатат. Алтынайдын тайманбаган аялзаты экени жана күйөөсү Азизкандын деспотизмине чыдап жүрүп, акыры жазганбай каяша айтууга бел байлагандыгы көрүнүп турат. Бул кагылышта Азизкандын катаалдыгы, деспотизми, каардуулугу, өзүм билемдиги да ачылып көрүнөт. Аялы Алтынайды күң катары эсептеп, киши ордуна санабаганы, баласынын күнөөсүз энесин кылыч менен чаап, өлтүрүп салганы анын чектен чыккан айбанчылыгын көрсөтүп, 1944-жылдын көрүүчүлөрү үчүн немецтик фашисттердин катаалдыгы менен ассоциация жаратып турат. Бул кандуу сахна экинчи сахнанын трагикалык окуясына себеп болуп, пьесанын драмалуулугун күч алдырат. Мисалга өтөлү. Андан аркы сахна мындайча уланат: «Алма төркү эшиктен атылып кирет. Ага удаа Ажыбай, Мажик, Ырчыуул колдорунда кылычтары бар.

А з и з к а н. Атага наалат эсер.., күң…

А л м а м б е т. Ой канкор! Бул эмне кылганың!

А з и з к а н. (Тез бурулуп) Хей… Акимсинген, атадан аша кечкен, Коңурдан моюн бурган, тагыма колун сунган уул… энеңди жайладым. (желдеттерге). Жардыгымды аткаргыла!

Желдеттер Алмага обдулушат, бирок аларды Алмага жеткирбей Ажыбай менен Мажик жолдорун торойт.

А л м а м б е т. (Селт этип койбостон) Кан атам, кылычыңызды жазыксыз кандарга сугарайын деген экенсиз…

А з и з к а н. Хей!!! Бак консо чымчык куштун башына зымырык куш таазим кылмак кашына. Бүтүн каңгайдын калың кытайы таажысына баш урган каны мен. Аны көрө албай, акимдикти колумдан талашкан арамдан бүткөн уул сен?! (желдеттерге акыра) жардыгымды аткаргыла! Кулдардын баштары чабылганын көрөйүн. (Ажыбай, Мажик, Ырчыуулга бой бербей өтө чыккан бир, эки желдет Алманы качырышат).

А л м а м б е т. (Шамдагай желдеттерге каршы кылыч ойнотуп) Тизгиниңерди тарткыла! (Алманын кайратынан жалтанган желдеттер өз бойлорун четке таштай берет).

А л м а м б е т. (кылычын тура кармап, таазим кылып) Кан атам, сиз, мени жоктоп бар кылгансыз, белиңизден сызылып чыккамын…

А з и з к а н. Хэ… кан сунган кылычын кайра тартпайт. (Алмага кылыч шилтейт, бирок, Алма көзгө илешпеген чеберчилик менен кандын кылычын кагып салат).

А л м а м б е т. Эмесе, кан таажысын адилетсиз кийген ата, сени мен бардан жок кылайын. (ханга) кылыч шилтейт, хан, Алманын кылычынан коргонуп кетенчиктей берет. Бирок, Алманын кылычы ханды кулатат. Хандын башы өлүп жаткан Алтынайдын аягын жаздана жыгылат» [70, 55-б.]. Алмамбеттин мүнөзүнүн айырмачылыгы – чынчылдыгы. Ал коомдогу акыйкатты, адилеттүүлүктү жактайм. Карапайым элдин эзилишине кулчулук системада жашашына, адамдардын даражалуулардын алдында курмандыкка чалынышына, деспотиялык башкаруу системасына каршы. Уулу Алмамбеттин мындай позициясы жогорку өкүмдарлардын бийлигине жүгүнгөн атасы Азизканга жакпайт. Ушул себептен буга чейин ата-баланын ортосунда келишпестик жашап келген. Алтынайдын өлүмү бул конфликттин отуна май чачкандай болду. Ортодогу конфликт «дүрт» этип жаңы күч менен тутанып, өзүнүн апогейине жетти. Алмамбет менен Азизкандын кагылышы жогорудагыдай трагедиялуу аяктайт. Алмамбет элинен кетүүгө,

Манаска келип кошулууга аргасыз болот. К.Рахматуллин менен Т.Сыдыкбеков Алмамбеттин атасы менен болгон конфликтисин жана анын мекенин тыштап кетишин пьесада кыйла ынанымдуу мотивировкалашкан.

«Манас менен Алмамбет» драмасынын конфликтиси андан ары жаңы деңгээлге, жаңы масштабга көтөрүлөт. Драмадагы «Чоң Казат» конфликтиси Манас менен Коңурбай баштаган эки элдин, эки мамлекеттин аскерлериинин глобалдык кагылышы катары өөрчүйт. Бул глобалдык конфликтин чыгыш себеби драмалык сюжете төмөнкүчө мотивировкаланат. Алмамбеттин кетишинен кийинки сахнага көз жиберели: «Нескара. Оова, Алмамбет кутулуп кетти.

Коңурбай. кулутулуп кеттиби?! (ачуулу) Э?! Баатырлар, акылмандар?! Баарыңар жүрүп колдон чыгардыңарбы?! кана?! Алмамбет үчүн киминдин башыңды алайын?! (ойлонуп, карс-карс күлүп) Баракелде, баракелде. Айлалуу Алмамбет бизди аңыртып кетти де. Болду, болду… Кайра анын кутулуп кеткени жакшы болду. Ал Таласка барат, буруттун кырааны Манаска барат. Баш калкалар маанеги ошол. Мен Алмамбетти кандай кастасам, Манасын андан аша кастайм. Акыры арадан өткөрбөй, бурутка жортуул аттанмак болучумун. Манастын ордосун бузуп, катуудан казанын кыйратып, жумшактан күлүн сапырмак болучумун, журтун кул кылып, малын бул кылмак болучумун… Ошондо букара кытайды тукуруп ушул кеткен Алмамбет бөйрөгүмдөн бүлүк салабы дечү элем. Ха…ха. Анын кеткени кайра жакшы болду. Эми досу Манасы менен чогуу менин алдыма баш урунат.

Нескара: - Эй, Байконур, Алмамбеттин шагы сынды сенден качып кетти. Аларга жортуул аттанып убара болушубуз чеки болор Алмамбеттин сүйгөн жары Бурулча сулууну кырк катындын эркеси кылып сен ал. Акылман Алтынайдын жээни Бирмыскал сулууну сенин алпың Эшек кулак дөөң алсын…

Эшеккулак. (Кубаттап тамагын жасап) Ка…ха… (балпаң басып кетет).

Н е с к а р а. Болду. Бейпил элди бүлүнтпөй, Бээжинде тынч жаталы.

К о ң у р б а й. (Карс –карс күлүп) О, акылман каным, адаштың. Менин дартым бир сулуу эмес, азуулу жаралган алпмын. Тишим өткөн ташты кычырата чайнап, бутум жеткен жерди эзе басып, кылымга так калтырамын.

Ж о л о й. Макул так калтыр. Алмамбет менен Манас кошулду, алың келер бекен?

К о ң у р б а й. Алмамбет Манаска кетсе, Манастын наразы кандары мага келип жүрөт. Мен аларды бел кылбаймын. Менин белим алп Жолой сен, акылман кан Нескара, адамдын зору Эшек кулак дөөм. Ха…ха… баарыңардан мурдда мына мен өзүм. Кана! Дөөлөрүмдүн алпы Эшек кулагым дөөлөрдү башта. Канык ей сулууну сен аласың.

Э ш е к к у л а к: - (Балпаң басып) Манасты, өзүм союп берем.

К о ң у р б а й. Турбагыла. Мен Манаска каршы жортуулумду баштадым. Бутум тийген жер куйкалансын, жүзүмдү көргөн журт сабылсын. Төө көтөргөн алп, ажыдаар тилиң билген аяр калбасын! Аттангыла!

Сахнада дүрбөлөң башталат.

К о ң у р б а й. (Залга) О! Эми Манас менен Алмамбетти күчүктөй чыңыртканымды көргүлө. Ха! Ха! Ха!...» [70, 60-61-б.].

Алмамбет мекенинен кеткенден кийинки бул сахна «Чоң Казат» глобалдык конфликтисинин чыгышынын мотивировкасы катары кабыл алынат. Драманын авторлорунун кыйла чеберчилиги ушунда, алар сюжете алдыда боло турган окуяга алдын ала себеп даярдай билишет. Окуядан окуя келип чыгышына, кезектеги конфликтин чыгышынын табигыйлуулугуна жетишүүгө аракеттенишет. Жогорудагы мисалга алынган сахна экинчи көшөгөдө Манастын Чоң Казатка аттанышына себеп болот. Авторлор драмалык сюжет куруунун реалисттик закондору менен тааныш экени байкалып турат. К.Рахматуллинди замандаштары бекеринен билимдүү, акылдуу деп аташпаптыр (Т.Сыдыкбековдун жогорудагы «Жол» романындагы эскерүүсү).

Экинчи көшөгөнүн аягында драмалык чыңалуу жогорулайт. Буга Коңурбайдын колунун мекен чегине кирип келиши жана алты хандын чатагы

себепчи болот Манас баатырдын алты хан менен жолугушуу сахнасынан мисал келтирели: «М а н а с. (Кекетип) Элдин намысы үчүнбү? Кандарым, элди ким бөлүп-жарса, ал анын намысын тепсейт. Турда кандай эле эл? Ногойлор Алтайда, Нойгуттар Алайда, кыпчактар Кашкарда, Эстектер Кангайда-көрүнгөн элдин тепкисинде жүрбөдүбү? Мына эми ынтымак менен бир жакадан баш чыгарып, эл болдук. Жаттардын тепкисинен кутулдук. Силер дагы эле ошо заманды эңсейсиңер элди бузуп, душмандан маанек издейсиңер. Жок, мен тирүүдө, булл тилегиңер ташка тиет. Мени эл көтөрдү. Боо эмне дээр экенсиңер, мени кулатуучу силер эмес. Бирге жүрсөңөр – макул, жок десеңер –күлүңөрдү көккө сапырам. Менин күчүм көңкү, тирегим зоодой. Бүткүл кыргыз мага тирек. Мен Кошой аваны маанек кылдым (Кошойго) Аваке, бүтүм сиздики. Бүгүнкү чатакты чечип бериңиз.

К о ш о й. Жамгырчы байым, билеселүү жигитке өнүп-өскөн эл кымбат, ардактаган жаныңдан асыл мекен жер кымбат. Жериңди кумдай эштирип, элиңди бордой тоздуруп, чаап турган Коңурду маанек кылган экенсиң, жакшы. Сөз жок намыскөй экенсиң… Оова, Кыргызды кыргыз чаап, бүтүмдү кытай, калмак алып жатычу. Коңшубузду чапканга корстон болуп биз турчубуз. Манас тизгинди колго алды, кыргыз баш кошуп эл болду эл эми силерге жем болуудан калды. Оова, бул силерге жакпайт… Чечим бир Манасым. Кырк түмөн кол баштап, чоң калча эл четине келди дейт…

Ү р б ү. Эй… дагы эмне кеп?! (кандар козголо түшөт).

Ч у б а к. (Хандарга) Э! жаркыраган жарыктарым. Билмексенге салбай эле койгула. Коңурду маанек кылдым деп Жамгырчыңар мойнуна алып турбайбы?!

Ж а м г ы р ч ы. (Кекиртегеин көтөрө) Жүйөлүү кепке сөз жок батыр…

К о ш о й. Баатырлар эл четине жоо бетине чыгышсын, Коңурду маанек кылган Жамгырчы, ал канкордун башын сага тартуу кылсын, Манас.

Х а н д а р. Чечимиңиз чечим, Кошой аке.

– Эл четинде, жоо бетинде бололу…

–Журттун намысын сакташалы…» [70, 67-68-б.].

Келтирилген бул сахнадан дегеле «Манас менен Алмамбет» драмасынын патриоттук пафосу, мекенчилдик духу даана көрүнөт. Жыйындагы Манастын жалындуу речи анын мекен дегенде жанын бере турган патриотизмин айкын байкатат. Ал эми Кошойдун сөзү биримдик идеясына ширелген жана эл-жерди бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып коргоо идеясын жар салат. Манас менен Кошойдун монологдору бул жерде бириктирүүчү жана шыктандыруучу күчкө ээ болот. Драмадагы күчтүү мекенчил патриоттук чакырык Ата мекендик согуш учурундагы фашизмге каршы күрөштүн идеясы менен үндөшүп, драманын агитациялык күчүнө кепил болуп турган.

Үчүнчү көшөгөдөгү «Чоң Казат» салгылашуусу жана Алмамбет менен Чубактын чатагы пьесанын драматизмин ырбатып, окурманды жана көрөрманды чыңалууда кармайт. Албетте, булл чыгарманын драмалык касиетке эгердерлигинин күчү. Төртүнчү көшөгөдө «Чоң Казат» окуясы акыры жеңиш менен аяктап, Бээжинде Коңурбай шер Манастын кылычынан каза табат. Драма төмөнкү сахна менен аяктайт. Окуйлу: «А ж ы б а й. (Кире берип) Манас, түп Бээжинден мөөр басылган кат келди. Каракан эли Мажикти чоң Бээжинге кан көтөрүптүр!

Ырчыуул кирет.

Ы р ч ы у у л. (Тез келип)

О, кабылан сага сүйүнчү
Душманга болсун күйүнчү!
О, Өлбөй турган чунагың,
Өлдү деген Сыргагың.
Киргени суудай шаркырап,
Нурдуу жүзү жаркырап
Качкан бозгон дөөлөрдөн
О алтымышын, качырга
Артып алып баркырап
Келип калды, аваке!

(Сыргак, Бакай кирет)

Бакай. Манас, Сыргагың келди.

Бирмыскал. Өңүмбү, түшүмбү. О, менин да баткан жылдызым кайра чыктыго.

Сыргак. Кабылан, сизди да өлдү деп уктум эле. Мени да өлдү деп уугуптурсуң. (карс-карс күлүп) Ата бабабыздын айтканы ырас болсо, сиз, өмүрү өлбөйт экенсиз.

Манас. О, кагылайын Сыргагым. (экөө кучакташып көрүшөт. Анан алдыга өтүп) Кошуунду арттыргыла. Каныкейге күлүп баручу кезим эми келди» [70, 67-68-б.]. Бул соңку сахнадагы түп Бээжинден келген кат, Ырчыуулдун шаңдуу ыры, баатырлардын сүйүнүчү пьесанын жеңиштүү финалына салтанатттуулукту киргизип турат. Драматизм майрамдык шаң менен алмашат. Жеңиш пьесада мурдагы окуялардын жүрүшүнүн соңку натыйжасы катары кабыл алынат. Пьесанын финалындагы мындай шаңдуулук ошол кездеги көрүүчүлөрдү фашисттик баскынчылардын үстүнөн боло турган жеңишке шыктандырып, алардын патриоттук сезимин көтөргөн жана жеңишке болгон ишенимин арттырган. Драма ушул касиети менен да баалуу.

Ошентсе да, пьесада кемчиликтер жок эмес. Бир катар сахналардагы диалогдор драмалык диалогдорго караганда, прозадагы персонаждардын жайынча сүйлөшүүсүн элестетет. Драмада диалогдор, репликалар, монологдор окуянын курч өнүгүшүнө шыкак болуп, динамикалуу келип, ичинде чыгалган энергияга карк болуп туруш керек. Ал эми, маселен, сөз болгон пьесанын биринчи көшөгөсүндө Алтынайдын ордосунда башталган диалогдор, Алмамбет, Алтынай, Мажик, ордо кыздарынын өз ара сүйлөшүүлөрү драмалык мүнөзгө ээ эмес. Бул диалогдор прозалык чыгарманын диалогдоруна жакын. Мындай прозалык баянды элестеткен сценалар пьесадан ар бир көшөгөдөн орун алган. Бирок бул өндүү кемчиликтерине карабастан «Манас менен Алмамбет» драмасы негизинен көркөмдүгү жана драмалык касиети менен айырмаланып, маанилүү

патроиттук идеяны көтөрүп, «Манас» эпосунун моралдык-этикалык, мекенчилдик нарк-дөөлөттөрүн даңазалагандыгы менен өз мезгили үчүн гана эмес, бүгүнкү күн үчүн да баалуу, актуалдуу болуп эсептелет.

Х Х Х Х

«Алмамбет кирет, үчөө таазимдешип көрүшөт.

Алмамбет: - Ак жолтой эрендер, күчүңөргө кулмун.

Төштүк. Сиздин да, Алма…

Чубак. Алма, колду Бээдинге баштамак болдуң…

Манас келет.

Алмамбет. (Манаска таазим берип) Жеңишиңиз кут болсун! Чакырткан экенсиз кабылан?

М а н а с. (Барбактап) Кан-Алма, колду, эми Бээжинге баштамак болдуң. Кыргыздын кыйырына келген дөөлөр баш ийди. Ханы сөз берди… Ырчыуул түмөндөгө жар чакырып кетти. Аттанабыз. (Тыным)

А л м а м б е т. Кабылан, булл сапар, кандай болор экен. Коңурдун түмөндөрү али төш тиреп турат.

Ч у б а к. Тиреген төштү сындырарга найза бар, Алма.

А л м а м б е т. айтканың ырас, Чубак. Бир Коңур, али бүт кытай эмес…

Манас. Жок. Эми Коңурбайды жеткире сайбасак, ал кузгун дагы эле тынч койбойт. Журт аман болсун десек, жоонун жүрөгүн биротоло алып коёлу:

Алмамбет. Коңур, Шыпшайдарды чакыртты деген эмиш уктум…

Чубак. (Корс этип) Баягы… баягы эле жомок … шыпшайдар досуңа ичиң ооруса. Алма, сен да кошула койчу?!

Алмамбет. (Ачуулу, бирок салмак сүйлөп) шыпшайдар азырда мага дос болсо, кыргызга зыян болбос эле. Биз… буга чейин Коңурдун кандары баштаган колдор менен гана кармаштык…

Ч у б а к.(Алманын сөзүн бузуп, ачуу айтат) Дагы… дагы… кытай түмөн, кытай сан деп коркутканды койчу, Алма! (Кыжырланып) Же.. аясаң күчтүү, билимдүү кытайыңа кете койчу, кудай!

М а н а с. Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө, Чубагым. Алма кытайды сени менен менден жакшы билет. Алманын сөзүнө кулак салсак кем болбойбуз.

Ч у б а к. Жок, Манас, мен ойлоп сүйлөдүм. Алмаң эми, чоң доңуздун белин сындырарда кылчактап турат. (Алмамбет барган сайын ачуусун токтото албайт)

Ч у б а к. Алманын мүдөөсү кулдарга азат берүүбү? Же…

Бээжиндин капкасында калган Бурулчасын гана алуубу!... (басып) эмне үчүн баатырларды эки ойлу кылат.

М а н а с. (Ачуулана түшүп) Э! Орой, арам… Алмажан Бурулчаны алса тетири бекен.

Ч у б а к. Аруукени ал, - сени менен эл, Бурулчаны ал, Коңур менен ал. Деги сенин Алмамбетиң, ким менен эл? Ачык жооп берсечи!

А л м а м б е т. (Ачуу) Андай шегиң болсо, шексиз жерге жөтөнпөйсүңбү, кылычына камданып) Манас, намыс өлүмдөн катуу, же мен, же Чубак…

Ч у б а к. (Кылычын сууруп) элинен безген эсирген кытай…

Алма Чубак беттеше кетишет.

Алмамбет. (Төш тиреше түшүп) Кытай десең кытаймын… Кажылдаган ит Чубак.

Ачуулу Манас, арстандай келип, ортого түшөт.

Эки колунун учу менен экөөнү эки жакка бөлүп жиберип.

М а н а с. (Эки ортодо кулачын жайган калыбында) Ок өтпөгөн олпокту кийишермин дечү элем, оёндор силер турганда кытай эмес, кылымга тийишермин дечү элем,.. Эй, эки дөө, булл эмне дегениңер? Мен, бүтүн журтум үчүн ажыдаадардын чээнине кирдим! Антты унуттук десеңер, канна, чабыша койгула! (Манас экөөнүн колдорун койо жиберет. Алмамбет менен чубак Манастын алдында кылычтарын тура кармап, бирине бири таазим кылышат».

Х Х Х Х

«М а н а с: - Мен ооганды да чаптым, Айканды да чаптым, Калча. Алар өздөрүнөн көрсүн. Журтумдун кыйырына кол салды. Мен атаң Алоокени да чаптым, Кашкардагы он бир Дуудууңду да талкаладым! Ошентип, журтумду силердей жоонун ченгелинен сактадым. Мен чапсам журтума суук артканды чаптым. А сен, кузгун, алсыздарды чалып, байыр жаткан элдерди кансыратып жүрөсүңгө!

К о ң у р б а й. (Каткыра) эмне десең ошо де, Манас. Акыры даңк меники. Кой, өлсөң да баатырларча өл. (күлүп) колуңа кылыч ал. Кылычың жок болсо, аны мен берейин, саа.

М а н а с. О… бер? Баатырлар ушундай болот. Бул да сага даңк?!

К о ң у р б а й. Э, биле элек белең. Мен бекеринен хан Коңур болгон бекемин.

М а н а с. Оова, бүгүн аша баатырсың… Манас жалгыз, жарадар… деги жүрөктүү экенсиң…

К о ң у р б а й. (Чабышууга ыктанып) Бол, айкөл. Ажалыңа убал болду. Баятан бери төбөңдө чыркырап турат.

Манас: Э болсоң боло. Кимдин ажалы чырыкырап турат экен (колундагыларды көрсөтүп) Мына, бул-таяк мына, бул – жастык. Буларды сенин кулуң Мажик жасап берген. Муну да менин амалым дебе. (Манас колдорун силкип калганда жастык калканга, таяк кылычка айланат. Ошол замат, Коңурдун калканын колунан түшүрө чабат. Ордон бир топ найза Манаска карай сунулат. Тактын эки жагынан Төштүк менен бирмыскал секирип түшөт. Төштүк орго кылыч шилтейт. Найзалар жок болот. Манас эки-үч шилтеп, коңурдун кылычын түшүрөт. Куралсыз калган Коңур кайсалап токтой калат. Коңурга ызырына келген Төштүк зор төшүн тирейт. Кылыч кармап, туурадан чуркап чыккан Тайхо Коңурдун так бет маңдайына токтой калат.

Тайхо. Мен шертимди аткардым калча. Сен арам экенсиң, - шертиңдин аягына чыкпадың…

Ушул кезде Манас Коңурду чабат. Калчанын зор денеси оонап барып орго кулайт».

Кадыркул Даутовдун "Элдин сынчыл ойлордон эстетикага" аттуу изилдөөсүндө 1920-30-жылдардагы кыргыз адабий сынынын башатында Ишеналы Арабай уулу, Базаркул Даныяр уулу, Мукамбет Дөгдүр уулу, Аалы Токомбай уулу, Токчоро Жолдош уулу, Айткулу Убуке уулу, Калим Рахматуллин, Сатыбалды Наамат уулу, Жума Жамгырчы уулу, Акун Мыктыбек уулу, Ыбырай Тойчу уулу, Аскар Идирис уулу, Кубанычбек Малик уулу турат. Мына ушул ысымдардын арасында алгачкы адабиятчылардын бири Калим Рахматуллин да урмат менен аталууга тийиш. Ал 1927-жылы “Эркин-Тоо” газетасына “Сынчыларга жооп” (11-август) аттуу туңгуч сын макаласын жазып, андан соң 1930-жылдардын экинчи жарымынан баштап 1940-жылдардын биринчи жарымында кыргыз профессионал адабиятынын чыгармаларын талдоого активдүү киришкен. К.Рахматуллиндин сынчылык, адабиятчылык ишмердиги буга чейин кыргыз адабиятынын тарыхына арналган коллективдүү эмгектерде жана адабий сындын тарыхын изилдеген Кадыркул Даутовдун (“Элдик сынчыл ойлордон эстетикага”) жана Калыбек Байжигитовдун (“Башталуу”) монографияларында тигил же бул маселеге тиешелүүлүгү боюнча гана эпизоддук, фрагментардык мүнөздө каралып, системалуу изилдөөгө алынган эмес.

Кыргыз элинин көркөм сөз өнөрү узак кылымдар бою калыптанып, оозеки түрдө өсүп-өнүгүү менен бирге «Манастай» улуу эпосту жаратып, элдик оозеки чыгармачылыктын бир нече түрлөрүн бизге калтырып кеткендиги талашсыз. Ошентсе да, Октябрь революциясы орногондон кийин кыргыз элинин турмушунда социалдык, экономикалык жактан өзгөрүүлөр болгондуктан, элдин маданий турмушундагы мындай олуттуу маанидеги жаңылануулар кыргыз адабиятынын жаңыча өнүгүү жолуна түшүүсүнө жол ачты. Ошентип кыргыз совет адабиятында турмушту көркөм аңдоонун, дүйнөнү таанып-билүүнүн, ички сезимди чагылдыруунун эстетикалык жол-

жоболору менен доордун талаптарына, идеологиясына ылайык чыгарма жаратуунун өнүмдөрү тамыр жая баштаган. Мына ушул учурда кыргыз совет адабиятындагы чыгармалардын идеялык негиздеринин тууралыгын ачып көрсөтүү, акын-жазуучулардын чыгармаларындагы оош-кыйыш жактарына мүнөздөмө берүү, адабий процесстин өнүгүшүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү илимий-теориялык негизде чечмелөө, жалпылаштыруу, системага салуу, баа берүү жагынан кыргыздын алгачкы адабиятчы, сынчы окумуштуулары алгылыктуу эмгектерин жазып, белгилүү салымдарын кошкон. Алардан Т.Жолдошев, М.Догдуров, Т.Саманчин, К.Рахматуллин, А.Токомбаев ж.б. атоого болот.

Алсак К.Рахматуллин кыргыз совет адабиятынын келип чыгышы, калыптануу, өнүгүү процессине таасир эткен жагдайлар 1920-30-жылдарда көркөм сөз искусствосунда орун алган өзгөчөлүктөр жөнүндө иликтеп, аларга тарыхый-эстетикалык баа берүү максатында учурунда абдан көп күч-аракетин жумшаган. Ошондуктан окумуштуунун бизге калтырып кеткен мындай эмгектеринин актуалдуулугун бүгүнкү күндөгү баалуулугун иликтөө маанилүү болуп саналат.

Алсак, К.Рахматуллиндин «Кыргыз совет адабиятынын келип чыгышы» деген эмгеги 1941-жылы жарык көргөн.

Бул эмгегинде К.Рахматуллин кыргыз совет адабиятынын жаралышына өбөлгө түзгөн тарыхий-маданий шарттар, коомдун социалдык абалынан баштап, Октябрь революциясынын кыргыз элинин турмушундагы маанисин жазма адабияттын башталышын, калыптанышын, өсүп-өнүгүүсүнө чейин бири-бири менен тыгыз байланышта иликтеп, илимий-теориялык негизде өз ойлорун жалпылаштырып бере алган.

Алгач бул эмгекте К.Рахматуллин тарабынан Россия падышалыгынын кыргыз элине көрсөткөн кысымын, элдин укуктарынан ажырап, илим-билим, маданият жагынан гана эмес, социалдык жашоо-шартына таасир эткен колониялык эзүүнүн акыбетине мүнөздөмө берилген. Ал 1916-жылдагы көтөрүлүштүн чыгышын жана анын жеңилишин, андан кырылган элдин

тагдырын, коомдогу оор турмуш, феодалдык эзүү сыяктуу тарыхый маалыматтарды да кошо камтыган.

Адабиятчы кыргыз совет адабияты жаралганга чейин өткөн оор турмуштун кайгылуу күндөрүн ырга салып, чындыкты айтып, боштондук үчүн күрөшкө үндөгөн акындардан Калыгулду, Арстанбекти, Кылыч, Солтобай, Токтогулду белгилеп көрсөткөн.

Бул акындардын арасынан Токтогулду бай-манаптардын эзүүсүнө каршы туруп, совет өкмөтүнүн жаңы түзүлүшүн жактап ырдаган, советтик позицияны жан-дили менен колдоп, өз чыгармачылыгы аркылуу күрөшкөн акын катары эсептейт.

Изилдөөчү К.Рахматуллин Токтогулдун төмөнкү ырларынан мисал келтирет:

Теңчилик доор чыкканда,
Териме батпай семирдим.
Тушалган темирчилерден
Бошоткон бутун элимдин,
Атаңдай баккан алдейлеп
Аманын тиле Лениндин.

Чындыгында бул ырдан Токтогулдун теңдик замандын артыкчылыгына жетине албай кубангандыгы курч сезимдердин эч нерсеге ээ-жаа бербеген күчтүү толкуну байкалып турат.

К.Рахматуллиндин Токтогулдун чыгармачылыгы тууралуу айткан пикирлери бүгүнкү окумуштуулардын айткандарына дал келет.

Токтогулдун ырларына теңдикти, эркиндикти канчалаган жылдардан бери көксөп келген, жаңы совет өкмөтүнүн чакырыктары менен иш-аракеттерин зор кубаныч менен тосуп алган эмгекчи элдин сезимдери ширетилген эле. Токтогул элдин көйгөйүн, үмүт-тилектерин ырга салган.

Токтогул Сатылгановдун чыгармачылыгы эмгекчи элдин гана эмес, акындардын да мектеби болгон. Ал баштаган ырчылардын чыгармаларынын жана жалпы өсүп-өнүгүшүнө совет өкмөтүнүн тийгизген таасири зор

болгондугун белгилейт. Анткени кыргыз поэзиясында ыр жазуунун жаңы фомаларынын пайда болушуна, мазмундук идеялык-тематикалык жактан да жаңылануларга багыт алган чыгармалардын жаралышына кыргыз акындарында союздук совет адабиятынын үлгүлөрүнө таянуу муктаждыгы бар эле. Совет өкмөтү мына ушундай кырдаалдардан келип чыккан көркөм эстетиканын талаптарын канаатандырууга жакшы шарттарды түзүп берген. Орус адабиятынын өкүлдөрүнүн чыгармаларынын кыргыз поэзиясынын өсүп-өнүгүшүнө мына ушундай оң таасир тийгизгендигин К.Рахматуллин атайын иликтөөлөрүндө токтолот.

К.Рахматуллин тап күрөшү адабият майданында да өкүм сүргөндүгүн, кыргыз акындарынын бардыгы эле жаңы совет өкмөтүнүн жүргүзгөн иш-аракеттерин колдобогондугун, анын позициясына каршы чыккан Шабдандын акыны Абдыракман молдо, Кетмен-Төбөдөгү Дыйкамбай манаптын ырчысы Арзымат сыяктуу бай-манапчыл акындар да болгондугун жаап-жашырбайт. Алардын чыгармачылыгы да, ою да советтик идеологияга каршы экендигин, билгизбөө үчүн боёмолдонгон түрдүү тактиканы колдонгондугун жазат. Ушул ойлорун бекемдөө үчүн алган мисалдардан бир маселе келип чыгат. Анткени бүгүнкү күндө хан, баатыр аталып, эрдиги даңкталган Жантай, Шабдан баатыр өңдүү тарыхый инсандардын образдарынын «Академик кечелери» аттуу пьесасында чагылдырылышын тарыхый чындыкка дал келбеген көрүнүш деп баалайт, бай-манаптарды мактап-жактап алардын реалдуу турмуштагы терс сапаттары жымсалданып жазылган деп эсептейт.

Жазма адабияты жаңы калыптанып келаткан мезгилдеги жаңы тарыхый кырдаал, жаңы өнүгүү жолу, өлкөдөгү саясий социалдык абал кыргыз адабиятчыларынын алдына белгилүү талаптарды койду. Калим Рахматуллин кыргыз адабиятчыларынын бараткан багытын, алардын чыгармачылыгынын оош-кыйыш жактарын, адабий процесстин өсүп-өнүгүшүнө таасир эткен жагдайларды туура байкап өзүнүн бир топ эмгектерин, изилдөөлөрүн калтырып кеткен.

Илимий теориялык деңгээли жагынан мыкты жазылган эмгектеринен «Кыргыз адабияты жөнүндө» (1936), «Кыргыз совет адабиятынын келип чыгышы» (1941), 1945-жылы жарык көргөн «Кыргыз прозаиктери» деген көлөмдүү жазылган макалаларын атоого болот. Бул жөнүндө көрүнүктүү окумуштуулардын бири К. Байжигитов мындай деп жазат: 1930-жылдардын ичинде адабий – көркөм сынга келген, анын идеялык, илимий – теориялык негиздеринин өсүшүнө, сынчылык чеберчиликтин алгалашына көрүнүктүү үлүшүн кошкон калемгердин бири – Калим Рахматуллин. Сынчынын калеминен жаралган сын макалалар улуттук көркөм өнүгүштүн оош-кыйыш процессин аныктоого, тигил же бул көркөм сөз чеберлеринин изденүүлөрүн белгилүү өлчөмдө туура көрсөтүүгө арналып, өзүнүн маани-мазмуну боюнча бүгүнкү күндө да маданий, тарыхый адабияттын баалуулугун жоготпогон адабий сындык фактылардын катарында турат [15, 258-б.]

Адабиятчынын мындай изилдөөлөрүнө анализ жүргүзүп ага баа берүү учурдун актуалдуу маселелеринин бири. Анткени совет өкмөтү 1920-жылдарда Октябрь революциясынан кийин көркөм адабиятка өзгөчө талаптарды коюу менен социалдык маданияттын материалдык базасын түзүүгө, көркөм чыгармачылыктын өнүгүшүнө шарт түзүүгө бир топ аракеттерди жасаган. Ушундан улам эстетикалык чыгармачылыктын өнүгүшүнө, калыптанышына бир жагынан шарт түзүлсө, экинчи жагынан көркөм адабият өзүнүн эстетикалык мыйзам ченемдери менен өнүкпөстөн, көркөм сөз өнөрү мазмундук жактан чектелүүгө, бир беткейликке дуушар болгондугу талашсыз.

30-жылдарда кыргыз адабиятынын чыгармаларын идеялык-эстетикалык жактан баа берүүдө, саясий тарбиянын негизги куралына айланган көркөм сөз өнөрүндөгү, чыгармачылыктагы багытты максатка ылайыкташтыруу, саясий тазалыгын көзөмөлгө алуу үчүн атайын көзөмөл жүргүзүлгөн.

А. Токомбаевдин чыгармаларын кеңири адабий элдик акындардын Токтогул жөнүндө изилдөө жүргүзүүнү максат кылып, алгач анын лирикалык

чыгармаларына баа берет, аны негизинен поэзиянын чебери катары санап, акындын чыгармаларын тематикалык-идеялык жактан изилдеп, чыгармаларынын социалисттик курулушка, эмгек темасына арналгандыгын ачык көрсөтөт. Бирок К. Рахматуллин А. Токомбаевдин поэтикалык дүйнөсүнө сүңгүп кирип, анын ырларынын тилдик каражаттарына баа бербейт. Мунун бирден бир себеби катары1920-30-жылдардагы саясий абалга байланыштуу партия жаңыдан калыптанып келе жаткан кыргыз поэзиясынын идеологиялык талаптарды көбүрөөк эске алгандыгы адабий изилдөөчүлөргө таасир этпей койгон эмес. Бул учурда А. Токомбаев жеңил-желпи мүнөздөгү эмгек темасына арналган ырлары менен кошо көркөм адабияттын эстетикалык талаптарын эске алган жана жаңы ыргактар, жаңы тилдик каражаттар, ыр уйкаштыктары менен адабиятты байыткан кыргыз жеринин сулуулугун, табигатын даңазалаган лирикалары бар эле. Өмүр, өлүм, жашоо-турмуш жөнүндөгү чыгармаларынын идеялык мазмунун талдоо башкы планда тургандыгы көркөм табити али калыптана элек кыргыз эли үчүн мыйзам ченемдүү көрүнүш эле.

К. Рахматуллин 1920-30-жылдардагы адабият майданына келген бир топ кыргыз акын жазуучуларынын чыгармаларын талыкпай изилдөөгө алган. Алсак, алар – А.Токомбаев, М.Элебаев, М.Токобаев, А.Үсөнбаев, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков ушул акын жазуучулардын ичинен чыгармачылыгын эң көбүрөөк талдоого алган акын жазуучунун бири – А.Токомбаев болгон. Анткени ал ошол мезгилде адабий жанрлардын дээрлик бардык түрүн мыкты өздөштүргөн, чыгармалары мене элге таанылган кадыр-барктуу талант экендиги К.Рахматуллинди кайдыгер калтырган эмес.

А. Токомбаевдин чыгармачылыгынын фольклор менен тыгыз байланышта экендигин белгилеп, образы, ырларынын жанрдык табият боюнча элдик чыгармачылыкка жакындаштырып көрсөтөт. «Аалы жогоруда айтылгандай, а деп ырдаганда фольклор өкүлү түрүндө чыкты. Анын биринчи ырлары жанр жагынан да, тил жагынан да, образ жагынан да ошо

кездеги эл ырларынан эч айырмасыз болду» - дейт К.Рахматуллин [75, 1-5-б.].

Изилдөөчү өзүнүн мындай көз карашын А. Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романындагы башкы каармандын образын «Манас», «Эр Төштүк», «Курманбек» ж.б. элдик эпостордо кездешкен фольклордук ыкмалар аркылуу түзүлгөндүгүн мындай деп айтат: маселен, анын беш чыгармасы болгон «Кандуу жылдар» романындагы башкы баатырын түзгөндө, шексиз, эл адабиятынын түрүнөн, образынан пайдаланган. Ал эл адабиятындагыдай кылып өзүнүн башкы баатырын жана анын тулпарын кооздоп сүрөттөйт.

Кыргыз адабиятынын өсүп өнүгүшүндө жана анын коомдогу саясий-социалдык маданий өзгөрүүлөрдү чагылдыруудагы тенденцияларын белгилөөдө жазуучулар уюмунун ролу эбегейсиз мааниге ээ болгон. Бирок 1920-30-жылдарда жазуучулар уюму али түптөлө элек болгондуктан, алар алгач ийрим түрүндө «Кызыл-Учкун» деген ат менен түзүлгөн да, андан кийин «Кыр-АЛП-Кыргызстан пролетариаттын жазуучуларынын ассоциациясы түрүндө уюшулган ». Булардын ар биринин коомдо аткарган милдети менен орду, жүргүзгөн иш-аракеттери жөнүндө адабий изилдөөлөрүндө (К.Рахматуллин) атайын токтолуп, алардын адабий процесске тийгизген таасирин ачып көрсөткөн.

Анткени ушундай ийрим түрүндөгү жаңы уюшулган уюмдардын сынына Сыдык Карачевдин «Эрксиз күндөрдө» деген чыгармасы менен К.Тыныстановдун ырлар жыйнагы туш болуп саясий жактан алгачкы соккуларды алгандыгын К.Рахматуллиндин «Кыргыз совет адабятынын келип чыгышы» деген эмгегинен да көрө алабыз. Бул жөнүндө К.Рахматуллин өзү мындай деп жазат: «Бул кезде Тыныстанов баш болуп, бир топ жат элементтер чынында жазуучулар уюмунан четтеп калышты» [75, 185].

Айрым жазуучулар мына ушинтип мындай уюмдардын сабак алуу менен бирге саясий идеологиянын кишендерине да кабылган учурлары болгон.

Дал ушул К.Рахматуллиндин К.Тыныстановдун чыгармаларына саясий күнөө коюу да тиешеси бар экендигин академик К.Каракеев «Касым Тыныстанов жана анын академия кечелери» деген эмгекте минтип жазган:

«К.Тыныстанов репрессияга дуушар болгонго чейин ал бир беткей сындан жана саясий күнөөдөн кутулган эмес. Маселен, 1936-жылы «Кызыл Кыргызстан» гезитинде Кыргыз адабияты өсүүдө» деген темада макала жарыяланган. Макаланын автору Калим (К. Рахматуллин-ред) макалада мындай деп айтылган: Революциядан кийин адеп чыккан акын жазуучулар Карачев Сыдык, Тыныстанов Касым болчу. Булар бай-манаптардын идеясын ырдап чыгышты. Ачык улутчулдукка үндөштү. Манас заманын мактап, Манас өңдүү элге сүйүктүү көркөм түрлөрдү пайдаланып элди «Алаш ордонуп» таасирине тартмак болушту. Жалпы Касымдын чыгармалары бай-манаптардын күүсүн чертти, ырын ырдады». [75, 30].

Мындай фактылык материалдардан улам, бүгүнкү күндө К.Тыныстановдун чыгармалары жөнүндөгү К.Рахматуллиндин жазгандары канчалык деңгээлде чындыкка дал келет. Бул К.Рахматуллиндин социалисттик идеологиянын принциптеринен К.Тыныстановдун тайып бараткандыгын туура байкашы көрөгөчтүгүбү же бир беткей сын айтып, аша чапкан адабиятчы-сынчынын жаңылыштыгыбы деген маанилүү маселе келип чыгат.

Мындай сын-пикирлер талаш-тартышты гана пайда кылбастан, таланттын тагдырына балта чапчудай курч пикирлердин билдирилишин өз мезгилинин саясий таптык позициясынан туруп баалаганда канчалык бир деңгээлде жөнү бар экендигин окумуштуу А.Акматалиев да мындай деп жазат: «Айтайын дегеним – К.Тыныстановдун айрым чыгармаларында жана «Жаңыл Мырза» поэмасында өз мезгилинде сын айткандардын пикирлери бир беткей таптакыр туура эмес деп кандайдыр бир деңгээлде акыйкаттын бар экендигин жокко чыгаруу чындыкка жатпайт» [34, 46].

Партиянын ишине, максаты менен мүдөөлөрүнө берилүү ак дили менен кызмат өтөп, бүтүндөй өмүрүн ага арнаган Калим Рахматуллин

К.Тыныстанов сыяктуу таланттардын чыгармаларындагы айрым бир социалисттик идеологиянын рамкасына анчейин туура келбеген, бөтөнчө көз караштарына чочулоо менен мамиле кылган. К.Рахматуллиндин жазуучунун тагдырын татаалданткан сын-пикирлерди жазгандыгы, адабиятчы-сынчынын өз доорунун маанилүүү маселелерине кайдыгер карай албаган абийирдүүлүгүнөн улам, жасалган сынчынын позициясы өз мезгили үчүн туура болсо да бүгүнкү күн үчүн бир беткийлик жана катаалдык болуп саналат.

К.Рахматуллин көркөм чыгарманын баалуулугу анын идеялык мазмундагы саясий туура багыттары аркылуу чечмелеп, ошол нормалар менен чектелип тура бербестигин, доордун талаптарына кызыкчылыктарына карата эстетикалык нормалардын негизинде таразаланарын ыксыз көркөм адабиятта сапаттык өнүгүүлөр эмес өксүктүү жагдайлар болооруна тынчсызданган. Ушундай маселелердин келип чыгышын кыргыз адабий сынын өнүгүү жолдорундагы жетишпестиктер менен байланыштырган. Бул жөнүндө К.Рахматуллин мындай деп жазат: «бул кезде да сын жалаң гана саясат идеология маселелерин көтөрүп, чынармачыл маселелерине тийген эмес» [72, 196].

Чындыгында ал мезгилде 30-жылдарда кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармалыгында көркөм туундуларды мазмундук жактан байытууда социалисттик идеологиянын принциптерине ылайык байытууга көп күч-аракеттер жумшагандыгын белгилөөгө болот. Чыгармаларда социализм менен коммунизмдин идеялары үчүн күрөшүү, эски турмушту сындоо, жаңы турмушту даңазалоо, эмгек темасы, интернационализмди чагылдыруу, чыныгы эр жүрөк, патриот чыгаан каармандардын образдарын жаратуу жагына басым коюу үстөмдүк кылган.

К.Рахматуллин кыргыз адабиятындагы чыгармалардын тематикасындагы өзгөрүүлөр менен өсүшүн, жаңылууларды социалисттик курулуштун өрчүү этаптарына байланыштырып чагылдырылгандыгын туура баамдап көрсөткөн. Адабияттагы басымдууорунду алган кыргыз

турмушундагы уруучулук – феодалдык калдыктарды чагылдырган чыгармаларды төмөндөгүдөй тематикалык топторго ажыратат:

а) бай-манаптарга каршы үндөгөн чыгармалар

б) уруучулук жаатчылыкка каршы үндөгөн чыгармалар

в) аялдар теңдиги үчүн күрөшкө үндөгөн чыгармалар

г) орто кылымдын феодалдык караңгычылыкка каршы маданият үчүн үндөгөн чыгармалар

д) окуу билим-күрөшкө үндөгөн ырлар.

Кыргыз совет адабиятындагы чыгармаларды негизинен тематикалык жактан башкы орунду алган тема катары үч топко бөлүп, аларды колхоздоштуруу маселелерине арналган тема жана кыргыз элинин өткөн турмушун көрсөтүүгө арналган темалар болду деп жазат.

К.Рахматуллин кыргыз совет адабиятындагы чыгармалардын жанрдык жактан өсүшүнө да көңүл бурган кыргыз фольклорунда революцияга чейин поэзиялык чыгармалар басымдуу жаралгандыгын элестеп, жалаң ырлар, лирика жана поэма жанрларынын көп кездешерин белгилеген.

Ал эми кыргыз совет адабиятында кара сөз болгон эмес деп жазат. Прозалык чыгармалардын жаралышын 1927-1928-жылдарда жазылган К.Баялиновдун «Ажар» повестинин жазылышы, А.Токомбаевдин «Туткун Марат» аттуу жазылышы менен байланыштырган. Бул фактылык материалдар кыргыз адабиятындагы азыркы окумуштуулардын жазгандары менен да үндөшөт. Азыркы окумуштуулар болсо К.Тыныстановдун «Мариям менен көл боюнда», К.Баялиновдун «Ажар», С.Карачевдин «Эркиз күндөрдө» деген чыгармаларын эсептешет.

К.Рахматуллиндин кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармалары жөнүндөгү адабий иликтөөлөрүндө берилген адабий сын-пикирлери, көз караштары азыркы окумуштуулардын пикирлеринде карама-каршылыктар кездешпейт. Көбүнчөсү К.Рахматуллин 30-жылдардын кыргыз адабиятынын чыгармачылык маселелери, коомдук саясий өзгөрүүлөрдүн коомдук-эстетикалык аң-сезимдин өнүгүшүнө тийгизген таасири жөнүндө жазган

иликтөөлөрүндөгү кездешкен сын-пикирлери азыркы окумуштуулардын жазгандарына тереңдетилип, кеңейтилип, илимий-теориялык фактылар менен ырасталып берилген бири-бирине үндөшүп турган мындай ой-пикирлердин жаралышы К.Рахматуллиндин изилдөөлөрүнүн бүгүнкү күн үчүн маанилүүлүгүн арттырып турат.

Адабият менен коомдук аң-сезимдин ортосундагы байланыш менен карым-катышы жогору болот жана анын көп кырдуулугун мыкты түшүнгөн изилдөөчү К.Рахматуллин кыргыз-адабиятындагы өзү маанилүү деп эсептеген көп маселелерге чыгармачылык күч-аракетин жумшайт.

Ар бир жазуучунун чыгармасы жөнүндө сөз кылардан мурда анын өмүр баянына , таржымалына, чыгармачылык жолуна мүнөздөмө берет, анткени ар бир акын-жазуучунун чыгармачылыгына алардын өмүр жолунда таасир эткен түрдүү шарттар, тарыхый жагдайлардын мааниси чыгармачылык ишмердүүлүгүндөгү орду зор деп эсептейт. Акын-жазуучулардын чыгармачылыгындагы көркөм ойдун жаралышын, чыгармаларынын идеялык-тематикалык жактан жаңыланышын, адам тагдырын таанып билүүдөгү иш-аракеттери алардын басып өткөн жолу менен тутумдаш кароо философиясы жаткандыгы көрүнүп турат.

Көркөм чыгармачылык маселесиндеги формалык жактан жаңылануулардын сапаттык кыймылдын жоктугун изилдөөчү байкаса да аны илимий-теориялык жактан далилдөөлөр менен же кеңири жалпылоолор менен көрсөтө дааналап алган эмес. Бул маселени мындайча бир эки ооз сөз менен атап өтөт: Азыркы турмушка арналган чыгармаларыбыздын көбүнүн сапаты да аксап келатат.Алардын образдары начар. Тилдери оор. Кыскасы кооздук жактары эч алымсындырарлык эмес [75, 190].

К.Рахматуллин көрсөткөн бул маселени азыркы илимий-теориялык жол менен чечмелеп көргөнүбүздө чыгармалардын сюжеттик структурасында сюжет уюштурууда, чыгарманын композициясын кура билүүдө, формалык компоненттерди мазмундук компоненттер менен чебер, ылайыктуу айкалыштыруу чеберчилиги жөнүндө сөз болуу керек эле. Чыгармадагы

каармандардын образдарынын жеткиликтүү иштелишинде алардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн ачып берүүдө диолог, монолог, көркөм портрет, пейзаждык сүрөттөөлөр аркылуу көркөм каражаттарды чебер колдонуу сүрөткердин чыгармачылыгынын потенциалына байланыштуу болуп саналат.

§2. Молдогазы Токобаевдин чыгармачылыгынын чечмелениши

Адабиятчы К.Рахматуллин чыгармалары менен 1920-30-жылдарда кыргыз элинин маданий-турмуштук, саясий-социалдык аң-сезиминин өсүшүнө белгилүү салымын кошкон, кыргыз адабий журтчулугуна таанымал болгон акындардын бири М.Токобаевдин чыгармачылыгына атайын иликтөө жүргүзүп, «Кыргыз совет адабиятынын келип чыгышы» деген эмгегинде акындын чыгармачылыгын иликтөөдө алардын өмүр таржымалын, коомдук саясий ишмердүүлүктөрүн кошо иликтейт. [75] Анткени алардын жашоо-турмушундагы түрдүү жагдайлар, тарыхый кырдаалдар, алардын ишмердүүлүгүндөгү курчап турган чөйрө адамдын жашоо турмушка болгон көз карашын, дүйнө таанымын чагылдыруудагы таасири зор экендигин эске алат.

Бул жагынан алганда, М.Токобаевди жаштайынан жетим калып комсомолдук иштерде, партияда, саясий басма сөз органдарында, филармонияда иштеп келгендигин жазат. Акындын чыгармаларынан 1931-жылы жана 1938-жылы басылып чыккан ыр жыйнактары жарыкка чыккан. Мындан сырткары «Какей» аттуу пьесалык жана «Комсомолка» деген поэмасы бар, жарыкка басылып чыга элек, коюлуп жүргөн эки пьесасынан «Темир Болот», «Калийпа» деген чыгармалары бар экендигин жазат.

М.Токобаевдин ырларын иликтөөчү К.Рахматуллин 20-жылдарда жазылган башка акын-жазуучулардын чыгармаларындай эле тематикалык жактан көп түрдүүлүгүн көрсөтүп, аларды социалисттик эмгекке, аялдар теңдигине, кыргыздын өткөн турмушуна, саясий окуяларга арналгандыгын атап өтөт да, мына бул «Пахта талаасында» деген ырын мисалга кылат:

Буласы жумшак жибектей,

Парек чымыр билектей,

Чанактары жаркырап,

Акак таштуу седептей,

Ак алтын булайт кырманда,

Ак кар жаткан белестей*,*

Терчи – тер деп шаштырып

Ким шамдагай, ким бош деп,

Бирин-бири чакырып

Ырдын мазмунун карап көрсөк, ырдагы ойдун сыйымдуулугу жана образдуулугу жагынан бир аз болсо да жогору берилген пахта өсүмдүгүнүн табигат тартуулаган эстетикалык сулуулугун эмгек процеси менен айкалышта ачып берүү жагынан акындын ыр жазууга изденүүчүлүк менен мамиле жасагандыгын көрүүгө болот. Эмгек талаасындагы эмгекчилердин күжүрмөн кайрат-күчүн, кызуу иш-аракеттерин чагылдыра алган. Изилдөөчү К.Рахматуллин да муну пахтачы баатырлар менен пахтачылардын, пахта талаасынын образын бергендигин белгилеп өтөт.

Мындан башка М.Токобаевдин «Малчылар», «Тигилген туу жыгылбайт» деген ырларынан үзүндү келтирет. «Документ», «Мандат» деген сыяктуу чакырык, үгүт, коомдук турмуштун күнүмдүк муктаждыктарына арналган ырларына маани берет. Изилдөөчү М.Токобаевдин ырларынын тематикасына көбүрөөк көңүл бурган да, ошол доордун муктаждыктары менен талаптарынын деңгээлинде гана акындын лирикалык чыгармаларын талдоо менен чектелгендигин байкай алабыз. Чыгармачылык сапаттык жактан өсүү темпи, поэтикалык изденүүлөрү, ырларынын түзүлүшү боюнча фольклордук чыгармаларга жакындыгы, фольклордук таасири сыяктуу 1920-30 жылдардагы поэзиялык чыгармаларга мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөр илимий-теориялык жактан жеткилең талданбайт. Ошол 1930-жылдарда жазылган А.Токомбаевдин чыгармаларында адамзаттын түбөлүктүү темаларына арналган жашоо, сүйүү, өмүр, өлүм сыяктуу турмуштук философиянын сырларын чагылдырган лирикалык чыгармалары көп эле.

Мындай темада жазылган ырлары акындын чагармачылыгын мазмундук жактан салмактуулугун бүгүнкү күндө да айырмалап турат.

Ал эми М.Токобаевдин поэзиялык чыгармаларында да сүйүү темасына арналган чыгармалар бар экендигин белгилеп өтөт. Бирок ал ырлардагы акындын поэтикалык изденүүлөрүндөгү өксүктүү жактары менен чыгармачылык жактан жетишкендиктерин адабиятчы өзү жашаган мезгилдин духуна үндөш, талабына ылайык жактарын гана жазган. Ошентсе да учурунда изилдөөчү өзү жашаган коом үчүн, доор үчүн анын эмгектери актуалдуу жана баалуу болгондугун эске алуубуз абзел.

М.Токобаевдин 1930-жылдарда адабий коомчулуктун кызыгуусун арттырып, популярдуулукка ээ болгон чыгармасы «Кайгылуу Какей» пьесасы болуп саналат.

§3. Аалы Токомбаевдин чыгармачылыгына К.Рахматуллиндин баасы

К. Рахматуллинди 1930-жылдарда бул романга сын-пикир айткан алгачкы адабий изилдөөчүлөрдүн бири катары эсептөөгө болот. Анткени ошол мезгилде бир жагынан чыгармага терең адабий талдоо жүргүзүп баа берген окумуштуулар, изилдөөчүлөр саналуу гана богон.

Ошондой эле роман «Кандуу жылдар» деп аталып, анын мазмуну, аты да чуулгандуу көз караштарды, коомдук сын-пикирлерди пайда кылган. Экинчи жагынан болсо, роман жаңыдан фундаментин түптөгөн жаш, көп улуттуу совет өлкөсүнүн талабы менен тоталитардык системанын буйрукчул иш-аракетине идеологиялык жактан жага бербес эле.

Изилдөөчү романды формасы жагынан эпос жанрынын эң жогорку түрүнө кирет, 1916-жылдагы каршы көтөрүлүшкө арналган социалдык – тарыхый чыгарма деп баа берет.

Негизинен алганда, романда көтөрүлүштүн чыгуусунун себептери, элдин нааразычылыгы, падышачылыктын өкүлдөрүнүн элге көрсөткөн кысымы баяндалып, көтөрүлүштүн жүрүшү чагылдырылат.

«К. Рахматуллин көтөрүлүштүн жеңилиши жана Кытайга качуу, жергиликтүү бай-манаптарды пайдаланып падышачылыктын көтөрүлүштө жеңишке жетишүүсү, куралсыз элдин кырылышы жөнүндөгү кандуу сүрөттөлүшүн, аёсуз окуяларга толгон ачуу чындык баяндалгандыгын ачык эле мындай баяндайт». Ошентип «кыргынды», «кандуу жашты» элестетүү автордун башкы максаты болуп, чынында, чыгармада окуялардын ушу жагына көбүрөөк токтолот. Токтогондо да, «кыргындын» сүрөтүн натуралисттерге так кылып, майда-чүйдөсүнөн калтырбай көрсөтөт. Кала берсе, «коркунучтуу көрүнүнүш» деп атайы бөлүм киргизип, автор козголоң чыгарган элдин баатырларча күрөшүн көрсөтүүгө караганда, анын кыйрашын, кыргынга учурашын көбүрөөк көрсөтөт (208-бет).

К.Рахматуллин ушул «Кандуу жылдар» романына кеңири изилдөө жүргүзүп, тарыхый окуяны чагылдырган бул романдагы окуяларды архивдик материалдар менен салыштырып, тарыхый фактылар жана социалдык маселелер менен айкалышта изилдеген жана жыйынтыгында мындай пикирин жазып калтырган: «Ал эми Чүй менен Ысык-Көл өрөөндөрү көтөрүлүштүн эң кайнаган жери болгондуктан, Аалынын сүрөттөгөн картинасы жалпы көтөрүлүш үчүн типтүү картина боло алат. Ошону менен катар кээ бир айрым окуялар жана адамдар тарыхый түрдө алынып көрсөтүлгөн, башкача айтсак, ал окуялар жана ал адамдар чыныгы болгон.

Көтөрүлүштүн башталган учуру, болуштарды уруп, мөөрлөрдү тартып алуу, тизмелерди тытуу ж.б. көтөрүлүш чыккан райондордун бардыгына негизинен Аалы жазгандай түрдө болуп өткөн.

Көтөрүлүштүн жүрүшү, жеңилиш, Кытайга качуу окуялары да так Аалы жазгандай болуп өткөн иштер. Автор мында бүткүл жердеги окуялардын мүнөздүү жерлерин алып, өзүнчө тартипке салып жазган жана өзү түзгөн образдарды киргизген».

К. Рахматуллин «Кандуу жылдар» тарыхый романын изилдөөдө көркөм адабияттагы тарыхый чындыктын чагылдырылышында коюлуучу

төмөндөгүдөй эстетикалык талаптарды эске алган, ошонун деңгээлинде баа берген:

- сүрөткердин тарыхый инсандардын образын түзүүдөгү реалдуу фактыларга таянышы реалдуу иш-аракеттердин кездешкендиги жана автор тарабынан ишенимдүү сүрөттөлүшү;

- окуялардын чагылдырылышы хронологиялык тартипте эмес, көркөм эстетиканын мыйзам-ченемдерине ылайыктуу чагылдырылышы;

- тарыхый окуя, каармандардын жүрүм-туруму, күрөшү, кайгылуу жагдайлардын романдын идеясына баш ийдирилгендиги, коомдогу типтүү көрүнүштөрдү типтүү образдар менен конкреттештирилгендиги;

- тарыхый каармандардын иш-аракеттеринин, мүнөзү психологиялык жактан чебер иштелип көркөм образдын деңгээлине чейин жеткире иштелгендиги;

- Бирок, таптардын күрөшү, эмгекчилердин ортосундагы интернационалдык байланышы чыгарманын аягында эле көрсөтүлгөн деп мүнөздөйт.

Тагыраак айтканда, К. Рахматуллин А. Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романынын мазмунун, идеясын тематикалык негиздерин кылдат баамдап, акындын чыгарманын мазмунун баалоодо тарыхый чыгармаларды талдоонун критерийлерине таянат, архивдик материалдарга аргументацияга көбүрөөк көңүл буруп, илимий-теориялык негизинде жыйынтыгы билдирилет.

Изилдөөчү А. Токомбаевди кара сөздүн чебери эмес, поэзиянын чебери катары баалап, анын ырларын тематикалык жактан көп кырдуу, көп түрдүү экендигин жазат. Акындын алгачкы чыгармалары эмгек темасына арналган эмес. Анткени эмгек темасы 1920-жылдары социалисттик кыймылдын негизги милдети жана максаты болгондуктан, бардык акын - жазуучулар андан айланып өтө алган эмес. Аалынын мындай ырларынан «Кыргызстан», «Капарга кат», «Күн бүгүн», «Жаш большевиктерге», ж.б.у.с. ырларында совет эмгекчилеринин күжүрмөн кайратын, совет бийлигинин иш-аракетин,

элдин мекенге болгон сүйүүсүн, коомго карата мамилесин көркөм чечмелениши канчалык деңгээлде ишке ашкандыгын ачып көрсөтүү адабий изилдөөчүнүн башкы максаты болгон.

Элдин теңдикке, тынч жашоого, бактылуу замандын келишине кубанган кыргыз элинин улуу сезимдерге толуп, оргуштап турган кайратман ички дүйнөсүн чагылдыруу А. Токомбаевдин негизги чыгармачылык иш-аракетинин мазмунун түзүп турган.

А. Токомбаевдин «Туткун Марат» деген чыгармасына кыскача түрдө болсо да токтолуп, иликтеп көрсөтүүгө аракет жасаган, поэманы тап күрөшүн көрсөтүүгө арналган чыгарма катары санап, эмгек акыны көтөрүүгө жумушчулар өздөрүнүн талаптарын коюшуп, саясий кысымга багытталгандыктан поэманы мазмуну жагынан кымбат, баалуу деп мындайча жазып көрсөтөт:

«Чет элдеги жумушчулар кыймылынын саясий багытын жана күрөш формаларын көрсөтүү жагынан поэма шексиз кымбат чыгарма. Бирок автор ал жумушчулар жашаган шарттарды атайы көрүп, үйрөнбөгөндүктөн, окуялардын социалдык мазмунун гана берген. Окуялар жана образдар турмуштагыдай кылып сүрөттөлбөгөн».

Адабий изилдөөчү К. Рахматуллин поэманын сюжеттик түзүлүшүнө, каармандардын мүнөзүнө, психологиялык терең сүңгүп кирип, майдалап анализ жүргүзүп олтурбастан, жалпысынан эле каармандарынын образдарынын түзүлүшүн реалдуу турмуштан алыс, чебер иштелген эмес поэма деп эсептейт. Иликтеп көргөндө 1930-жылдарда жазылган бул поэманы жазуудагы Токомбаевдин чеберчиликтери, башка поэмалары сыяктуу ошол тарыхый доордогу урунттуу учурларды типтештирүүгө, реалдуу турмуштун картинасын чебер берүүгө жасаган аракеттери анчалык эмес экендиги байкалат, көбүнчөсү кыялдан жаралган, психологиялык жактан ишенимсиз сүрөттөлгөн. Бул жөнүндө С. Жигитов да минтип жазат: «А. Токомбаевдин «Туткун Марат» поэмасынын мазмуну гезиттик материалдардан азыктанган акындык кыялдан жаралган. Анын баш

каарманы– немец пролитариатынын алдыңкы өкүлү. Марат өз кесиптештери шахтерлор менен биргелешип ишкананын кожоюнуна айлыгыбызды көбөйт деп арыз жазат. Ал арызды кожоюнуна алып барат, кожоюн аны - бал тилге салып узатат да, артынан полицияга айтып карматып коет.»

К. Рахматуллиндин бул чыгармага берген баасы кыска болсо да, конкреттүү пикирди айта алгандыгын белгилөөгө болот, ал кыргыздын башка сынчыларынын пикирлери менен да үндөшүп турат.

§4. К. Баялиновдун «Ажар» повестинин иликтениши

К.Баялиновдун «Ажар» повести 1928-жылы жарыкка чыккан кыргыз адабиятындагы өзүнүн идеялык, көркөмдүк мазмунун тереңдиги менен бөтөнчөлөнгөн алгачкы прозалык чыгармалардын бири.

Повесттин башкы каарманы – Ажар. Анын атасы Айткулу көтөрүлүштө окко учуп өлөт. Энеси – Батма да ачкачылыктан, жокчулуктун азабынан байларга жалданып иштеп жүрүп ооруп өлөт. Жетим калган Ажарды Козубектен бир эшек, үч зээр, бир пуд жүгөрүгө Сабитахун деген бай сатып алып, анан ал Чыр деген байга токолдукка сатылат. Мындай кордуктун азабына чыдабаган Ажардын Какшаалды көздөй качып чыгышы, карышкырларга жем болушу менен чыгарма аяктайт.

Чыгарманын жазылыш тарыхы, жанрдык табияты боюнча аңгеме, повесть деген талаш-тартыштуу пикирлер азыркы күнгө чейин айтылып келе жатат. Ушундан улам чыгарма жарык көргөндөн кийин адабий коомчулук тарабынан алган баасы кандай болгон? Бүгүнкү күндүн окумуштуулары тарабынан кандай иликтенип, чыгарманын кыргыз адабиятынан алган орду, сүрөткердин чыгармачылык изденүүлөрүндөгү жетишкендиктери менен мүчүлүштүктөрү жөнүндө кандай пикирлер айтылган деген маселе келип чыгат.

Ушундай маселелерден улам 1930-жылдарда жазылган К.Рахматуллиндин «Ажар» повести жөнүндө жазган пикирлерине токтолсок анда мындай деп берилет:

«Ажардын» сюжети 1916-жылдын көтөрүлүшүнө байланыштуу. Бирок дал ушул 1916-жылдагы жеңилген элдин кантип кыргынга учураганын, анан кытай жеринде кандай кордук-зордуктар көргөндүгүн жазып гана тим болгон. Элдин баатырларча күрөшү көрсөтүлгөн эмес. Жалпы алганда, көтөрүлүштүн себептерин, аны кимдер баштап, кимдер жүргүзгөндүгүн, жеңиш себептерин, айрыкча кыргыз бай-манаптарынын чыккынчылык ролун ж.б.у.с. көрсөтүүчү картиналарды берүү мүмкүн эле. (К. Рахматуллин. 262-бет.).

К.Рахматуллиндин илимий иликтөөлөрүнөн көрүнүп тургандай, ал эстетикалык ой жүгүртүүнүн спецификасын жол-жоболорун анчейин эске албаган. Анткени «Ажар» повести жөнүндө пикир айтууда повестте 1916-жылдардагы көтөрүлүштүн жүрүшү жана анын себеби, натыйжалары сүрөттөлгөн эмес дейт. Аны бир жактуу баалап, акындын мындай мүчүлүштүктөрү тескери түшүнүктү берет деген мындай жыйынтыкка келет: Ырас, Баялинов бай-манаптар куралсыз элди падыша аскерлерине каршы айдап, бекерге кырдырганын көрсөткөн. Бирок бул учур көтөрүлүштүн жалпы картинасы менен көрсөткөн. Бирок бул учур көтөрүлүштүн жалпы картинасы менен байланыштырылбай алынгандыктан, кайра тескерирээк түшүнүктү берет [21, 262].

К.Рахматуллин К.Баялиновдун бир кыйла изденүү менен эстетиканын мыйзамдарына ылайык жазылган чыгармасындагы бир кыздын трагедиялуу тагдырына байланышкан 1916-жылдын азаптуу күндөрдүн, кандуу кагылыштардын картинасын берүүгө болгон умтулууларын жокко чыгарып таштайт. Чыгарманы бир жактуу мүнөзгө ээ болгон саясий-идеологиялык талаптардын, критерийлердин негизинде иликтөөгө алган да, жогоруда өзү белгилеп көрсөткөн жагдайларды К.Баялиновдун «Ажар» повестин жазуудагы өксүктүү жактары катары белгилеп көрсөтөт.

К.Рахматуллин 1916-жылдагы көтөрүлүштү чагылдырган чыгармалардан А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар», М.Элебаевдин «Узак жол» деген чыгармаларын иликтегендигине жогоруда токтолуп өттүк.

Адабиятчы мындай чыгармаларды иликтөөдө 1916-жылдардагы көтөрүлүштүн көркөм чыгармада сүрөттөлүшү реалдуу турмуштагы тарыхый окуяга дал келеби, жокпу, чыгарманын маани-мазмуну совет өлкөсүнүн саясий идеологиялык талаптарына жооп береби, жокпу ушул критерийлер менен көркөм чыгарманын салмагын аныктаган. Чыгармада 1916-жылдардын кандуу окуялардын трагедиялык мүнөзүн ачып берүүдө көркөм эстетикалык жоболорго таянып аларды ылайыктуу колдонуу мүмкүнчүлүгүн байкоо, сүрөткердин чыгармачылык потенциялын иликтөө жагы кийинки планда калган. К.Рахматуллин тарыхый чыгармаларды мына ушундай позициядан туруп талдаган.

Тагыраак айтканда К.Баялиновдун чеберчиликтери, чыгарма жаратуудагы новатордук мүнөзүн айтпай кетүүгө болбойт. Повестте саналуу гана каармандардын иш-аракеттери, Ажардын тагдырына, трагедиялуу турмушуна байланышкан окуялар менен берилген. Чыгарманы баяндоодо да композициянын элементтеринен монологду чебер колдонгон. Анда Ажар аттуу он беш жашар жетим кыздын ички дарты, күйүтү, арманы, ой - санаалары чагылдырылат. Мындан чыгармада коюлган проблемалар курч мүнөзгө ээ болот. Зордук-зомбулук менен колдон-колго сатылып, укугу тебеленген бул кыздын муң-зарына турмуштун ачуу акыйкат көрүнүштөрүн, карама-каршылыктар, ырайымсыз мамилелердин коомдук түзүлүштөн орун-очок алган эзүүсүн жазуучу ушул монологго сыйдыра алган.

Ажар сыяктуу тагдырга туш болгон кыздар зордук-зомбулукка баш ийип, ыйлап-сыктап, канчасы ошол доордун эзүүчү табынын курмандыгы да болгон. Ажардын образын чыгармада коюлган проблемага, идеяга ылайыкташтырып түзгөн. Ажардын мындай карама-каршылыктар менен келишпестиги ой-санаалары, эркиндик издеп, өлөр-тирилерине карабай Чырдын үйүнөн качып чыгышы - жазуучунун ошол мезгилдеги кыргыз кыздарынын трагедиясын, ачуу чындыкты көрсөткөн чыгармачылык жетишкендиги деп айтууга болот.

К.Баялиновдун «Ажар» повестин жазуудагы жазуучулук чеберчиликтери жөнүндөгү бүгүнкү күндүн окумуштууларынын пикирине токтолсок, чыгарма жөнүндөгү мындай алгылыктуу пикирлер айтылгандыгына күбө болобуз: «Ошентсе да, кыргыз жазуучулары биринчи иретте өз баштарынан өткөргөн турмуш чындыктарынын таасирлеринин астында жана орус адабияты менен башка боордош элдердин адабияттарынан үйрөнүүнүн натыйжасында кадыресе көркөмдүгү жеткилең чыгармаларды жазууга аракеттенишкен. Мына ошол аракеттердин бири катары К.Баялиновдун «Ажар» повестин атаганыбызда биз андагы жетишилген көркөмдүк өзгөчөлүктөрдү ар дайым эске тутууга милдеттүүбүз. Турмуш чындыгын көркөм образдар аркылуу элестете алуу, предметтик, портреттик деталдарды реалдуу сүрөттөө, сюжеттик элементтерди, композициялык жайгаштырууларды ыктуу колдоно билүү, автордук баяндоо менен каармандардын сөз өзгөчөлүктөрүн, диалогдорун айкалыштыра алуу сыяктуу көркөмдүк касиеттер бул чыгармада кадимкидей өз ордун тапкан [8, 62-б.].

Окумуштуу К.Артыкбаевдин жогорудагы айткандарынан көрүнүп тургандай эле К.Баялинов «Ажар» повестинде каармандардын индивидуалдуу мүнөзүн түзүүдө формалык компоненттерден композициянын элементтерин ыктуу колдонуп, чагармада коюлган проблемаларды бир эле кыздын трагедиялуу тагдыры, бир үй-бүлөнүн айланасына байланышкан аянычтуу окуя менен 1916-жылдагы көтөрүлүштүн жандуу картинасын чагылдыра алган.

Демек, «Ажар» повестинде монолог менен диалогдор каармандардын мүнөзүн, психологиясын, кызыкчылыктарын, көз караштардын ортосундагы карама-каршылыктарды ачып берүүдө көркөмдүк фунционалдык мааниге ээ болуп турат.

Ал эми каармандардын көркөм портрети Ч.Айтматовдун чыгармаларындай динамикалуу түскө ээ болуп, негизги көркөм каражат катары колдонулбаса да, каармандардын мүнөзүн, адамдык сапатын ачып

берүүчү күчкө ээ. Алсак, Чырдын портрети мына ушундай көркөмдүк функцияга ээ.

Ошону менен бирге азыркы окумуштуулар деле К.Баялиновдун бул «Ажар» повестиндеги чийки иштелген эпизоддор турмуш көрүнүштөрү бар экендигин танбайт. Чыгармадагы жазуучунун чыгармачылык жетишкендиктерин да, кемчиликтерин да илимий-теориялык маалыматтарга таянуу менен фактылык материалдардын негизинде С.Жигитов да терең иликтеп көрсөтүп мындай ойлорун жазган: «Ажарга реалдуу турмуштан алынган окуялар сүрөттөө предмети же объекти болуп бергени талашсыз. Ал конкреттүү предметтин өзүндө укмуштай драматизм, нукура трагизм, жүрөк титиретчү кудурет бар эле. Эң оболу дал ошол кудуреттүү турмуштун негизи повесттин мазмунун эскирбес идеялык-эмоциялык таасирге ээ кылган». [52, 78].

Окумуштуу бул «Ажар» повести жөнүндөгү иликтөөлөрүндө чыгарманы таасирдүү, эмоцианалдуу күчкө ээ кылып турган нерсе катары окуянын турмуштук жагына байланыштырып көрсөткөн.

Ал эми окумуштуу К.Артыкбаев болсо «Ажар» повестин жазууда К.Баялиновдун кетирген кемчиликтери катары айрым образдар менен эпизоддордун терең эмес, үстүртөдөн иштелгендигин белгилөө менен бирге, чыгарманын баасын-баркын мындайча жазган: «Кеп кайгы-капаны жазууда эмес, кеп турмуш көрүнүшүн чеберчиликте сүрөттөй алышта. 15 жашар Ажардын эркиндикке умтулушу, адилеттик үчүн өлүмдөн сестенбей Жапаркул, Көбөгөн өңдүү кедей-кембагалдардын бийге, бай-манаптарга каршы жүргүзгөн аракеттери чыгарманын негизги идеялык мазмунун жана багытын аныктайт» [8, 62-б.].

Мындан сырткары К.Баялинов «Ажар» повестинде жаратылыш көрүнүштөрүн, пейзаждык сүрөттөөлөрдү чагылдыруу менен чыгарманын тема, идеясын тереңдетип берүүгө аракет жасаган. Майдын түнү, асмандагы булуттардын көлөкөсү, желдин, ээн талаанын сүрөттөлүшү бекеринен эмес. Алар Ажардын ички санааларын, кездешчү карама-каршылыктар, кандайдыр

бир коркунучтан кабар берсе, карышкырдын сүрөттөлүшүн жырткычтык зордук, зомбулук, кара күчтөрдүн символу катары белгилөөгө болот. Бул жагынан алганда карышкырдын образын сүрөттөө жана аны реалдуу турмуштук, символикалык, аллегориялык образ катары чагылдыруу жагынан Ч.Айтматов гана «Эрте келген турналар» повестинде жана «Кыямат» романында мыкты сүрөткерлик талантын көрсөтө алган.

§5. Т.Сыдыкбековдун чыгармачылыгы К.Рахматуллиндин интерпретациясында

Т.Сыдыкбеков кыргыз адабиятында өзүнүн прозалык чыгармалары менен таанылган жазуучу, роман жанрын өнүктүрүүдөгү салымы чоң. Анын биринчи чыгармасы «Конокбай» поэмасы болгон. Ал лирикалык чыгармаларды да жазган, анын ырларынын башкы мазмуну совет бийлиги кыргыз элине алып келген жаңы заманды жар салат, эмгекке үндөп, социалисттик өлкөнүн жеңиштерин да, өткөндөгү турмушун да чагылдырган.

Адабиятчы К.Рахматуллин Т.Сыдыкбековдун лирикалык чыгармаларын да көз жаздымында калтырбастан «Лениндин образын чагылдырган Ленинге арналган ырларын», «Акын булбул», «Мен ыр жазам», «Чабуулга» деген ырларында акындын образын берүүгө аракеттенип, акындын коомдогу ордун, милдетин көркөм сөз менен туюнтуудагы оюн чечмелеп көрсөткөн. «Көбөктүн өлүмү» деген ырынын маани-мазмунуна да токтолуп, эмгекчилердин укугунун жоктугун, өткөн күндөрдөгү феодалдык эзүүнүн жоопкерчилигин сүрөттөгөндүгүн баяндап жазган.

Чындыгында Т.Сыдыкбековдун поэзиялык чыгармаларында 1930-жылдарда поэзияга келген башка акындардын ырлары сыяктуу көркөмдүк деңгээли төмөн, күнүмдүк турмуштун ураан, чакырык, саясий үгүт, насаат, эмгек темасына арналган ырлар басымдуу болгон. Мунун себеби кыргыз поэзиясынын өнүгүшү менен байланыштуу болгон маселелерге келип токтолот. Оозеки элдик поэзиянын ыргактарына окшош, элестүүлүгү, эмоционалдуулугу, образдуулугу жагынан супсак жазылган, ойлордун

экспрессивдүүлүгү аз ырлар ошол жылдардагы акындардын чыгармаларына мүнөздүү көрүнүш болгон.

К. Рахматуллин Т.Сыдыкбековдун романдарынын ичинен «Кең Суу» романын кеңирирээк иликтеп көрсөтөт. Романды жанрдык жактан «Революциядан кийинки кыргыз айыл кыштагынын турмушун көрсөткөн социалдык-турмуштук роман» деп мүнөздөйт. Поэманы жазуучу 1933-жылы жазып баштайт да, 1936-1938-жылдарда поэманын биринчи варианты, 1939-1941-жылдарда анын экинчи вариантын жарыкка чыгарат.

Көркөм адабияттагы мындай ырлар - окумуштуу С.Жигитов белгилеп көрсөткөндөй, «Эгер профессионал поэзиябыздын бүгүнкү бийиктигинен туруп караганда, сөз болуп жаткан мезгилдеги саясий-граждандык ырлардын бир кыйласы адабият тарыхында гана калуучу эскирген документтер сыңары кабыл алынат» [52].

Ошентсе да, 1930-жылдардын коомдун аң-сезими саясий-тарбиялык, жаңылануу багытында, патриоттук духта жазылган ырларга муктаж болгондуктан, учурунда мындай ырлар элдин тилектештик, активдүү аң-сезимин ойготууда маанiси зор болгон.

Т.Сыдыкбековдун «Кең Суу» романында кыргыз жергесинде Октябрь революциясынан кийинки турмушу, элдин аң-сезими, совет бийлигин чыңдоого каршы тымызын жүргүзүлгөн карама-каршылыктар, иш-аракеттер коллективдүү чарбаларды түзүүдөгү жагдайлардын татаал процесси сүрөттөлөт. Совет бийлигинин жаңы талаптарын ишке ашырууда, уюштурууда кез келген таптык карама-каршылыктарды, түшүнбөстүктөрдү романдагы Саадат, Бердибай, Шоорук, Барпы, Калпакбаев, Карымшак, Сапарбай, Самтыр, Бүбүш, Саке, Өмүр, Ыманбайлардын айланасына топтоштурулган окуялардын негизинде көркөм сүрөттөп берет.

Роман жарык көргөндөн кийин адабиятчылардын, сынчылардын көңүлүн буруп, чыгарма жөнүндөгү талаш-тартыштарды жараткан сын-макалалар пайда болду.

Алсак, М.Догдуровдун «Кызыл Кыргызстан» газетасына жарыяланган «Сыдыкбековдун китеби жөнүндө» деген макаласы менен М.Элебаевдин «Кең Суу экинчи китеби тууралуу» деген макалалары мисал боло алат.

М.Догдуровдун макаласында мындай деп жазылат: «Сыдыкбековдун «Кең Суу» деген романынын экинчи китеби социалисттик реализмдин койгон бул талабына жооп бере албайт, эмгекчилерди социализмдин духунда тарбиялоого жардам бербейт. Сыдыкбеков бул китебинде колхоз курулушу үчүн жүргүзүлгөн күрөштүн чындыгын, акын революциялык өнүгүүсүндө туура көрсөткөн эмес, тескери көрсөткөн. Эң одоно саясий жаңылыштыктарды жиберген»[86].

Т. Сыдыкбековдун романдарынын арасынан «Кең Суу» романын кыргыз жергесинде болуп жаткан социалисттик курулушту совет өкмөтүнүн идеяларын ишке ашыруудагы карама-каршылыктарды, көркөм образды психологиялык жактан мыкты, терең чагылдырган чыгарма катары бүгүнкү окумуштуулар да эсептешет. Бул романга учурунда жазуучу М.Элебаев болсо «Кең Суунун» экинчи китеби тууралуу деген макаласында мындай деп жазат: «Эмгекчилердин революциялык ролун көрсөтпөй, душмандарды үстөм кылып көрсөтүп, сөздүн асылы эмес, жаманын, шакелин жыйнап отурган чыгарманы жалган жерден кантип жакшы деп айта алабыз?»[83].

Чыгарманын саясий тазалыгы үчүн катуу күрөш талап коюлуп жаткан бул мезгилде М.Догдуров менен М.Элебаевдин курч мүнөздө жазылган бул макалаларында айтылган ойлор чындыкка дал келеби? деген суроо туулат.

Албетте, М.Догдуров менен М.Элебаевдин сын-пикирлеринде аша чапкан ойлор менен илимий - теориялык жактан бир жактуу айтылган ойлор бар экендигин К.Рахматуллиндин бул эмгек жөнүндө жазган пикирлеринен да байкоого болот.

К.Рахматуллин романдагы бул маселеге карата мындай деген ойлорун жазып калтырган: «Бирок бул жайбаракат, тыптынч гана өтүп жаткан турмуш эмес. Мында эски менен жаңы жан аябай күрөшүп жатат». Роман, баарынан мурда, мына ушул күрөштү жандуу образдар аркылуу көрсөтөт.

Романда көрсөтүлгөн кыргыз айылында мурункудай бай-манаптардын чексиз бийлиги жок. Жер-суу, укук бийлик эмгекчилер колунда. Боштондукка чыккан эмгекчил эл эркин эмгек кылып, барган сайын оокаттуу, маданияттуу турмушка кадам коюуда. Бул жаңы шарт, жаңы турмуш жана ушул турмушту куруп жаткан адамдар да жаңы, жаңырган адамдар» [75, 251-б.].

Мындай караганда К.Рахматуллин менен М.Элебаев, М.Догдуровдордун чыгарма жөнүндө жазган ой-пикирлериндеги карама-каршылыктар ачык эле көрүнүнүп турат. Мында К.Рахматуллин Т.Сыдыкбековдун «Кең Суу» романындагы социалисттик курулуштун максаттары менен милдеттерин ишке ашырууда кездешкен татаал жагдайларды, реалдуу турмуш чындыгын коомдук өнүгүүнүн мыйзамдарына ылайык алгачкылардан болуп ар тараптуу ачып берүүгө жасаган кадамын туура байкаган болсо, М.Элебаев менен М.Догдуровдордун макалалары көркөм чыгарманы эстетиканын принциптерине ылайык анализдөөдөн бир аз алыстап, каармандарды алдын-ала ойлонулган схемага ылайык элестетип чыгарманын бир жактуу баалагандыгы байкалат.

Мындан сырткары К.Рахматуллин «Кең Суу» романындагы көтөрүлгөн маселе, коюлган проблемага көңүл буруп, чыгармада коюлган маселени чечмелөөдө каармандардын иш-аракети, реалдуу турмуш, коомдук жагдай, шарттарга мүнөздөмө берет.

Чыгармада эл үчүн күрөшүп өзүнүн иш-аракети менен активдүүлүгүн көрсөткөн каармандардын аң-сезиминдеги көнүмүш адат-салт, жөрөлгөгө айланган көрүнүштөрдү колдонуу ошол учурда мүчүлүштүк экенин каарман али өзү түшүнбөгөн жагдайларды да ачып көрсөтөт. Каармандардан Саке жана Самтыр, Конокбай менен анын Айсараласына мүнөздөмө берет.

Чыгарманын сюжеттик түзүлүшү жана тилине атайын токтолот. Кандай гана көркөм чыгарма болбосун, андан каармандардын ички дүйнөсү, көз карашын, психологиялык абалын чагылдырууда каармандардын сөзүнүн өзгөчө роль ойногондугу баарыбызга белгилүү. Т. Сыдыкбековдун «Кең

Суу» романындагы окуяларды сүрөттөөдө, каармандардын образын түзүүдө алардын сөзүнө маани бергендигин анализдеп, К.Рахматуллин мындай деп жазат: «Ал ар бир окуяны, айрым бир образдарды тиешелүү турмуш шартына байланыштырып сүрөттөйт. Маселен, байларды байларча кымыз ичип олтурган жерде көрсөтсө, кедейлерди отун алган, орок оргон жерде сүйлөтөт» [75, 255-б.].

К.Рахматуллин мындай маселелер жөнүндө ой айтууда чыгарманы анализдөөнү дагы да тереңдетип, пикирин конкреттештирип берсе болмок. Бул жагынан караганда, Рахматуллин аталган маселеге карата берилген ойлору примитивдүү. Эгерде чыгармада каармандардын сөзү индивидуалдуу мүнөзгө ээ болуп турбаса, каармандардын иш-аракеттеринин ишенимдүүлүгү, чыгарманын таасирдүүлүгүнө доо кетет.

Ошентсе да К.Рахматуллиндин адабий-сын макалаларында мындай өзгөчөлүктөр жөнүндө окумуштуу К.Байжигитов минтип жазат: «Бирок маселени коюу жана чечмелөө жагынан, учурдун көркөм адабий процессиндеги мүнөздүү белгилерди, сапаттык кыймылды аныктоо жагынан К.Рахматуллин өзүнөн мурдагылардан бир кыйла айырмаланганын байкоо кыйын эмес. Биринчиден, ал сын макалада ар бир конкреттүү проблеманы түздөн-түз улуттук көркөм өнүгүш тарыхына байланыштырат. Профессионалдуу жазма адабияттын кубулуштарын кароодон мурда фальклор, ырчылар поэзиясы жана адабияттын алгачкы мезгилиндеги көрүнүштөр жөнүндө сөз кылат. Мындан ал улуттук көркөм ой процессин белгилүү өлчөмдө туташ система катары кароо аракетин жасаганын көрөбүз» [49, 259].

Ал эми жогоруда берилген «Кең-Суу» романы жөнүндөгү окумуштуулардын ой-пикири менен бүгүнкү күндүн окумуштууларынын иликтөөлөрүн салыштырып көрүүгө болот. Окумуштуу А.Садыков «Кең-Суу» романынын жазылыш тарыхынан баштап анын акыркы варианты «Тоо арасында» романына чейин терең иликтеп, илимий-теориялык фактыларга таянып конкреттүү пикирлерин жазгандыгын белгилөөгө болот. Ал өзүнүн

илимий иликтөөсүндө «Кең-Суу» романына байланыштуу эки проблеманы чечүүнү маселе катары коет. Биринчиден айрым окумуштуулардын «Кең-Суу» романынын кыргыз адабиятындагы реалисттик жанрдын башталышы катары көрсөткөн оюна карата М.Багданова, Л.Скорино, С.Доронян, К.Асаналиевдердин белгилегендигин жазуу менен, турмуш чындыгын сүрөттөөдөгү чеберчилик деңгээли жагынан «Кең-Суу» романы М.Элебаевдин «Узак жол», А.Токомбаевдин «Жараланган жүрөгү» менен бир катарда турган чыгармалардан экендигин белгилеген.

Автордун романды жазууда кетирген мүчүлүштүктөрүн жаңыдан калыптанып келаткан кыргыз адабиятынын өнүгүү процесси менен байланыштырып көрсөткөн А.Садыков бул маселени мындайча жазган: «Бул жерде Т.Сыдыкбеков жаңы турмушту кыргыз айылында социалисттик курулуштун жүрүшүнө байланыштуу таптык күрөштүн курчушун бир кыйла кең, арымдуу жана жугумдуу жазгандыгы менен башкалардан айырмаланган».

Ал эми «Кең-Суу» романындагы психологизмдин берилишин А.Садыков иликтеп келип мындайча белгилегендигин көрсөтүүгө болот: «Мындай критерий менен карасак, «Кең-Суу» «жакшы эмес, канааттандырарлык», цифра тилине которсок «үч» деген баа алып калат. Ал эми «Тоо арасында» жөнүндө сөз башка».

Т. Сыдыкбеков «Кең-Суу» романында кетирилген кемчиликтердин үстүндө тынбай иштеп, узак убак эмгектенген ал чыгарманын көркөмдүк деңгээли жагынан мыкты жазылган чыгарма катары «Тоо арасында» деген ат менен бүгүнкү күндүн окумуштуулары тарабынан бааланып келүүдө.

К.Рахматуллин «Кең-Суу» романын иликтөөдө романдын сюжетине, негизги каармандарына, романдагы турмуш маселелердин чагылдырылышына, коюлган проблемага, романдын тилине маани берип, өзүнүн пикирин билдирүүгө аракеттенгендиги бекеринен эмес. Роман башка прозалык чыгармалардан көлөмүнүн чоңдугу, кеңири масштабдуу окуяларды өз ичине камтыгандыгы, сюжеттик, композиялык, структуралык

татаалдыктары менен айырмаланат. Ар бир каармандын индивидуалдуу мүнөзүн жаратууда, анын сүйлөгөн сөзүн каармандын аң-сезимине, көз карашына, психологиясына ылайыкташтырып таба билүүнүн өзү сүрөткерден чыгармачылык потенциалды талап кылат. К.Рахматуллин чыгармачылыктын мына ушундай машакаттуу талаптарын мыкты түшүнгөн.

§6. Ж.Турусбековдун чыгармачылыгынын бааланышы

Жусуп Турусбеков адабият майданына 1930-жылдарда келип, 1932-жылы «Жусуптун ырлары», «Шайыр жаштар», 1933-жылы «Тандалган ырлар» деген жыйнагы, 1935-1938-жылы «Мекен» деген ыр жыйнагы, жарык көргөн. Мындан сырткары эки-үч пьеса, чакан көлөмдөгү аңгемелери жарык көргөн. Ал кыргыз адабиятынын али калыптанып, өз нугуна түшө элек мезгилинде башкаларга үлгү болорлук деңгээлдеги поэзиянын жаңы үлгүлөрүн жаратты. Адабият изилдөөчү К.Рахматуллин Ж.Турусбековдун чыгармачылыгына да обзор берүү менен, анын чыгармачылыгындагы идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрдү, жетишкен жактарын, багытын өз учурунда туура талдап, татыктуу баасын берген.

Чындыгында Жусуптун жогоруда аталган жыйнактарында эмгек темасы, коомдогу өзгөрүүлөрдү, жаңы заманды кубаттаган чакырык, сүрөөн, үгүт мүнөзүндөгү чыгармалары көп кездешет. Бул жөнүндө К.Рахматуллин мындай деп жазат: «Жусуптун ырларынын тематикасы да, баарынан мурда, социалисттик курулушка, анын баатырларына арналган. Бирок Жусупта «өткөн күндөрдөгү» муң зарды элестөө жагы да күчтүү. Ал жыргал турмушту жазганда эскини да эске алып кетет.

Ушуга жакын ойду адабиятчы О.Сооронов да мындай деп жазат: «Кыргыз поэзиясында жүрүп жаткан сапаттык жылыштар адегенде идеялык-тематикалык проблемага байланыштуу болчу. Эгерде жаш кыргыз акындары жыйырманчы жылдарда негизинен революциянын жеңишин даңазалоо, эски турмушту ашкерелөө темасындагы ырларды жазса, ал эми отузунчу жылдарда салтты улантуу менен бирге өздөрүнүн поэтикалык оюн жаңы турмушка, жаңы өзгөрүштөргө бурду. Мына ошентип, бул учурда кыргыз

акындарынын башкы темаларынын бири – жаңы социалисттик чарбаларды түзүүдөгү негизги фактор – эмгек болду. Жарык көргөн ар бир жыйнактын борборунда эмгек темасы турду». (124-бет).

Жогоруда аталган эмгек темасына, коомдогу жаңылыктарга басымдын көбүрөөк коюлушу бир жагынан ошол мезгилдин талабы болсо, экинчи жагынан алганда адабий процесске, акын жазуучу менен изилдөөчүнүн чыгармачылык изденүүлөрүнө, активдүүлүгүнө, көрө билүү жөндөмүнө байланыштуу болгон. Башкача айтканда кыргыз адабиятында коомдун актуалдуу деп эсептелген эмгек темасы, колхоздоштуруу, жаңы заманга арналган көйгөйлөрдү чагылдырууга көңүл бурулган.

К.Рахматуллин да обзордук – маалыматтык мүнөздөгү илимий-теориялык багыттагы макалаларын бат-баттан жарыялап, кыска болсо да чыгарманын темасы-идеясындагы, жазылышындагы мүчүлүштүктөр менен жетишкендиктер жөнүндө конкреттүү ой-пикирлерин жазып калтырган.

Ж.Турусбеков октябрь революциясынын кыргыз элине алып келген жакшы оң жактарын теңдик, эркиндик азаттыкты ыр менен чагылдыргысы келген. Ошондой эле илим, билим, маданияттын өркүндөөсү үчүн кеңири жол, теңдешсиз бакыт алып келгендигин пропагандалоодо эски турмуш, кайгы-капа, муң-зарын, кандуу күндөрүн унутта калтырбай, аларды негизинен «Энеме», «Өткөн күндө», «Толкун сырлары», «Эсиңдедир», «Ак алтын өлкөсү», «Ашууда» деген ырларында чагылдырган. Ушундай муңдуу күндөрдү өз башынан өткөргөн Жусуп Турусбековдун жан дүйнөсүнүн ойгонушуна, акын катары өсүп жетилишине таасири зор болгондугун окумуштуулар да жазып келишет. Ал эми К.Рахматуллин Ж.Турусбековдун ырларындагы өткөн күндөрдүн чагылдырылышы жөнүндө мындай деп жазат: «Эскини элестеткен башка ырлары белгилүү бир тарыхый доорду сүрөттөбөсө да, негизинен кыргыз элинин өткөн күндөрүн, өткөндөгү зордук-зомбулукту, эмгекчил элдин муң-зарын тарыхый жагынан тура көрсөтөт. Айрыкча кыргыз эли көргөн азапты айкын көрсөтөт» [22, 225].

Мындан сырткары К.Рахматуллин Ж.Турусбековдун ырларынан «Ук жер жүзү», «Биздин Кыргызстан», «Мекен», «Москвадан», «Жол сыры» деген ырлар социалисттик түзүмдү жаңы заманды кубаттап жазгандыгын бөлүп көрсөтүү менен бирге «Ук жер жүзү» деген ырында патриоттук сезимдерге толгон чакырык түрүндөгү ой-сезимдин берилишин, тилинин тактыгын, көркөмдүүлүк жагынан да мыкты жазылган ыр катары санап көрсөтөт. Акындын ырларындагы салыштыруулардын каражаттарына, мазмунуна, тилине, идеялык өзгөчөлүктөрүнө да маани берген.

Жусуп Турусбековдун «Энеме», «Өткөн күндө» деген поэмаларында да эпостон көбүрөөк лирика берилет деп жазат [22, 227].

«Энеме» поэмасында башка акын-жазуучулардын поэмаларындагыдай курч конфликти же окуя деле берилбей, поэма биринчи жактан баяндалып, мурунку замандын өкүлү улгайган эне жаңыча билимге ээ болгон баласын, экөөнүн ортосундагы психологиялык абал, көз караштарынын ортосундагы айырмачылык, ой-сезим, жан дүйнөнүн ойгонушу, жаңы жашоого багыт алган жаш жигиттин мүнөзү чебер түзүлгөн. Эне менен баланын көкүрөгүндөгү табигый сезимдерге ширетилген ички санааларын, кыял-жоругу, аты аталбаган каармандардын түшүнүктөрү көбүрөөк берилгендиги анык сөз. Муну адабиятчы атайын изилдеп, кеңири талдоо жүргүзбөсө да лирикалык сезимдин көбүрөөк берилишин мүнөздөп, лирик акын деп бир эки ооз сөз менен айтып өтөт.

Мындан башка Ж.Турусбеков көрүнүктүү чыгармаларынан «Ажал ордуна» драмасын, «Беш-Мойноктогу окуя» пьесасын жазган. «Ажал ордуна» драмасы Ж.Турусбековдун чыгармаларына ийгилик алып келген чыгармаларынан болуп саналат, драмада башкы карман катары тарыхый инсандар сүрөттөлбөсө да, анын мазмуну 1916-жылдагы тарыхый окуялардын, көтөрүлүштүн мүнөзүн, элдин күрөшү, жашоо тагдыры, көргөн кордуктары чагылдырылат.

Бул жөнүндө К.Рахматуллин: «Чыгарманын сюжети авторлоштурулган тарыхый окуялар. Чыгарма 1916-жылдагы көтөрүлүштүн сүрөттөлүшүн

тарыхый жагынан туура берет. Бирок «Кандуу жылдар» жана «Азаматтар» өңдөнүп, айрым тарыхый адамдарды, айрым тарыхый окуяларды көрсөтпөйт. Көтөрүлүшкө жана ошо мезгилге байланыштуу таптардын типтүү өкүлдөрүн жана көтөрүлүшкө мүнөздүү жалпы сүрөттөлүштү берет», - деп жазат. [22, 228].

Бул драма жөнүндөгү изилдөөчүнүн ой-пикирлери, талдоолорунда негизинен чыгарманын мазмунуна басым коюлган. Идеялык-тематикалык мазмунун, каармандардын жүрүм-турумун, иш-аракетин каармандардын эрдигин, тайманбастыгын, интернационалисттик тилектештиктин чагылдырылышын чечмелеп берген. Негизги каармандарга мүнөздөмө берген, бирок изилдөөчү ошол мезгилдеги чыгармаларга, пьесаларга салыштырып драматургдун профессионалдык деңгээли кармандардын психологиялык, адамдык сапатын ачып берүүдөгү колдонгон ыкмалары, драмалык диолог кура билүүдөгү ж.б.у.с. драманын көркөмдүк деңгээлин сыпаттап, чечмелеп көрсөткөн жагдайлар аз. Драма жаратууда спецификалык өзгөчөлүктөр жетишкендиктер «Ажал ордуна» драмасында мыкты иштелип, сюжеттик композициясы мыкты курулуп, драмалык жанрды спецификалык жогорку деңгээлде берилгендиги М.Борбугулов, С.Байгазиев тарабынан жазылып жүрөт.

Октябрь революциясынын орношу кыргыз элине көптөгөн өзгөрүүлөрдү алып келип, элдин аң-сезимине коомдук-социалдык, тарыхый маданий жаңылануулларды пайда кылды. Нечендеген жылдардан бери оозеки формада жашап келген улуттук көркөм өнөрдө болуп жаткан кубулуштарды, ага таасир эткен тарыхый кырдаал менен эстетиканын талаптарын, анын калыптануу, өсүп өнүгүү процессиндеги мыйзам ченемдүү көрүнүштөрдү, алардын өз ара байланышы менен карым-катышын, ички табиятын, бөтөнчөлүктөрүн, оң жана терс жагдайларды ачып көрсөтүү, чечмелеп берүү жагынан К.Рахматуллин да бир топ иш-аракеттерди, илимий иликтөөлөрдү жүргүзгөн жана да салымы зор. Бул жөнүндө К.Байжигитов мындай деп жазат: «Кыргыз элинин адабиятынын келип чыгуу, калыптануу жолуна

арналган тарыхый адабияттык мазмунда жазылган макалалардан К.Рахматуллиндин «Кыргыз совет адабиятынын келип чыгышы» деген эмгегин айрыкча бөлүп көрсөтүүгө болот. Анткени, адабий маселелерге илимий мамиле кылуу, изилдөө жана анализдөө методикасы, түшүндүрүү принциптери жагынан гана эмес, автордук концепция, көркөм эстетикалык туюм, маселени коюу жана чечүү жагынан да бул автордун макаласы жеткилең. Ошондой эле бул макаладагы ийгиликтер жана кемчиликтер түрдүү оош-кыйыштар ошол мезгилдеги кыргыз адабий сынына мүнөздүү сапаттарды белгилөөгө, аныктоого кадыресе жардам берет. Анткени, кыргыз адабий илимине жана сынына тиешелүү көп мүнөздүү учурларды мына ушул макаладан ачык жолуктурабыз.

§7. К. Маликовдун чыгармалары К.Рахматуллиндин талдоосунда

Калим Рахматуллин «Кыргыз адабиятынын келип чыгышы» деген эмгегинде кыргыздын белгилүү чыгармачыл инсандардын бири К.Маликовдун чыгармачылыгын иликтеп, анын өмүр таржымалын, чыгармачылык иштеринин башталышы, ага айлана-чөйрөдөгү турмуштук таасирлери жөнүндө баяндайт. К.Маликовдун чыгармачылыгы тууралуу сөз кылганда изилдөөчү К.Рахматуллин чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүгүнө, саясий-идеялык маанисине көбүрөөк маани берген: «Кубанычбек а дегенде ыр менен жазды жана азыркы күндө да акындын чыгармаларынын бир тобу ыр менен жазылат. 1939-жылы ырлар жыйнагы – «Жаңы ырлар» чыккан эле. 1940-жылы «Балбай» баатырга арналган саясий чакырык башкы орунду алат. Анын театр үчүн жазылган какшык ырлары да бар. Анда Кубанычбек эски турмушту, маданиятсыздыкты, турмуштагы жаңылыкты кабыл албагандыкты, мищандыкты ж.б. аябай сынга алат» [22, 232].

Рахматуллиндин жазгандарынан көрүнүп тургандай, кайсы акын-жазуучунун чыгармачылыгын изилдебесин, алардын чыгармачылыгынын идеялык-саясий маанисине, маданий баалуулугуна көбүрөөк көңүл бурган. Кандай гана мазмундуу чыгармалар жарыкка чыкса да, коомчулукта ал татыктуу баасын алып, адабиятта өмүр сүрүүсү үчүн чыгарма жөнүндөгү

сын-пикирлер зор роль ойногон. Анткени ушундан улам чыгармалардын көркөм адабияттан өз ордун таап, чыгарма катары кеңири кулач жайып, калктын калың катмарына сиңип кетишине кээде шарт түзүлсө, кээде кедергисин тийгизген.

К.Рахматуллиндин К.Маликовдун чыгармачылыгына карата айтылган ой-пикирлери акындын алгачкы жазган ырларынын маани-мазмунуна дал келет. К.Маликов өзүнүн чыгармачылыгындагы мүчүлүштүктөрдү, көркөм ойлоо жагынан такшала электигин минтип айтканы бар: «Чынын айтканда мен адабиятка киришкен алгачкы жылдарында көркөмчүлүк методун бирден-бир туура түшүнө алганым жок жана көпкө чейин кургак үгүттүн кайырмагында жүрдүм, мына ушунун баары шексиз менин чыгармамдын сапатына салымдарын тийгизди». (Ленинчил жаш. – 1936-жыл, 20-апрель).

К.Маликовдун 1935-жылы жарыкка чыккан «Театрдык ырлар», 1938-жылы «Кубанычбектин ырлары», 1939-жылы «Жаңы ырлар» аттуу жыйнагы жарыкка чыккан. Ушул жыйнактарга киргизилген ырларын баамдап караганда, К.Маликовдун чыгармачылыгы сапаттык жактан өсүшкө ээ болгондугу дана байкалат. 20-жылдардын аягында 30-жылдардын башында жазылган ырларында социалисттик революциядан кийинки коомдо пайда боло баштаган жаңылыктар, үгүт-насаат иретиндеги чакырыктар, кыргыз жергесиндеги маданий өзгөрүүлөр ырга салынып, акындын жаңы заманга карата ички сезиминен жаралган патриоттук маанайдагы саптар көп кездешет. «Жазгы талаа», «От араба», «Кара тулпар», «Кызыл атчандар», «Эл уулуна», «Акын сыры» ж.б.

Акындын тынбай издегендиги, чыгармачылык жактан өзүнүн активдүүлүгүн көрсөтө алгандыгы, тилдик каражаттарды чебер колдонуу менен ырларына, сатиралык поэмаларына жаңы мазмунду берүүдө көркөм ойлоонун жаңы формалары аркылуу берүүгө жетишкендиги «Жаңы шаар», «Сен жолдошум», «Таш күзгүнүн түбүндө», «Коштошуу», «Соң-Көл жайлоо», «Жылкычы», «Эл уулуна», «Баатырга» ж.б. чыгармаларынан көрүнүп турат.

К.Маликовдун чыгармаларынын багыты акындын поэтикалык изденүүлөрүндөгү жетишкендиктерин кийинки жыйнактарында көрсөтө алгандыгын окумуштуу К.Артыкбаев да мындайча белгилеп көрсөтөт: «К.Маликовдун 1938-жылы «Кубанычбектин ырлары» деген ат менен жарыкка чыккан иргелген жыйнагы анын ошол учурдагы поэтикалык жүзүн толук көрсөтүүгө бардык жагынан жооп берген жыйнак. Жыйнактагы чыгармалары боюнча К.Маликов отузунчу жылдардагы кыргыз акындарынын күчтүү тобуна кирүүгө толук татыктуу» [22, 193].

Демек К.Рахматуллин К.Маликовдун чыгармалары жөнүндө тематикалык жанрдык жактан көп түрдүү экендигин адилет белгилеп көрсөтөт. Ал эми К.Маликовдун поэтикалык изденүүлөрүн, ырларындагы образдуулуктун ачылышы, көркөмдүүлүк деңгээли жөнүндө аналитикалык иликтөөлөргө фактылык материалдарсыз калыс пикирин билдиргендигин келтирүүгө болот. Ал эми кийинки чыккан жыйнакта («Жаңы ырлар») рифма жана ритм жагынан аксаган жана образдары начар ырлар учурайт. Ал ырлары техника жагынан жакшы иштелип чыкпаган. Ыр техникасы ырдын мазмунунун бир бөлүгү болот. Техника аксаса, мазмун да аксайт, демек, кооздук жагы окшойт [75, 233].

Жогоруда көрүнүп тургандай К.Артыкбаев К.Маликовдун чыгармачылык изденүүлөрүндөгү жетишкендиктерди илимий-теориялык негизде фактылык материалдарды жетиштүү пайдалануу менен акынды 1930-жылдардагы такшалган акын катары талантын ачып берүүгө аракеттенсе, К.Рахматуллин болсо К.Маликовдун чыгармачылыгындагы негизги өзгөчөлүктөрдү, негизги багытын окурман чөйрөсүнө маалымдап, адабий коомчулукка көмөк көрсөтүү үчүн гана жалпы жонунан пикир айткан. Ошону менен бирге чыгармачылыгындагы өксүктүү жактарды көрсөтүүгө аракеттенген.

К.Маликовдун кыргыз адабиятына таанымал болгон дагы бир чыгармасы «Балбай баатыр» поэмасы. Поэма 1940-жылдары жазылган кыргыз поэзиясындагы кыргыз элинин коомдук жана саясий абалын,

трагедиялуу жагдайларын чагылдырган тарыхый поэма болуп саналат. Тарыхый чыгарманы жазуунун жана аны кабылдоонун өзүнө тиешелүү эстетикалык жол-жоболору бар. К.Маликов кыргыз акындарынан биринчилерден болуп тарыхый поэма жазууга киргизишип, 19-кылымдын экинчи жарымында кыргыз элинин башынан өткөргөн оор кайгылуу, азаптуу күндөрдүн кандуу тактарын көркөм сөздүн күчү менен образдар аркылуу өтө таасирдүү кылып, мезгил көйгөйлөрү менен айкалышта чагылдырып берген. К.Маликов «Балбай» поэмасында тарыхый чындыкты ачып берүү үчүн каармандарды чыгармада сүрөттөө менен бирге тарыхый доорду жана анын проблемаларын бурмалабай туура көрсөтүүгө аракеттенген. Ал үчүн жазуучу Балбай баатырдын тарыхтагы ордун, адамдык сапатын, жүргүзгөн иш-аракеттерин ашыкча кошумчалап, же майда-барат артык баш көрүнүштөрдү сүрөттөп олтурбастан тарыхый чыгармаларды жазуунун нормаларына ылайык поэманы жазууга аракеттенген.

Поэманын жаралышы жана болгондо да анын мазмуну тарыхый окуяларга арналган дастан кыргыз адабиятчыларын, алардын ичинен К.Рахматуллинди да кайдыгер калтырган эмес. К.Рахматуллин К.Маликовдун башка чыгармаларына да мүнөздөмө берген. К.Рахматуллин «Балбай» поэмасындагы Балбай баатыр жөнүндө минтип жазат: «Поэмада Балбайдын образы жакшы берилген. Ал баатыр, акылдуу, көрөгөч, жакшы жетекчи, ошону менен катар ал гуманист жана демократ акын, Балбайга каршы манаптардын эки жүздүүлүгү «чыккынчылыгы, митайымдыгы ж.б. сапаттары да жакшы көрсөтүлөт» [75, 233].

К.Рахматуллиндин бул эмгегинде «Балбай баатыр» поэмасына карата эч кандай саясий күнөө тагылып, совет өкмөтүнүн идеологиясына каршы келген сын-пикирлер берилген эмес. Саясий күнөөнүн кара көлөкөсү Улуу Ата Мекендик согуштан кийин адабият жана искусствонун башка тармактарындагы чыгармаларда кездешкен зыяндуу кемчиликтердин бетин ачуу үчүн жүргүзүлүп, анын залакасы К.Маликовдун «Балбай баатыр» поэмасына да тиет. Жогоруда К.Рахматуллин бул эмгегинде поэмада «Автор

Балбайды эл баатыры кылып чыгарат» деп элдик баатыр катары мүнөздөлгөндүгүн жазып жатса, согуштан кийинки ВКЛ (б) нын атайын токтомунан кийинки айтылган сын-пикирлерде Балбай баатырдын образын элдик баатырдын образын алып жүрөт, феодалдык турмуш идеализацияланган деген шектүү ойлор поэманын адабий коомчулукка кеңири таралышына кедергисин тийгизген.

К.Маликовдун чыгармачылыгындагы кыргыз элинин 1916-жылдардагы падышачылыктын бийлигине каршы чыккан көтөрүлүштү, элдин оор тагдырын баяндаган чыгармаларынын бири «Азаматтар» повести болуп саналат. Ал повесть 1936-жылы жазылып, 1938-жылы китеп болуп жарыяланган. Повестте окуя кыргыз элинин көтөрүлүштөн улам кытай жергесине качып, толкуган элдин оор азаптуу күндөрү жөнүндө болот, коомдогу бий-болуштардын зордукчул иш-аракетин, өздөрүнүн жеке кызыкчылыгы үчүн элди пайдаланат, жазуучу Алишер деген жигиттин Койгелди деген болуш менен кармашып, алардын ортосундагы келишпестикти ачып берүүгө аракеттенет. Көтөрүлүштүн негизги кыймылдаткыч күчү катары эзилген эл, эмгек сүрөттөлөт. Эл үчүн эч нерседен тайманбай, элдин укугун талашат, болуштардын чыккынчылыгын, падышачылык бийликтен өздөрүнүн жанын калкалагандыгын көрүп чыдабай алардын бетин ачат. К.Маликов тарыхый чындыкты ачып берүү үчүн повестти курулай фактылардын жыйындысын же майда-барат болуп өткөн окуялар менен повесттин мазмунун баяндабастан, ошол мезгилде элдин тагдыры үчүн роль ойногон типтүү көрүнүштөрдү, тарыхый процесстеги маанилүү окуялардын адам тагдырына тийгизген орду менен тыгыз байланышта ачып бере алган.

К.Маликовдун бул повестине К.Рахматуллин иликтөө жүргүзүүдө автор чыгарманын сюжети катары алынган окуяларга басым коюп, повесттин негизги мазмунун социалдык маселелер менен байланышта иликтейт. 1916-жылда болуп өткөн көтөрүлүштүн жүрүшү, ишке ашырылышы, андагы элдин тагдыры, кандуу кагылышуу, элдин качышы, кытайдагы элдин азаптуу

турмушу повестте кандай сүрөттөлгөндүгүнө маани берип, аны А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар», Ж.Турусбековдун «Ажал ордуна» аттуу чыгармалары менен салыштырып, мындай деп жазат: «Көтөрүлүштүн бул жагы «Кандуу жылдар» менен «Ажал ордуна» деген чыгармаларында да ушундай берилген» [75, 233].

К.Рахматуллин ошол жылдардагы партиянын идеологиясын көрсөткөн саясатынан улам «Азаматтар» повестинде бай-манаптардын кой терисин жамынган митайымдыгы, карасанатай адамдардын мыкаачылыгынын сүрөттөлүшүнө, эмгекчилердин алардын бетин ачуудагы иш-аракеттеринин чагылдырышына маани берет да чыгармада жалпы бай-манаптардын мыкаачылыгын көрсөтүүгө, кыргыз айылындагы орто кылымдын варварчылыктын, эксплаутациянын түрлөрүн көрсөтүүгө көп орун берилген деп жазат (Ошондо, 233-бет).

К.Рахматуллин повесттеги тарыхый чындык менен турмуш чындыгын салыштырып, аны «Кандуу жылдар» жана «Ажал ордуна» повестинде 1916-жылдагы окуялардын сүрөттөлүшүндөгү жалпылыктар, окшоштуктар боюнча минтип жазат: «Чыгарма негизинен турмуш картинасын туура сүрөттөйт. Бул жагынан «Азаматтар», «Кандуу жылдар», «Ажал ордуна» чыгармаларынын ортосунда көп окшотук бар. Бул окшоштук бир жагынан, көтөрүлүштүн картинасынын окшоштугунан келип чыкса, экинчи жагынан авторлор ошо картинаны бүт алып жалпы көрсөтүшкөндүгү да буга себеп. [75, 234].

Мындан сырткары «Азаматтар» повестиндеги баатырлардын образын да талдап көрсөтмөкчү болот. Бирок, К.Рахматуллин башкы каармандар Алишер менен Койгелди алардын ортосундагы карама-каршылыктардын келип чыгуу себептерине токтолот. Каармандардын образын талдоодо алардын адамдык сапаттарын кененирээк мүнөздөйт. Образды ачууда К.Маликовдун жазуучулук чеберчиликтерине каармандардын ички дүйнөсүндөгү карама-каршылыктарды, иш аракеттерин психологиялык жактан ишенимдүү бере алганбы, жокпу, ал жөнүндө айтылбайт.

Сүрөткердин турмуштук философиясын жалпылап көрсөтүүдөгү принциптери, жаңыча турмуштук мазмунду берүүдө, ойду көркөм формалар аркылуу туюнтуудагы ыкмалары жөнүндө да сөз кылган эмес.

Башкача айтканда К.Маликовдун чыгармаларынын адабий-эстетикалык өзгөчөлүктөрүнө терең анализ жүргүзбөстөн, чыгарманын мазмуну, саясий-идеялык тазалыгына көбүрөөк көңүл бурат, жанрдык өзгөчөлүгүнө мүнөздөмө берген. Тарыхый чыгармаларды талдоодо турмуштук фактылар менен далилдөөгө аракет жасайт.

Анткени 1930-жылдардын экинчи жарымында сынчылар, адабиятчылар тарабынан көркөм чыгарманы анализдөөнүн, баалоонун, талдоонун критерийи менен кошо принциптери бир аз болсо да 1930-жылдардагы сын-пикирлерге салыштырмалуу өнүгө баштаган эле. Окумуштуу К.Байжигитовдун сөзү менен айтканда «сынчылар көркөм чыгармаларды анализдөөдө негизги түйүндү тигил же бул калемгердин адабий процесстеги орду, жараткан көркөм фактылардын идеялык-саясий негизги, тип, образ, мүнөз, сюжет жана композиция сыяктуу татаал маселелерге тутумдаштыруу аракети күч алды. [15, 247].

К.Маликовдун «Азаматтар» повести 70-жылдарда автор тарабынан кайра иштелип чыгып, 1977-жылы жарык көргөн.

§8. Жоомарт Бөкөнбаевдин чыгармачылыгына адабиятчынын көз карашы

К. Рахматуллин чыгармаларын иликтеген акындардын бири Ж.Бөкөнбаев. Анын чыгармалары бүгүнкү күндө да маанилүү. Ал адабият майданына 1930-жылдардын башында келген. Туңгуч ыры «Жер алган кедейлерге» 1927-жылы жарык көрүп, 1933-жылы акындын «Эмгек төлү» аттуу жыйнагына киргизилген. Өз учурунда мыкты деп эсептелген бул ырынын темасы да саясий жактан актуалдуу болуп, акын жаңы заман, жаңы реформаларга арналган, ал акындын толкунданууу сезимин поэтикалык тилдик каражаттар менен туюндурган чакырык көтөрүңкү дух менен жазылган өз учурунун мыкты ырларынан болуп саналат. Мындан сырткары «Жер ташта», «Көкөш көзүн ачты», «Жаз», «Паравоз» деген ж.б. ырлары эски жашоо менен жаңы совет өкмөтү алып келген жашоонун ажырымын, өз ара карама-каршы жактарын көрсөтүп, жаңы жашоого үндөгөн саясий багыт менен жазылган ырлар эле.

Акындын ырларындагы саясий-идеялык мазмунга ширетилген ой-сезимдерди иликтеп ошол 1930-жылдарда көпчүлүккө таанымал болгон изилдөөчү К.Рахматуллин мындайча баяндап көрсөткөн: «Жоомарттын тематикасы көбүнчө түштүк райондорго арналган. Түштүк кыргыз айылындагы социалдык курулуш, социалдык эмгек, аны куруучулар, анын баатырлары, айрыкча пахта жана пахтачылар – Жоомарттын чыгармаларында башкы орунду алат» [75, 238].

Адабий изилдөөчү К.Рахматуллиндин мындай ойлоруна үндөшкөн ойду кийинки окумуштуулардан О.Сооронов да минтип жазат: «Кыргыз поэзиясында жүрүп жаткан сапаттык жылыштар адегенде идеялык-тематикалык проблемага байланыштуу болчу. Эгерде жаш кыргыз акындары жыйырманчы жылдарда негизинен революциянын жеңишин даңазалоо, эски турмушту ашкерелөө темасындагы ырларды жазса, «ал эми отузунчу жылдарда ушул салтты улантуу менен бирге, өздөрүнүн поэтикалык оюн жаңы турмушка, жаңы өзгөрүштөргө бурду. Мына ошентип, бул учурда

кыргыз акындарынын башкы темаларынын бири – жаңы социалисттик чарбаларды түзүүдөгү негизги фактор – эмгек болчу. Жарык көргөн ар бир жыйнактын борборунда эмгек темасы турду. Айрым акындар китептеринин атын да эмгекке байланыштырып аташты. (А.Токомбаев «Эмгек гүлү», 1932, Ж.Бөкөнбаев, «Эмгек төлү» 1933ж. ж.б.).

Окумуштуулар белгилеп көрсөткөндөй, Ж.Бөкөнбаевдин 1930-жылдарда жарык көргөн ыр жыйнактарынын идеялык-тематикалык мазмунун негизинен эмгек темасы түзгөн. Мунун бирден-бир себеби жаш совет өкмөтүнүн ар тараптуу өнүгүшү үчүн негизги фактор эмгек экендиги акындын жекече көз карашы болсо, экинчи жагынан алганда, совет өкмөтүнүн көрсөтмөлөрү, партиянын талаптарынын аткарылышы, социалдык жана маданий жактан өнүгүүлөргө ээ болуу түздөн-түз эле эмгек менен байланыштуу болгон. Башкача айтканда, адабияттын, искусствонун аң-сезимди калыптандыруудагы, өнүктүрүүдөгү, тарбиялоодогу ролу эбегейсиз зор, ошондуктан коомдогу карама-каршылыктарды, ак-караны, жакшы-жаманды көркөм чечмелеп, жалпылаштырып берүү үчүн совет өкмөтүнүн саясаты мындай руханий байлыктардын түгөнгүс күчүн жайылтууга көп күч-аракеттерди жумшаган. Искусствонун чыгармаларынын сыйкырдуу күчтөргө бай жана адамзатты ар тараптуу өнүктүрүүдөгү ордун окумуштуу Ю. Борев «Эстетика» деген эмгегинде минтип жазат: «Искусство формирует строй чувств мыслей людей. Если воспитательное воздействие и форм общественного сознание носит частный характер: мораль формирует нравственные нормы, политика – политические взгляды, философия – мировозрение, наука готовит из человека специалиста, то искусство воздействует комплексно на ум сердце, и нет такого уголка человеческого духа, который оно не могло бы затронуть своим влиянием. Искусство формирует целостную личность» [95,143].

Демек, Ж.Бөкөнбаев да өз учурунда совет өкмөтүнүн өсүп-өнүгүшүнө чыгармалары аркылуу берилип кызмат өтөгөн деп айтсак болот.

Ж.Бөкөнбаев драма жанрынын үстүндө да иштеп, белгилүү чыгармаларынан «Алтын кыз», «Токтогул», «Каргаша» (1935ж.) ж.б. жазган. Ж.Бөкөнбаев түштүк регионунда көп болуп, ошо жакта жашап, ал жактан алган турмуштук таасирлерин чыгармаларында чагылдырган. Алардын бири Ж.Бөкөнбаевдин «Алтын кыз» музыкалуу драмасы. Ал 1936-1937-жылдарда жазылган. Аны композитор А.Малдыбаев музыкалаштырган. Чыгармага түштүктө болуп өткөн турмуштук окуялар негиз болгон, драматург өзүнүн идеясына ылайык көркөм образдар аркылуу кайрадан жандандырылган. Драмадагы пейзаждарды, курчап турган чөйрөнү, табигат көрүнүштөрүн каармандардын терс сапаттарын, ырайымсыз мүнөзүн ачып берүүгө ылайыкташтырган.

Анын башкы каарманынын бири – Жапар. Жапардын турмушта прототиби бар. Автор Жапардын образын драмада коюлган тема-идеяга карата көркөм адабияттын спецификалык ыкмалары аркылуу мыкты, курч патриот эл үчүн каны-жанын аябаган чыгаан революциячыл образ катары чагылдырган.

Жаңыча жашоого умтулган жаш-кары, келин-кыздардын, эмгекчи элдин, күжүрмөн кайраты, эркиндикти баалаган, тынчтыкты сүйгөн кыргыз элинин биргелешкен күрөшү чагылдырылат, б.а. эски турмуш менен кош айтышкысы келбей, аны ар түрдүү жолдор менен сактап калгысы келген уюшкан зыянкеч душмандардын карасанатай мүнөзү эмгекчи элдин жашоо турмушуна, максат-тилегине карама-каршы коюлат.

Ж. Бөкөнбаев үчүн советтик идеологиянын ошол учурдагы күчтүү саясатына ылайык келген бул драманы жаратуу оңойго турган эмес, автор чыгарманын үстүндө көп изденип, көп эмгектенгендиги көрүнүп турат. Элдин реалдуу турмушунан алынган адат-салт, ырым-жырым сыяктуу канга сиңип, караңгылыктын чеңгелине салган көрүнүштөрдүн кесепетин, эки жактуу кагылыш, психологиялык жактан келишпестиктер, басмачылыктын талкалануу жолдору, интернационализм, элдердин тилектештиги эр жүрөктүүлүктөрдүн үлгүсү катары көркөм чечмеленет.

Ж.Бөкөнбаев Москвадан билим алып келгенден кийин бул драманы жазуу менен драматургия жанрындагы сапаттык жактан өнүгүүнү көргөзө алган. Драмада Калыбек ырчынын образы, мүнөзү, жүрүм-туруму калыпка салынган идеалдуу каарман катары сүрөттөлбөйт. Анын аң-сезиминдеги руханий өзгөрүштөр психологиялык жактан чебер иштелген. Калыбек ырчынын иш-аракетиндеги, жүрүм-турумундагы түшүнбөстүктөр, көз карашынын өзгөрүшү окуялар аркылуу шартка, кырдаалдардан улам өзгөрүп жүрүп олтурушун ишенимдүү сүрөттөгөн. Тагыраак айтканда, Калыбек ырчынын олку-солку болгон эки жактуу көз карашы акырындап өзгөрүп, ал коомдогу өзгөрүүнүн маанисин түшүнгөнгө чейин жаңылышып да ырдайт, кыйынчылык да көрөт. Муну менен автор ошол доордогу Калыбек ырчы сыяктуу жашоо-турмуштун өйдө-төмөн жактарын, карама-каршылыктарын түшүнө албай, башкалардын жетегине кирип, запкы да тартып жүргөн адамдардын образын, ички дүйнөсүн ачып берүүгө көп күч-аракеттерди жумшаган.

Окумуштуу Ю.Борев «Эстетика» деген эмгегинде адабият жана анын изилдөө предмети, коом турмушу, каармандардын өзүн-өзү ачуудагы эстетикалык мааниси жөнүндө минтип жазат: «Литература эстетически освоивает мир в художественном слове. Ее предмет хотя и не прямолинейно, но неуклонно расширяется. В его сферу ныне входят природные и общественные явления, огромные социальные катаклизмы и движения народных масс, духовная жизнь личности, ее чувства. В разных своих жанрах литература охватывает этот материал или через драматическое воспроизведение действия или через эпическое повествование о событиях, или через лирическое самораскрытие внутренного мира человека» [95, 284].

Жогоруда маалым болгондой, отузунчу жылдардын экинчи жарымында драматургия жанрында да турмуштук татаалдыктарды, жеке адам менен коом ортосундагы байланыштарды ачып берүүдө көркөм ойлонуунун жаңыча формаларын өздөштүрүүдө жазуучунун индивидуалдуу чеберчиликтерине маани бериле баштаган учур болчу.

Бирок окумуштуу С.Байгазиев жазгандай, «30-жылдарда, айылдардын кылымдардан бери келе жаткан патриархалдык турмуш уклады бузулуп, жаңы турмуштун пайдубалы түптөлүп жаткан учурда жаңынын артыкчылыгын даңазалоо, эски үрп-адаттарга каршы күрөшүү, сындоо, айрыкча кыз-келиндердин эркиндигин жана укуктарын чектеген түркөй эрежелердин бетин ачуу, аялдарды жаңы турмушка үндөө эң күчтүү турмуштук муктаждыктардан эле. Чынында, эски адат-салттардын эзүүсүнөн жана сабатсыздыктын торунан бошоно элек аялдар массасын иш жүзүндө азаттыкка чыгарбай туруп социалисттик курулуштун алдындагы, милдеттерин ийгиликтүү чечүү мүмкүн эмес эле» [14, 210].

Жогоруда «Алтын кыз» музыкалуу драмасын жазууда кандай жетишкендиктерге ээ болгондугу жана коомдун кайсы маселелерин чагылдырууга басым койгондугу жөнүндө сөз болду.

Ал эми драматургдун замандашы К.Рахматуллиндин изилдөөчү катары драмалык жанрдын спецификалык өзгөчөлүктөрүнүн негизинде изилдеп, драманын идеялык-тематикалык мазмунун шайкеш келген формалык конпоненттер менен айкалыштыруудагы чеберчиликтерин ачып бере алганбы? – деген суроо туулат.

К.Рахматуллин Ж.Бөкөнбаевдин «Алтын кыз» музыкалуу драмасына «Кыргыз совет адабиятынын келип чыгышы» деген эмгегинде бул чыгармага карата да көз карашын берген. Анда эмгектеги элдин турмушу жана алардын басмачылар менен күрөшүүдөгү биргелешкен иш-аракети, эскинин калдыгы менен болгон күрөш, башкы каармандар Чынар менен Жапардын образы, жетекчи катары кыргыз элине жол көрсөткөн Кузнецовдун образдары, драманын идеялык мазмуну жөнүндө сөз болот.

К.Рахматуллиндин изилдөөлөрүндө чыгарманын идеялык мазмунун кантип ишке ашырганындыгы жөнүндө эмес, чыгарманын идеялык мазмунунда эмнелер жөнүндө сөз болгондугу өтө маанилүү маселе катары каралган. К.Рахматуллин «Алтын кыз» музыкалуу драмасы жөнүндө жазганда драмалык чыгарманын спецификасына тиешелүү болгон драмалык

мүнөз, конфликт куруу, берилүүчү мазмун менен аны туюнтуу формаларын айкалыштыруу чеберчилиги жөнүндө ой жетишерлик берилген эмес. Изилдөөчү өз мезгили үчүн, ошол учурдагы коом үчүн эң маанилүү болгон идеялык-тематикалык маселелердин тегерегинде гана ой жүгүртөт.

§9. Касымаалы Жантөшөвдин чыгармачылыгынын изилдениши

К.Рахматуллин чыгармаларын иликтеген жазуучулардын бири - Касымалы Жантөшев. Ал кыргыз адабиятында өзүнүн прозалык жана драмалык чыгармалары менен белгилүү болгон. Ал өзүнүн чыгармачылык жолун көркөм адабиятта драма жазуудан баштаган. Алгач бир актылуу пьесаларын жазып, бара-бара чагармачылыгы такшалгандан кийин көп актылуу пьеса жазууга белсенип «Карачач», «Жоголсун байлар» (1929), «Алым менен Мария», «Дардаш», «Кичинекей баатыр», «Ушундай болду» пьесалары отузунчу жылдарда жазылган. Ал маданият, агартуу тармагында, адабиятта да талыкпай эмгектенип, изденгич көп кырдуу чыгармачыл инсан болгондуктан, бир топ чыгармаларын, эмгектерин калтырып кеткен. Пьесалары отузунчу жылдарда театрда көп коюлуп адабиятчылардын, театр көрүүчүлөрдүн, окурмандардын көңүлүн бурган.

Кыргыздын адабиятчы, сынчыларынан К.Рахматуллин К.Жантөшевдин чыгармаларын изилдеп, ал жөнүндөгү ой-пикирлерин коомчулукка жеткирүүдө белгилүү салымын кошуп келген. Ал айрыкча жазуучунун «Эки жаш», «Каныбек» романдарына көбүрөөк көңүлүн буруп, «Кыргыз адабиятынын келип чыгышы» деген эмгегинде ал чыгармалар жөнүндөгү талдоолорун, көз карашын чагылдырган.

К. Жантөшевдин «Эки жаш» аттуу чыгармасы 1938-жылы жарыкка чыгып, проза жанрындагы чыгармачылык өнөрүн сынап көргөн. Автор бул повестинде түштүк аймагында болуп өткөн турмуштук көрүнүштөрдү баяндайт. Анын башкы каарманы – Айнагүл. Кыргыз кызы Айнагүлдүн эркиндик, теңдик, эмгек үчүн күрөшкөн, өз мезгилинин активдүү, айлана-чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө, коомдогу болуп жаткан окуяларга кайдыгер

карабаган аял затынын иш-аракети, жаңы заманга болгон мамилеси көрүнүп турат.

Негизги маселе К.Жантөшевдин бул повести жарыкка чыккандан кийин замандаш, калемдештери сынчылар тарабынан кандай бааланган? К.Жантөшевдин проза жаратуудагы сүрөткердик потенциалы ачылганбы, К.Рахматуллиндин бул чыгарманы баалоодогу каармандын образын чечмелөөдөгү позициясы кандай болгон жана бүгүнкү күндүн окумуштуулардын изилдөөлөрүндө кандай көрсөтүлгөн, башка замандаштары тарабынан бул чыгармалардын саясий идеялык багыты кандайча аныкталган деген суроо пайда болот.

Алсак, К.Рахматуллин жогоруда аталган эмгегинде «Эки жаш» повестинин негизги мазмуну жана идеялык-тематикалык багытына, сүрөттөлгөн турмуштун таптык мүнөзүн аныктоого көбүрөөк маани берген. Чыгарманын көркөмдүк деңгээли, чыгарманын мазмунун формалык компоненттер аркылуу туюнтуудагы жеке адамдын тагдырын, образын сүрөттөөдөгү жазуучунун сүрөткердик даремети көмүскөдө калган.

К.Рахматуллин повесть жөнүндө мындай деп жазат: Бирок Жантөшев Айнагүлдү алыстан караганда, аркар сыны бар, турна моюн алма баш, деп жомоктогудай сүрөттөп, ак жибек көйнөк кызыл тукаба бешмант кийгизип, эски байбичелер түрүнө салып коет. Адегенде Айнагүл да күрөшүүдөн ыйлоо менен көбүрөөк убара. Анан «Эки жаштын» сюжетинде турмуштук окуялардан көрө басмачылардын «аңды качты» чуулары көбүрөөк орун алат. Айрыкча Айнагүлдүн атасы туруксуз образ болуп чыккан. Анын жаңы турмушка бет алганын автор анын кемчилигиндей кылып көрсөтөт [75, 244].

Автор чыгармадан каармандарды сүрөттөөдө, алардын мүнөзүн жекече тагдырын, позициясын ачып берүүдө колдонгон ыкмаларын, повесттин сюжетин чагылдырууда күтүүсүз окуяларды болтуруп, каармандарды турмуштун сыноолоруна туш кылган оор, чечүүчү жагдайларды түзөт. Каармандардын олку-солку, оош-кыйыш кырдаалдарга туш келиши да автор тарабынан алдын-ала ойлонуштурулгандыгы, жеке адамдын тагдырын

психологиялык жактан ишенимдүү кылдат сүрөттөө аркылуу коомдук көйгөйлөрдү, мезгилдин бурулуштарын ачып берүүгө аракеттенгендиги К.Рахматуллиндин көз жаздымында калган.

Бул повесттин идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүн окумуштуулардан Б.Керимжанова терең изилдеп, аны мындайча көрсөткөн: «ал ошондуктан, жазуучу сюжет курууда кандайдыр күтүүсүз, жок жерден чыга калган окуялардын ички байланышын изилдейт, кээде аны жасайт, конструкциялайт, бирок караманча кызыктуулукту көздөбөйт. Ошондой күтүүсүз жолугуштардын жана кагылыштардын негизинде каармандын адамдык бийик сапатын, маселесин кайраттуулугун, туруктуулугун, сыноо «элегинен» өткөрөт. Бир караганда Айнагүлдүн «адашып», «жаңылып» Нурмат жиберген жигиттердин колуна түшүп калышы жасалмалуудай сезилет. А чынында мезгилдин татаал турмуштук «атмосферасын» берүүдө, эскинин жана жаңынын бетме-бет кездешүүсүн, алардын ортосундагы келишпес курч социалдык кагылышты таасындап, даана сүрөттөөдө чукулунан, кескин бурулган сюжеттик кайра куруу көркөмдүк зарылдык сыяктуу» [37, 56-б.].

К.Жантөшевдин бул «Эки жаш» повести жөнүндө көрүнүктүү окумуштуулардын бири К.Артыкбаев мындай деп жазганы бар: «Бир караган адамга бул чыгармада жеке сүйүү мамилелери гана сүрөттөлүп жаткандай элес калышы мүмкүн. Чындыгында мында эки жаштын сүйүүсүнүн ошол учурдагы коомдун шартынан, тап күрөшүнүн кырдаалынан ажыратып алууга болбой турган терең байланышы чагылдырылган, б.а. чыгармада үй-бүлө куруу маселесинин коомдук өзгөрүү менен түздөн-түз карым-катнашта экендиги жакшы ачылган» [6, 309].

Жалпы жонунан жыйынтыктап айтканда, К.Жантөшевдин «Эки жаш» повестинде каармандардын социалдык топтук белгилери боюнча бир жактуу гана сүрөттөлүп, каармандардын иш-аракеттерине, жүрүм-турумуна адамдык сапаттары бир планда сыпатталып, ошондой эле фольклордук эстетиканын таасирине берилип кеткен учурлары да кездешет.

Ошентсе да 1930-жылдарда Б.Керимжанова белгилегендей «Көркөм ойлонуудагы, баяндоо, сүрөтөөдөгү өзүнчөлүк б.а. турмуштук кырдаалдарды жана байланыштарды өзүнчө берүүдөгү кесиптик өнөрү кадимкидей. Маселен, М.Элебаевдин прозасы, А.Токомбаевдин поэзиясы Ж.Турусбековдун драматургиясы – бул анчейин гана жанрдык жиктелүү эмес, бул көркөм чыгармачылыктагы индивидуалдуу башталманын ачык көрүнүшү».

Дал ушундай көркөмдүк окуялардын катарына К.Жантөшевдин «Эки жаш» повести да кирет. [6, 111].

К.Рахматуллиндин жогоруда келтирилген К.Жантөшев Айнагүлдү алыстан караганда «аркар сыны бар, турна моюн алма баш» деп жомоктогудай сүрөттөп (116-бет) көрсөткөн талдоолору менен К.Керимжанованын ойлорунун үндөшкөндүгү бекеринен эмес.

К.Рахматуллиндин бир-эки сүйлөм менен кыскача айткандыгы мындай пикирин Б.Керимжанованын повесть жөнүндөгү кеңири берилген төмөндөгүдөй ойлору ырастап турат: «Дал ушундай куюлушкан окуялуу сюжет, каармандарды сыноодон сынооого алуу, адамды жалпысынан бир маанилүү, бир өңчөй, бир пландуу сыпаттоо, уйкаш, жорго сөздөргө, бийик патетикалуу чечендикке негизделген стилдик курулмалар сыяктуу көркөмдүү касиеттер түздөн-түз жазуучунун импровизаторлук табиятынан чыгып жаткандай сезилет. [6, 117].

К.Жантөшевдин «Каныбек» романы кыргыз адабиятындагы белгилүү чыгармалардын бири. Эл арасына кеңири тарап, жазуучуга ийгилик алып келген. Романды автор 1930-жылдардын башында жазып баштаган да, 1950-жылдардын аяк ченинде акыркы эпизоддорун жазып бүткөн. К.Жантөшев ушул романы аркылуу коомчулукка кеңири таанылып мыкты прозаик катары сүрөткердин талантын көрсөтө алган. Андагы окуялар, турмуштук көрүнүштөр XIX кылымдын аягынан тартып, Октябрь революциясынын жеңиши аяктап калган мезгилге чейинки узак мөөнөттөгү мезгилди өз ичине камтыйт. Романдагы каармандардын жашоо тагдыры, иш-аракети менен

элдин социалдык-экономикалык турмушу да, саясий мааниге ээ болгон окуялар да, эркиндик үчүн күрөш, достук, сүйүү темасы, адат-салт, оор турмуш бири-бири менен эриш-аркак сүрөттөлөт. Негизги каармандар Каныбек, Анархан, Дарыяхан, Бегайым, Ажар, Самсахун, Жума, Түлкүбек, Зуннахун, Айдарбек, Супахан ж.б. тегерегинде болуп өтөт.

Баарынан маанилүүсү 1930-жылдарда жазылган бул роман жөнүндө сөз болгондо, ошол мезгилдин, коомчулуктун кандай сын-пикирлерге кабылган эле деген маселе келип чыгат. Анткени «Каныбек» романы жөнүндөгү талаш-тартыш, карама-каршылыкты жараткан ой-пикирлер бүгүнкү күнгө чейин айтылып келе жатат. Бул жөнүндө окумуштуу К.Асаналиев да мындай деп жазат: «Ушул кезге чейин бул чыгарма жөнүндө кыргыз адабий илиминде жана ар түрдүү сындык талаш-тартыштарда айтылган пикирлер көп учурда бири-бирине карама-каршы. Көбүнчө «Каныбек» романынын жанрдык белгисин аныктоодо жана акын кыргыз адабиятчылары жана сынчылары жалпы бир пикирге келе элек. Бул романдын жанрдык белгисин аныктоодо айрым бирөөлөр аны XIX кылымдын акыры XX кылымдын башындагы кыргыз элинин турмушун сүрөттөгөн тарыхый чыгарма катарында кароого аракеттенишет. Чыгармага берилген мындай мүнөздөмө реалдуу чындык менен шайкеш келишпейт. [6, 177].

Ал эми К.Жантөшевдин замандашы К.Рахматуллин «Каныбек» романындагы бул маселе жөнүндө минтип жазат: «Автордун эсеби боюнча биографиялык тарыхый роман болууга тийиш. Бирок «Каныбек» бул жанрды өзүнчө бир түрдө түзгөн. Ал роман болууга караганда, жомокко көбүрөөк жакын. Тагыраак айтсак, жомоктон романга өтүүчү форма. Мунун себеби – чыгарма социалдык-экономикалык шарттарды, турмушту, үрп-адатты бир топ көрсөтөт, бул жагынан автор өзү сүрөттөгөн доорду реалисттерге берет, бирок сюжет түзүү, башкы баатырларынын образы жана тили жагынан алсак, жомоктордон көп айырмасы жок». [21, 244].

Бул романдын кыргыз прозасынан алган ордуна баа берүүдө чыгарманын темасы, идеялык өзөгү жана мазмунду формалык компоненттер

менен айкалыштырып берүүдөгү жазуучунун сүрөткердик таланты каармандардын психологиясын ачып берүүдө колдонгон ыкмаларына таянуу тагыраак айтканда, көркөм чеберчилик маселеси менен тыгыз байланышта изилденгенде жана алар илимий-теориялык материалдар, фактылар менен далилденгенде гана алынган анализдердин реалдуулугу артат эле.

Бирок жогоруда К.Рахматуллиндин «Каныбек» романы боюнча айтылган жогорудагыдай ойду романды биринчи китеби жарык көргөндөн кийин биринчилерден болуп адабиятчы Т.Саманчин да рецензиясында катышкан каармандардын жүрүм-туруму, мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрдү мындай деп жазган: «Бул кылык-жоруктар, бул мүнөздөр жер үстүндөгү жашаган кадимки кишилердин мүнөзүнө окшобойт. Мындай мүнөздүү элестер реалисттик романда эмес, жомокто гана болот» [96]. Окумуштуулардын «Каныбек» романына берген мүнөздөмөлөрү сын-пикирлери бир жагынан алганда көркөм эстетиканын критерийлеринин чен-өлчөмү, нормаларына таянып караганда туурадай көрүнүп турганы менен жазуучу жашаган, чагылдырган доор, коомдук аң-сезим, тарыхый кырдаал, пролетардык адабияттын талаптарын, ошону менен бирге фольклордук чыгармалардын таасирин эске ала турган болсок, романга айтылган жогорудагы К.Рахматуллиндин, Т.Саманчиндин сын-пикирлеринин бир жактуулугун белгилөөгө болот.

Эгерде реалист жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандарды сүрөттөө принциптерин, чыгармаларынын көркөмдүк-идеялык мазмунун, образдарынын көркөмдүк функционалдык кызматын алып көрсөк, алардын ортосундагы өзгөчөлүктөр ачык байкалып турат. Ч.Айтматовдун чыгармаларында окуя реалдуу сүрөттөлүп, кеңири масштабдуу маселелер чагылдырылат да, трагедия менен аяктайт. «Отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн жомоктогудай каармандар жок. Себеби бул көрүнүш автордун айтайын деген оюнан, турмуштун татаал жагдайларынан сүрөткердик талантынан кабар берет.

Ал эми К.Жантөшевдүн чыгарма жаратуудагы мындай позициясы жаңыдан эркиндик, теңдикке, азаттыкка жетишкен элдин коомчулуктун психологиясы, турмуш тиричилигинин, көйгөйлөрүнөн жашоонун маданий-руханий зарылчылыгынан улам келип чыгып отурат. Б.Керимжанованын сөзү менен айтканда «Мындайча айтуу К.Жантөшевдин жазуучулук ыгына көлөкө түшүрүп, ал жараткан образдын эстетикалык баасын төмөндөтүүгө эч жатпайт, андан көрө автор, фольклордук ыгын канчалык терең сактап, канчалык анын байыркы нугун таза кармай алса, анын түзгөн образы ошончолук таасирдүү жана өзүнүн максаттуу чекитине жетип турат, ал эми эстетикалык нуктан чыгып, эпостук нукта жаралып калган көркөмдүк системага кайрадан кайрылып, таза психологиялык, социалдык жышаандарды кошо баштаганда каарман жасалмалуу тарта баштайт, деп айтсак татыктуу болот».

§10. Мукай Элебаевдин чыгармачылыгына карата окумуштуунун илимий ой-пикирлери

К.Рахматуллин кызгыз акын жазуучуларынын ичинен М.Элебаевдин чыгармаларына да токтолот. М.Элебаевдин 1930-жылдарда жаралган чыгармаларына карата «Кыргыз адабиятынын жаралышы» деген эмгегинде бир топ алгылыктуу пикирлерин жазып калтырган. Алгач акындын өмүр баянын кыскача баяндап, акындын ырлары 1924-жылдан баштап жарык көрүп, анын жазуучу да, драматург, котормочу катары көркөм чыгармачылыктын көп түрдүү жанрларынын үстүндө иштегендигин жазат. Анын поэзия жаатындагы чыгармачылыгын тематикалык жактан үч топко бөлүп көрсөтөт.

Баштапкы «Зарыгам», «Жүрөк жанат» деген ырларында акындын арман, муңу чагылдырылып, совет бийлигин кубаттап, алга илим-билимге умтулган тилеги көрүнөт деп жазат. Ошондой эле К.Рахматуллин бул ырларынан акындын айлана-чөйрөсүндөгү коомдук өзгөрүштөрдү терең аңдап түшүнө бербей, али өзүнүн мүдөөсүнүн чегинен өсүп чыга албагандыгын көрсөтөт.

Өткөн күндөр менен Жаңы заманга арналган ырлары бактылуу замандын келишине арналып, турмуштун жыргалчылыгын чагылдырып, коомдогу өзгөрүүлөр жакшы турмушка багыт катары көрсөтүлгөн деп К.Рахматуллин чечмелейт.

1927-ж. «Байларды», 1931-ж. «Бай», «Күрөш бүтпөйт» деген ырларында акындын жекече ой-сезиминде мурунку заманга, эзүүчү бай-манаптарга каршы өч алуу мүдөөсү өсүп жетилип, түпкү максаттардын пайда болгондугун белгилейт. Демек, К.Рахматуллин, М.Элебаевдин ырларындагы сапаттык өзгөрүүлөрдү, жылыштарды туура баамдаган.

М.Элебаевдин табигайттын сулуулугун чагылдырган ырларынан «Таң атарда», «Жыргал кеч», «Жерим» деген ырларына токтолуп, кыргыз жеринин сулуулугу «сулуу гүлдөрдүн жүгүнүшү» «бактардын термелиши», «булактардын акырын шалдырап» агышы автор тарабынан жандандырылып жеткиликтүү сүрөттөлгөндүгүн белгилеген. Акындын жан дүйнөсүнөн жаралган поэтикалык саптардын тилдик каражаттар ыр уйкаштыгы, көркөм ойду туюндуруу ыкмалары ачык айкын, кеңири чечмеленбесе да, «Эмгекчилер», «Анжыян» өңдүү мазмуну супсак, көркөмдүк деңгээли төмөн жазылган ырларынан айырмалап көрсөткөн.

К.Рахматуллин М.Элебаевдин «Узак жол» романын да талдап көрсөткөн. Романды жанрдык жактан автобиографиялык чыгарма, «баарынан мурда очерк» деп жазат. Чыгарманын 1916-жылдагы окуяларга арналгандыгын көрсөтөт жана көтөрүлүштөн мурунку, кийинки учурларды, кыскача мазмуну жөнүндө сөз болот. Окуя биринчи жактан баяндалып, башкы каарман автордун өзү Мукайды айтып берүүсү аркылуу сүрөттөлгөндүгүн жазат. Ушул жетим Мукайдын оор турмушуна байланышкан окуялар, көргөн азап-тозоктору чыгарманын башкы мазмуну экендигин баяндайт.

К.Рахматуллиндин иликтөөлөрүндө чыгарманын сюжети, композициясы, Мукайдын автобиографиялык чыгарма жаратуудагы көркөм чеберчилиги, көркөм деталдар жөнүндө сөз болгон эмес. Болгону романдагы

кыргыз айылынын турмушун сүрөттөөгө, чарба өндүрүш мамилелерин, жергиликтүү эзүүчү бийликтин түрүн ачууга ылайыктуу жазылган көрүнүштөрдүн бири «Байболоттун каты» менен берилгендигин көрсөтөт.

Анткени К.Рахматуллиндин М.Элебаевдин бул чыгармасы жөнүндө терең иликтөө жүргүзбөй туруп, ага карата пикир айтууда аша чапкан мындай учурларын кездештирүүгө болот: «Бирок чыгарма 1916-жылдагы көтөрүлүштүн сүрөттөлүшүн жакшы бере алган эмес. Сөз тизиминин оор болушу, майда-чүйдө учурларды өтө тактап, жазышы аркасында, кооздук жагы бир топ аксайт»[21,224].

Башка окумуштуулар тарабынан «Узак жол» 1930-жылдарда гана эмес бүгүнкү күндө кыргыз адабиятындагы мыкты жазылган чыгарма катары кыргыз адабиятчылары, сынчылары тарабынан белгиленип келе жатат.

Анткени «Узак жол» романын жазуу менен М.Элебаев кыргыз адабиятын мазмундук жана формалык жактан байытып көркөм эстетиканын мыйзам ченемдерине шайкеш келген реалдуу турмуштун сүрөттөлүшүн чебер тарткан сүрөткер катары бүгүнкү күндө да таанылды.

Роман жарыкка чыкканда өзүнүн татыктуу баасын алган эмес. Анда башка чыгармалардагыдай сюжетинде драмалуу курч карама-каршылыктар келишпестиктер, кагылыштар байкалбайт. Мындай кагылыш, карама-каршылыктар, бир каармандын жан-дүйнөсүндө, ой-сезими аркылуу анын жашоо-турмушундагы трагедиялуу көрүнүштөр аркылуу берилет. Каармандардын образын түзүүдө, психологиясын чагылдырууда композиянын элементтерин чебер колдонот.

К.Рахматуллиндин жогорудагы берген мүнөздөмөлөрүн бир жактуу айтылган пикир катары белгилөөгө болот. Себеби көркөм чыгармада эмне жөнүндө айтылганы маанилүү эмес, аны кантип айтканы, кандайча сүрөттөгөнү маанилүү болуп саналат.

Тыянак

К.Рахматуллиндин адабий изденүү сын-пикирлериндеги мүчүлүштүктөр, өксүктүк жактары бүгүнкү күндүн бийиктигинин, бүгүнкү күндүн окумуштууларынын деңгээлинен туруп баа берүү менен анын эмгектеринин беделин түшүрүүгө болбойт. К.Рахматуллиндин кыргыз прозаиктери, акын- жазуучуларынын чыгармаларына карата айткан сын-пикирлери өз мезгилинин деңгээлинен туруп баалаганыбызда өтө маанилүү жана конкреттүү эмгек болуп саналат. К.Рахматуллиндин адабият иликтөөлөрүндөгү кездешкен жетишпегендиктери, айрым чектелгендиктин себебин бир нече түрдүү деп айтууга негиз бар. Биринчиден, кыргыз акын жазуучулары да, сынчылар, адабиятчылары ал мезгилде көркөм эстетикалык ойлоонун сырларын, жол-жоболорун терең өздөштүрө элек болчу. Адабиятчы, сынчылар жазуучулардын көркөм чыгармадагы каармандардын индивидуалдуу мүнөзүн түзүүдөгү чеберчилигин, мазмун менен формалык компоненттерди айкалыштыруу чеберчилигин терең ачуу жагынан тажрыйбасы жетишсиз, адабий даярдыгы да чектелүү болгон.

Экинчи жагынан алганда, тоталитардык системанын коркунучтуу иш-аракеттери жазуучулардын чыгармачылыгы жөнүндө эркин, масштабдуу ой жүгүртүп, чыгармалардын маани-мазмуну, коюлган проблемалары тууралуу кең-кесири пикир айтуудан чочулаткан. Этиятсыздык менен мамиле жасап, акын-жазуучулардын чыгармалары жөнүндө социалисттик идеологиялык көз караштарына карама-каршы келген тайкы пикирлерди айтуу менен же алардын оюн кубаттоо менен чыгармачыл инсандарды өмүрлөрүнө доо кетирип алгыдай мезгил болгон. Ал кездерде көркөм чыгарманы жалаң саясий критерийлер менен караган көнүмүш өкүм сүргөн. Мындай оору менен учурунда Калим Рахматуллин да ооруган. Мезгил менен шартталган К.Рахматуллиндин мындай кемчилигин белгилүү адабиячы, сынчы Кадыркул Даутов өзүнүн «Элдик сынчыл ойлордон - эстетикага» деген эмгегинде белгилеп өткөн. Адабиятчы К.Рахматуллиндин 1927-жылы «Эркин-Тоо» газетасына жарыяланган «Сынчыларга жооп» аттуу макаласын талдап келип

төмөндөгүчө жазат: «Сынчыда маселени саясий жагына басым коюу күчтүү. Сынчыларга жооп жазган өзүнүн көркөм сөзгө болгон туюм-сезими азырынча таптакыр жансыз, музыкалуу, боёктуу, ширелүү сөздөр кайсы болот да, жөн эле тизмеге тартып койгон өлүк сөздөр кайсы болот, көркөм адабият деген эмне да, анын түп милдети кайсы болот дегенден таптакыр кабарсыз экендигин ашкере көрсөтүп таштады» [25, 142]. К.Рахматуллиндин адабияттагы алгачкы сын макаласы ушундай кемчиликтер менен аксаган. Көркөм чыгарманы саясий критерийлер менен баалоо 1920-30-жылдарда бардык эле сынчыларды коштоп жүргөн.

Ошондуктан К.Рахматуллиндин чыгармачылык адабий изденүүлөрү жөнүндө сөз кылганыбызда ал жашаган мезгилдеги коомдук-саясий, социалдык адабий-маданий факторлорду эске алганыбыз оң.

Бул жөнүндө С.Жигитовдун мындай деп айтканы бар: «Дагы бир эскертип айтчу нерсе, адабиятыбыздын тарыхына байланыштуу жазылган илимий иштерде адабий процесстин тиги же бул этабынын конкреттүү тарыхый-маданий фону көп учурда берилбей калат, берилсе да өтө жондото учкай берилет. А чынында адабий өнүгүштүн ар бир мезгили өз убагындагы социалдык-саясий жана маданий контексттен айрылбай каралышы өтө зарыл шарт» [29, 132].

Демек, К.Рахматуллиндин адабий иликтөөлөрүнүн көп, бирок айрым чыгармалар жөнүндө өтө кыска пикирлердин берилгендигинин себеби да ошол коомдогу акын-жазуучулардын чыгармачылыгындагы негизги багыттарды, мезгил талабына шайкеш жактарын, партиянын талабына үндөштүгүн тезирээк ачып берүүгө аракеттенгендиги да анын чөйрөсүндөгү муктаждыктардан улам болгон деп айтууга да негиз бар. Анткени окумуштуу К.Байжигитов белгилегендей «Арийне өнүгүүнүн кайсы гана тепкичинде өмүр сүрүп жаткан коомдук идеология, илимий-социалдык жана нравалык көз караштардын сапаттары болбосун, ал жаңы доордун таламдарына жана кызыкчылыктарына ылайык жаңыланышы керек эле» [97, 106]. Демек, К.Рахматуллин көркөм чыгармалардын идеялык-тематикалык, поэтикалык

жактан баалуулуктарын ачып берүү, коомчулукка кеңири жайылтуу, пропагандалоо үчүн кылган эмгеги өз мезгилинде баа жеткис болгон жана бүгүнкү күн үчүн да актуалдуу. Анткени өзүнөн кийинки жүргүзүлгөн илимий иликтөөлөргө көркөм ой жүгүртүүнүн булагы жана таянычы катары кызмат өтөп, адабий процесстин өнүгүүсүнө, жанданышына, анын оош-кыйыш жактарынан туура жолго багыт алышына кызмат кылган.

Жалпы корутунду

Калим Рахматуллиндин Манастаануучулук жана адабиятчылык ишмердигине илимий талдоо жүргүзүү аркылуу төмөндөгүдөй корутундуга келдик:

1.Калим Рахматуллиндин 20-кылымдын башында Чүй өрөөнүндө өзүнчө бир маданий, экономикалык -соода борбору катары болгон көп улуттуу Токмоктун шаар чөйрөсүндө бала кезинен өсүшү, татар, орус тилин билиши, Орто Азия коммунисттик университетинде (САКУ) окушу, граждандык согуштун фронтторунда болушу, партиялык кызматтарда иштеши, Бишкектеги басма сөз,маданият, илимий тармактардын кайнаган чордонунда жашап эмгектениши, анын илим-билим, теориялык, маданий – интеллектуалдык, адабий-эстетикалык, саясий-идеологиялык жактан эрте жетилишине жана көркөмдүк –маданий, илимий турмуштун авангардында болушуна негизги себептерден болгон.

2.Өзүнүн улуту татар болсо да, “Манасты” чын жүрөгүнөн берилип изилдеши, кыргыз адабиятын изилдөөгө бүт күч – кубатын арнашы К.Рахматуллиндин кыргыз элин, анын маданиятын жан дили менен сүйгөн чыныгы интернационалист окумуштуу экендигин далилдейт.

3. К.Рахматуллин «Манасчылар» китеби Келдибек, Балык, Чоюке, Тыныбек, Сагымбай, Тоголок Молдо, Жаңыбай Кожеков, Шапак Рысмендеев ж.б. залкар манасчылардын өмүр-таржымалы, баскан жолу жөнүндө кайталангыс, уникалдуу материалдарды камтып тургандыгы менен айырмаланат жана манасчылардын өмүр-таржымалын үйрөнүүдө өзүнчө бир булак катары кызмат кыла алат: Эмгектин баалуулугу манасчылардын кээ биринин өз оозунан же манасчылар менен аралашып жашаган, көргөн, билген, бирге жүргөн инсандардан жазылып алынган маалыматтарга негизделип тургандыгында жана Рахматуллиндин мазмундуу, логикалуу ой жүгүртүүлөрү, чечмелөөлөрү, бүтүмдөрү менен коштолгондугунда. Манасчылардын биографиясын жазып жатып, К.Рахматуллин алардын манасчы катары калыптануу, түш көрүү маселелерин да козгоп жүрүп отурат.

Калим Рахматуллинди манасчылардын алгачкы биографтарынын бири катары манастаануу илиминде өз орду кайталангыс. Анын манасчылар жөнүндөгү биографиялык материалдары бүгүнкү күндүн изидөөчүлөрү үчүн өзүнчө бир илимий булак боло алат.

4.Тарыхый контекстен караганда Калим Рахматуллиндин 1942-жылы жарык көргөн «Улуу патриот, укмуштуу Манас» китеби согуш мезгилинин ата-бабалардын баатырдык өрнөктөрүнүн мисалында калайык-калкты патриоттук духта тарбиялоо идеологиясынын атмосферасында жаралган. Мезгилдин социалдык заказына жооп издеген Манас изилдөөчү К.Рахматуллин «Манас» эпосунан улуу рухий энергияны жана патриоттук тарбиянын түгөнгүс жана күчтүү потенциалын көргөн.

5.Ал «Манас» жөнүндө жазып жатып, өзүн учурдун талабына ылайыкташкан конъюнктурщик катары эмес, кыргыздын рух салтын жана тарыхын терең түшүнгөн Ала-Тоонун чыныгы патриоту, нагыз интернационалист, «Манас» эпосу боюнча терең компетенттүү адис, тарыхый-маданий кругозору кең, ой жүгүртүү масштабы кенен окумуштуу катары көрсөткөн.

6.Ал Чолпонбай Түлөбердиевдин жана Дүйшөнкул Шопоков сыяктуу фронтто эрдик көрсөткөн кыргыз уулдарынын каармандыгынан советтик патриотизмди гана эмес, улуу Манас ата баштаган илгерки ата-бабалардын баатырдык, мекенчилдик рухунун уланышын, патриоттук өтмө катыштыктын жандуу диалектикасын көрө билген.

7. Окумуштуу китебинде «Манасты» элдик тарыхтын негизинде жаралган көркөм феномен катары даңазалап, эпостун сюжетинин түркүн дооорлордун окуяларын ичине сиңирген көп катмардуулугун, көп сюжеттүүлүгүн биринчилерден болуп белгилеп, «Манастын» замандардын тарыхый панорамасын камтыган теңдешсиз улуу эпопея экендигин көрсөткөн.

8. 1952-жылы «Манас» эпосуна арналган бүткүл союздук конференцияда Манас баатырды баскынчы катары мүнөздөгөн жана анын

жүргүзгөн казаттарын талоончул, басып алуучу согуш катары жарыялаган окумуштуу А.Боровковдон айырмаланып, К.Рахматуллин 1942-жылы эле Манастын казаттарынын кулчулуктан, эзүүдөн элди куткаруучу бөштондук миссиясын, баскынчыларга каршы кыргыз калкынын эркиндиги үчүн жүргүзүлгөн патриоттук-гуманисттик маңызын ачып салган.

9. Туңгуч Манастаануучу окумуштуу Н.Бернштамдын изилдөөлөрүнө негизденип, эпостогу «Чоң Казаттын» тарыхый өзөгүн 840-жылы кыргыздардын уйгур каганатынын үстүнөн болгон жеңиши түзүшү мүмкүн деген типотезасын тартуулаган.

10. К.Рахматуллиндин талдоого алынган китебинин жаңылыгы – 40-жылдардын башында «Манастын» эл оозунан жазылып алынган кол жазмалары өзүнчө том, том түрүндө китеп болуп чыга элек кезде, эпостун башкы каарманы Манастын жана анын чоролору Кошойдун, Бакайдын, Алмамбеттин, Чубактын, Сыргактын жана Каныкейдин образдарын биринчи жолу кыйла кеңири талдоого алып, ал образдардын адеп-ахлактык жана патриоттук философиясын калың калайык-калкка популяризациялап жеткиргендигинде.

11. «Улуу патриот, укмуштуу Манастын» дагы бир орчундуу тарыхый маанисси «Манас» эпосунун руханий нарк-дөөлөтттөрүн насыяттаган, жайылткан биринчи пионер китеп экендигинде жана тарыхый-функционалдык жагынан караганда, эл үчүн патриоттук тарбия кызматын аткаргандыгында

12. «Манас менен Алманбет» драмасынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүнүн ачылгандыгында.

13. Кээде карманган көз карашында, позициясында бир жактуулук болсо да, 20-30-жылдардагы профессионал кыргыз адабиятын, анын көрүнүктүү өкүлдөрү болгон Аалы Токомбаевдин, Касымалы Баялиновдун, Молдогазы Токобаевдин, Касымалы Жантөшевдин, Түгөлбай Сыдыкбековдун, Кубанычбек Маликовдун, Мукай Элебеавдин, Жоомарт Бөкөнбаевдин, Жусуп Турусбековдун чыгармачылыгына, алардын ыр,

аңгеме, роман, повестеринин жанрдык, тематикалык, көркөмдүк-идеялык өзгөчөлүктөрүнө, ийгилик-кемчиликтерине негизинен объективдүү баа берген;

14. Чыгармаларга баа берүүдө идеялык критерийлер менен көркөмдүк критерийлерди чогуу колдонууга, идеологиялык категориялар менен бирге эстетикалык категориялар менен талдоо жүргүзүүгө умтулган;

15. Акын-жазуучулардын өмүр баянын, чыгармаларынын сюжеттик-тематикалык өзгөчөлүктөрүн социалдык-тарыхый шарттардын жана мезгилдин саясий-идеологиялык талаптарынын контекстинен карап түшүндүрөт;

16. Кыргыз профессионал адабиятынын өнүгүшүнүн негизги үч булагы – «Манас» баштаган улуттук фольклор, акындар поэзиясы жана орус адабиятынын тарыхый-адабий тажрыйбасы, ошондой эле, Октябрь революциясынын түзгөн социалдык шарттары болгондугун ачып көрсөткөн. К.Жантөшевдин «Каныбек» романынын «жомоктук» стилин окумуштуу ошол кезде эле туура аныктаган;

17. Калим Рахматуллин кээде чыгармаларды талдоодо көркөм-түзүмдөрдүн идеялык-тематикалык, идеологиялык аспектилери менен чектелип, көркөм форма маселесин көлөкөдө калтырган учурлары бар;

18. Адабий-эстетикалык көз караштары жагынан көркөмдүк чен-өлчөмдөр менен катар эле ал өз доорунун уулу катары лениндик пролетардык, таптык-идеологиялык критерийлер менен куралданган;

19. Калим Рахматуллинди 20-кылымдын 30-40 жылдарында Кыргыз адабият таануусунун жана Манас таануусунун негиздөөчүлөрүнүн бири катары таанылууга тийиш.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Абдылдаев, Э. Кыргыз фольклорунун тарыхынан [Текст] / Э.Абдылдаев. –Ф .,1983. – 400б.

2. Абдырахманов, И. “Манас” тууралуу билгендерим [Текст] / И.Абдрахманов. – Б.: КРУИАнын кол жазма фонду. – 2017.

3. Абрамзон, С.М. Народные предание как источник для изучения этнической истории киргизов центрального Тянь-Шаня // Этническая история народов Азии. - Акад. наук СССР, Ин-т этнографии им. Н. Н. Миклухо-Маклая; [отв. ред.: С. М. Абрамзон, Р. Ф. Итс]. – М.: Наука, Гл. ред. вост. лит., 1972. – 293 с.

4. Артыкбаев, К. Аалы Токомбаевдин поэзиясынын кээ бир өзгөчөлүктөрү тууралуу [Текст] / К.Артыкбаев // Ала-Тоо. -1960. - №9. – Б.106-119.

5. Артыкбаев, К. Адабий сынды өнүктүрүүнүн кээ бир практикалык маселелери [Текст] / К.Артыкбаев // Советтик Кыргызстан. – 1964. - 19 –янв.

6. Артыкбаев, К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы [Текст] / К.Артыкбаев. – Ф.: Мектеп, 1982. – 528 б.

7. Артыкбаев, К. Сын сапары [Текст] / К.Артыкбаев. – Ф.: Кыргызстан, 1970. – 256 б.

8. Артыкбаев, К. Чыгармалар жана ойлор [Текст] / К.Артыкбаев. – Ф.: Кыргызстан, 1974. – 246 б.

9. Асаналиев, К. А.Токомбаевдин прозасындагы стилдик айрым өзгөчөлүктөргө карата. [Текст] / К.Асаналиев. – Б.: Кыргыз ССР ИАсынын Тил жана адабият инст-нун эмгектери. 7-чыг. – 1956. – Б.103-115.

10. Ауэзов, М. Киргизская народная героическая поэма “Манас” [Текст] / М.Ауэзов // в кн.: Киргизсий героический эпос “Манас”. - М.: Изд-во АН СССР,1961. – С. 196-200.

11. Ауэзов, М.О. Сказители эпоса [Текст] / М.О.Ауэзов // в его кн. Мысли разных лет. – 1959. – 482 с.

12. Байгазиев, С. Мектепте жазуучунун чыгармачылык индивидуалдуулугун мектепте үйрөнүү [Текст]: Мукай жана Жусуп / С.Байгазиев. – Б.,1989.

13. Байгазиев, С.О. Патриархалдык коллективизмден инсандык автаномияга карай [Текст] / С.О.Байгазиев. – Б.: И.Арабаев атындагы КМПУнун басма борбору, 199. – 15 б.

14. Байгазиев, С.О. Манастаануу [Текст] / С.О.Байгазиев. – Б.: Эл аралык "Мээрим" фондусу, 2000. - 261 б.

15. Байжигитов, К. Кыргыз сынынын тарыхы [Текст] / К.Байжигитов. – Б.: Гүлчынар, 2010. – 208 б.

16. Байжиев, М. Кыргыз адабияты [Текст] / М.Байжиев, Т.Бектенов. – Ф.: Кыргызмамбас, 1948. – 37 б.

17. Бакчиев, Т. «Манас» эпосу жана кыргыз элинин дүйнө таанымы [Текст] / Т.Бакчиев. – Б.: Триада Принт басмасы, 2015. – 99 б.

18. Бектенов, З. Кыргыз элинин фольклорун жыйнагандар жана аларды илимий жактан басмага даярдагандар жөнүндө маалымат [Текст]: Кол жазма / З.Бектенов. – 1983. – 28-апр. -Автордун өздүк архивинен.

19. Белинский, В.Г. Речь о критике: Поуч. текст [Текст] / В.Г.Белинский // Собр.соч.: В 9-ти т-х. – М., 1979. – Т.5. – С.63-124.

20. Бернштам, А.Н. Эпос Манас великое наследие киргизского народа [Текст] / А.Н.Бернштам. – М.: Наука, 1945.

21. Богданова, М. Жакишев У, Саманчин Т, Рахматуллин К., Кыргыз адабиятынын очерктери [Текст] / К. Рахматуллин, М.Богданова, У.Жакишев, и др. - Ф.,1943. – Б.178-278.

22. Богданова, М.И. Об эпосе народов советского Востока [Текст] / М.И.Богданова // ХХУ Международный конгресс востоковедов: Доклады делегации СССР. – М.: Наука, I960. - 20 с.

23. Валиханов .Ч. Избранные произведения.Алма-Ата,1958.258-бет.

24. Валиханов, Ч.Ч. Очерки Джунгиарии [Текст] / Ч.Ч.Валиханов // в кн.: Манас- героический эпос киргизского народа.- Ф., “Илим”1968. – 214 с.

25. Даутов К. Элдик сынчыл ойдун тун башаты [Текст] / К.Даутов // Кыргызстан маданияты. – 1981. - 26-авг.

26. Даутов, К. Көркөм сыныбызды изилдөө жагдайында: Методологиялык жана методикалык ойлор [Текст] / К.Даутов // Кыргызстан маданияты. – 1981. - 29-окт.

27. Жигитов, С. Адабий сындын кээ бир маселелери [Текст] / С.Жигитов // Советтик Кыргызстан. – 1972. - 20-апр.

28. Жигитов, С. Көркөм сөз маселелери [Текст] / С.Жигитов. – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 256 б.

29. Жигитов, С. Көркөм сөз маселери [Текст] / С.Жигитов. – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 256 б.

30. Жирмунский, В.М. Введение в изучение “Манаса” [Текст] / В.СМ.Жирмунский. – Ф., 1948. – 32 б.

31. Жирмунский, В.М. Введение в изучение эпоса “Манас” [Текст] / В.М.Жирмунский // в кн.: Киргизский героический эпос “Манас”. – М.: Изд-во АН СССР, 1961. – С.85-196.

32. Иманалиев, К. Саякбай [Текст] / К.Иманалиев. – Б.: Бийиктик, 2010. - 265 б.

К.Рахматуллин // Советтик Кыргызстан.– 1944. №12.

33. Калинин, М.И. Избранные статьи [Текст] / М.И.Калинин. – М.: Изд-во Политической литературы, 1955. – 106с.

34. Касым Тыныстан уулу жана анын “Академиялык кечелери”.-Б.,1998

35. Керимжанова, Б. Кыргыз адабияты өркүндөп өсүүдө [Текст] / Б.Керимжанова // Советтик Кыргызстан. – 1957. - 19-окт.

36. Керимжанова, Б. Ж.Бөкөнбаев - көрүнүктүү драматург [Текст] / Б.Керимжанова // Ала-Тоо. – 1960. - № 3. – Б.120-122.

37. Керимжанова, Б. Жоомарттын согуш мезгилиндеги поэзиясы жөнүндө. [Текст] / Б.Керимжанова // Советтик Кыргызстан. – 1949. - № 7. – Б.53-60.

38. Керимжанова, Б. Жоомарттын чыгармачылыгындагы аялдардын образдары [Текст] / Б.Керимжанова // Советтик Кыргызстан. – 1950. - № 7. – Б.48-59.

39. Керимжанова, Б. Киргизская литература за 30 лет [Текст] / Б.Керимжанова // Советская Киргизия. – 1954. - 15-дек.

40. Кол жазмалар фондусу. Инв. №1014,84-бет.

41. Кол жазмалар фондусу. Инв. №313. 10-11-беттер.

42. Кол жазмалар фондусу. Инв.№1057.

43. Кол жазмалар фондусу. Инв.№275.

44. Кол жазмалар фондусу.Инв.№222

45. Кол жазмалар фондусу.Инв.№580.

46. Кыдырбаева, Р.З. Эпос “Манас” Генезис. Поэтика. Сказительство [Текст]/ Р.З.Кыдырбаева. - Б.: Илим, 1996. – 408 с.

47. Кыдырбаева, Р.З. Кыргыздардын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр [Текст] / Р.З.Кыдырбаева. - Б.: Бийиктик, 2009. – 106 б.

48. Кыдырбаева, Р.З. Мезгилдер, муундар жана манасчы [Текст] /Р.З.Кыдырбаева. - Б., 2004. – 112 б.

49. Кыргыз адабият таануу илими жана сыны [Текст] / К.Байжигитов. – Б.: Шам басмасы, 2004. – 407 б.

50. Кыргыз адабияты жөнүндөгү макалалар жыйнагы [Текст] / түз. Б.Керимжанова. – Ф.: Кыргызмамбас, 1951. – 208 б.

51. Кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст]: Т.IX / ред. А.Акматалиев. – Б., 2012.

52. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы: 1-том. – Б.: Илим, 1987. – 716 б.

53. *Кыргыз энциклопедиясы* [Текст] / 2012. – Т.1. – 720 *б*.

54. Лурия, А.Р. Об историческом развитии познавательных процессов [Текст] / А.Р.Лурия. –Л.: Наука, 1974. – С.150-151.

55. Мамыров, М. Адабиятчынын армандуу өмүрү [Текст] / М.Мамыров // КыргызТуусу. – 1995. - 7-нояб. - 3-б.

56. Манас Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча [Текст] / Кыргыз ССР И.А. тил жана адаб. ин-ту. – Ф.: Кыргызстан, 1981. - 346 б.

57. Манас Саякбай Каралаевдин варианты боюнча [Текст] / Ред. И. Т. Айтматов, худ. Т Курманов, сост. Р. З. Кыдырбаева, А. Жайнакова. – Б., 1984. – 248 с.

58. "Манас". Киргизский героический эпос [Текст]: книгаI. / сост.Б.М.Юнусалиев, С.Мусаев, К.Кырбашев. – М., 1984. – 544 б.

59. “Манас”-героический эпос киргизского народа [Текст] / сост. С. Мусаев. – Ф., 1968. – 544 с.

60. Маргулан, А. Чокон жана Манас [Текст] / А.Маргулан. - Алма-Ата, 1971.

61. Мусаев, С. “Манас” жөнүндөгү илим 60 жылда [Текст] / С.Мусаев // Советтик Кыргызстан. – 1977. - 4-июнь.

62. «Манас» энциклопедиясы [Текст] / Башкы ред. А.Карыпкулов. – *Б.*: Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, *1995*. – Т.*1-2*.

63. “Правда” газетасы, 5-июль., 1941-жыл.

64. Радлов, В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племен: в кн. Энциклопедический феномен эпоса “Манас" [Текст] / В.В.Радлов. – СПб., 1885.

65. Радлов, В.В. Предисловие [Текст] / В.В.Радлов, в кн.:”Манас”-героический эпос киргизского народа. – Ф., 1968. – С.26.

66. Рахматуллин, К .”Манас “ (1100-жылдык мүчөлүгүнө карата) [Текст] / К. Рахматуллин // Коммунист журналы. – 1946. - №1 янв. – Б.42-49.

67. Рахматуллин, К. А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романы жөнүндө [Текст] / К.Рахматуллин // Советтик Кыргызстан. – 1940. - №2.

68. Рахматуллин, К. Творчество манасчи [Текст] / К. Рахматуллин // китепте: “Манас” героический эпос киргизского народа. – Ф.: Илим, 1968. – 90 б.

69. Рахматуллин, К. “Кандуу жылдар” [Текст] / К.Рахматуллин // Кызыл Кыргызстан. – 1936. - 29-мая.

70. Рахматуллин, К. “Манас менен Алманбет” драмасы [Текст] /

71. Рахматуллин, К. Жоомарттын чыгармачылык жолу [Текст] / К. Рахматуллин // Советтик Кыргызстан. - №8. – Б.8-16.

72. Рахматуллин, К. Киргизская литература и литературоведение за 20 лет. [Текст] / К.Рахматуллин // кн. Наука в Киргизии за 20 лет. – Ф., 1946. – С. 195-207.

73. Рахматуллин, К. Киргизская литература. [Текст] / К.Рахматуллин, О.Джакишев // Советская Киргизия. - 1936. - 5-мая.

74. Рахматуллин, К. Кыргыз совет адабияты жыйырма жылда [Текст] / К.Рахматуллин // Советтик Кыргызстан. – 1945. - №4;5.

75. Рахматуллин, К. Кыргыз совет адабиятынын чыгышы [Текст] / К.Рахматуллин // Советтик адабият жана искусство. – 1941. - №3. – Б.1-5.

76. Рахматуллин, К. Манас - улуу патриот [Текст] / К. Рахматуллин // Советтик Кыргызстан. – 1942. - №3. – Б.23-32.

77. Рахматуллин, К. Манас. [Текст] / К. Рахматуллин // Мат. и исслед. - КРУИАнын фонду. – инв. №1289. – 225 с.

78. Рахматуллин, К. Манасчылар [Текст]/ К. Рахматуллин. – Ф., Кыргызмамбас, 1942. – 37 б.

79. Рахматуллин, К. Улуу патриот, укмуштуу Манас [Текст] / К. Рахматуллин. – Ф.: Кыргызмамбас, 1942. – 124 б.

80. Саманчин, Т. Токтогул [Текст] / Т.Саманчин // Советтик Кыргызстан. - 1939. - № 4.

81. Токомбаев, А. Кыргыз адабияты Ата Мекендик согуш күндөрүндө. [Текст] / А.Токомбаев // Советтик Кыргызстан. – 1944. - №5. – Б.35-48.

82. Токомбаев, А. Рахматуллин-алгачкылардан [Текст] / А.Токомбаев // Ала-Тоо. – 1984. - №2.

83. Элебаев, М. “Кең – Суунун” экинчи китеби тууралуу [Текст] / М.Элебаев // Кызыл-Кыргызстан, 1938. - 4-дек.

84. Юнусалиев, Б. Кириш сөз китепте: Манас 1 –том [Текст] / Б.Юнусалиев. –Ф., 1958. – 468 б.

85. Рахматуллин К. // Сов Кыргызстан, 1944, №12

86. Догдуров М. Т.Сыдыкбековдун китеби жөнүндө // Кызыл Кыргызстан, 1938, 12-январь,

87. Кыргыз руху - «Манас» // «Ала-Тоо» журналы, - Бишкек, 1995, 37-бет.

88. «Манас» изилдөөлөр жана материалдар. – Фрунзе, КИРФАН, 1946-жыл, 152-бет).

89. Кармыштегин Макелек Өмүрбай уулу. Манастагы Беш Бээжин. – «Улутман» газетасы, 16-декабрь, 2013-ж.

90. Мусаев С. Тандалган илимий эмгектеринин эки томдугу. 2-том. – Бишкек, 2014, 586-б.)

91. Салиев А. Алп жомокчулардын өнөрү, Ала-Тоо, 2016, №5).

92. Түгөлбай Сыдыкбеков. ЖОЛ. Автобиографиялык роман.- Фрунзе.- «Мектеп», 1982.- 418-419 –б.б.).

93. К.Рахматуллин. Праздник национальной культуры. – Советская Киргизия, 30-август, 1944-жыл.

94. Сулайманкулова М., Улуу «Манас» эпосу – кыргыз элинин эпикалык драмасы жана театры. - Бишкек, «Транс Принт» басмасы. 2017.- 72-74-бб.).

95. Борев Ю. Эстетика……

96. Т.Саманчин «Каныбек» жөнүндө // Кызыл Кыргызстан. 1939-жыл, 24-26-февраль.

97. Байжигитов К. Башталуу. – Бишкек, 2007. 106-бет).